# ишеним

НЕГИЗГИ ДИНИЙ МААЛЫМАТТАР

ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ

НЕГИЗГИ ДИНИЙ МААЛЫМАТТАР

ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ

# ишеним

Редактор:
Проф. Док.Мехмет Эмин Өзафшар – Проф. Док. Режаи Доган

**Басылма Боюнча Жооптуу**
профессор, доктор Хурийе Марты

**Басып чыгарууга даярдаган:**
Доктор Фатих Курт

**Координатор:**
Йылдырай Каплан

**Проект:**
ДИБ. Диний Билим Берүү Бөлүм Башкармалыгы

**Авторлор:**
6- 7- 9- Бөлүмдөр: Проф. Док. Эрдоган Пазарбашы
1- 4- 8- Бөлүмдөр: Доц. Док. Али Кушат
2- 3- 5- Бөлүмдөр: Доц. Док. Сүлейман Акйүрек

**Которгон:**
Таштанов Жылдызбек

**Дизайн жана Ишке ашырган:**
Угур Алтунтоп

**Басмакана**
Korza Yayın Basım A.Ş.
Tel: +90 312 342 22 08

Дин Иштери Башкармалыгынын Басылмалары: 1376
Кесиптик Китептер; 150
1 – Басылыш 2018, Анкара

ТЕКШЕРҮҮ КОМИССИЯСЫНЫН ЧЕЧИМИ 12.08.2016/61

2018.06.Y.0003.1376
ISBN 978-975-19-6861-6
Сертификат №: 12931

© Дин Иштери Башкармалыгынын Диний Басылмалар
Жогорку Башкармалыгы

**Байланыш:**
Диний Басылмалар Жогорку Башкармалыгы
Üniversiteler Mah. Dumlupınar Bulvarı No: 147/A Çankaya / Ankara
Tel.: +90 312. 295 72 81 - Faks: 0312. 284 72 88
e-posta: yabancidiller@diyanet.gov.tr

# Мазмуну

**I БӨЛҮМ**

**ИНСАН жана ДИН**

1. Адамдын Табияты ........................................ 7
2. Адамдын Табияты жана Дин ........................ 8
3. Диндин Адам Баласынын Жашоосундагы Орду жана Маанилүүлүгү ................................ 9
4. Дин Түшүнүгү ............................................... 13
5. Дин Түшүнүгүнө Карата Болгон Түрдүү Көз Караштар ........................................................ 14
6. Диндин Булагы ............................................ 15
7. Түрдүү Ишенимдер Жөнүндө ..................... 16
8. Диндердин Классификациясы .................... 17

**II БӨЛҮМ**

**ЫЙМАН жана ИНСАН**

1. Ыйман жана Анын Маанилүүлүгү .............. 23
2. Калима-и Таухид жана Калима-и Шахадат . 25
3. Ыйман менен Жүрүм-Турумдун Ортосундагы Байланыш Жагынан Адамдардын Бөлүнүшү . 26
4. Ыйман, Маалымат жана Амалдын Ортосундагы Байланыш ................................ 30

**III БӨЛҮМ**

**АЛЛА, АДАМ жана ААЛАМДЫН ОРТОСУНДАГЫ БАЙЛАНЫШТАР**

1. Алла жана Жаратылыш (Жаратылуу) .......... 41
2. Адамдын Жаратылуу Максаты .................. 42
3. Адам менен Алланын Ортосундагы Байланыш ....................................................... 43
4. Ааламдын Жаратылуу Максаты ................. 47
5. Адам менен Ааламдын Ортосундагы Байланышта Адамдын Милдети .................... 50

**IV БӨЛҮМ**

**АЛЛАГА ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ**

1. Алланын Бар Экендиги жана Бир Экендиги .... 57
2. Куранда Алланын Сыпаттарынын Баяны .... 58
3. Жаратылгандарга Ырайымын жана Мээримин Тартуулаган Алланын Көркөм Ысымдары (Асмаул Хусна) ............................ 61
4. Алланын Ырайымын Сыпаттаган Көркөм Ысымдары ...................................................... 65
5. Алланын Кудуретин Сыпаттаган Көркөм Ысымдары .......................................................68

**V БӨЛҮМ**

**ПЕРИШТЕЛЕРГЕ ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ**

1. Периштелердин Өзгөчөлүктөрү .................. 75
2. Периштелердин Милдеттери ..................... 77
3. Периштелерден Сырткары Көзгө Көрүнбөгөн Барлыктар ...................................................... 80

**VI БӨЛҮМ**

**КИТЕПТЕРГЕ ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ**

1. Вахий жана Вахийге Болгон Муктаждык .... 93
2. Илахий Китептер ........................................ 95
3. Курани Каримдин Түшүрүлүшү ................. 100
4. Курани Каримдин Жазылуусу жана Мусхаф (Китеп) Калыбына Келтирилүүсү .................. 101
5. Курани Каримде Белгиленген Билге (Үлгүлүү) Адам ............................................................ 103
6. Ыймандын Алкагында Курани Каримде Белгиленген Өрнөктүү Адам ......................... 106
7. Жүрүм-Турумдун Алкагында Курани Каримде Белгиленген Өрнөктүү Адам ......................... 107

**VII БӨЛҮМ**

**ПАЙГАМБАРЛАРГА ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ**

1. Пайгамбарлык жана Пайгамбарларга Болгон Муктаждык .................................................. 115
2. Пайгамбарлардын Өзгөчөлүктөрү ............ 117
3. Пайгамбарлардын Милдеттери ................120
4. Мужиза жана Керемет ............................. 121
5. Кээбир Пайгамбарлардын Жашоосунан Үзүндүлөр .................................................... 122

**VIII БӨЛҮМ**

**АКЫРЕТКЕ ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ**

1. Акыретке Ыйман Келтирүү жана Анын Маанилүүлүгү.................................................137
2. Өлүм жана Өлүмдөн Кийин Кайрадан Тирилүү ....................................................... 138
3. Адамдар Жасаган Нерселеринен Улам Суракка Тартылат ......................................... 141
4. Бейиш жана Тозок .................................... 143
5. Өлүм жана Андан Кийинки Жашоо менен Байланыштуу Болгон Туура Эмес Ишенимдер ............................................................................ 144

**IX БӨЛҮМ**

**ТАГДЫР жана ЖАЗМЫШКА ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ**

1. Тагдыр жана Жазмыш Түшүнүктөрү .......... 151
2. Адамдын Тагдырга Тиешелүү Кээбир Өзгөчөлүктөрү ............................................. 153
3. Курани Каримде Тагдырга Байланыштуу Кээбир Түшүнүктөр ...................................... 157

**ЖООПТОР** ...................................................... 166

**КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАР** ............................ 167

# КИРИШҮҮ

Мээримдүү жана ырайымдуу болгон Улуу Алла адамды эң татыктуу кылып жаратып, ага жогорку сапаттарды ыроолоп, илахий (теңирдик) кайрылуунун (хитаптын) б.а. Курандын мухатабы катары сыйлаган жана ага жоопкерчилик берген. Ал эми бул жашоодо аны өз башынча таштап койбой, ишенимсиздиктин туңгуюгунан чыгарып, ыйман менен жакшы кулк-мүнөздүн нуруна бөлөө үчүн, илахий жардам жана ыракым катары ага пайгамбарларды жана китептерди жиберген.

Алгачкы адам менен кошо пайда болгон дин, адам баласынын жаратылуу себеби болуп саналат. Дин; жашоонун мазмуну менен маңызын адамдарга үйрөткөн дүйнө менен акыреттин, акыл менен рухтун теңсалмактуулугун сактоону жөнгө салып турган, адамга ички бактылуулукту тартуулаган, коомчулукка сүйүү менен адилеттүүлүктү алып келген жеке жана коомдук милдеттерибизди ибадаттык мүнөздөгү жоопкерчиликке айланткан жашоонун бүтүмүнө багытталган насааттардын топтому деп аталат.

Адам жеке өзүн, бүт ааламды жана Жаратканды таанып-билүүгө аракеттенип, Алланы сүйүп жана Ага байланган адам, Жараткан жиберген мээримдүүлүк элчилеринин жана куттуу китептердин изинен басып, кулдук кылууга жана акыйкатты түшүнүүгө багыт алган.

Адамдын динге болгон муктаждыгы так жана татыктуу маалыматтар аркылуу жоюлууга тийиш жана бул өзгөчө мааниге ээ.

Диндин негизги маселеси адам баласы болгондугу үчүн жашообузду агартууда диний маалыматтар тынымсыз жаңыланып туруусу зарыл. Исламдын агартуучу маанайы акыл эс менен жүрөктөрдө жаңыланып туруусу, көөдөндөрдө жашаруусу, маалымат менен өмүрдүн ортосунда динамикалык байланыштын бар болуусу аябай маанилүү. Мындай жол менен элибиздин дин туурасында маалымат алуу муктаждыгын туура эмес ишенимдерден алыс болгон нукура жана туура болгон диний маалымат менен камсыздоону, аларды ишеним, ибадат, пайгамбарыбыздын өмүр баяны (Сийер-и наби) жана адеп-ахлак сыяктуу маселелерде агартууну өзүнө максат кылган башкармабыз, заманбап жана илимий изилдөөлөрдү көз жаздымга калтырбай "Негизги диний маалыматтар" деген ат менен томдук пландалган. Колуңуздагы бул китеп жогоруда аталган томдуктардын биринчи тому болгон "ишеним" деген чыгарма болуп саналат. Дин иштери башкармалыгына караштуу ачылган курстарда окутулуп келген Негизги диний маалыматтар, курстардын окутуу прогаммасына карата түзүлгөн.

Бул чыгармада, ислам дининин негизги принциптеринен болгон ыйман маселесине кеңири токтолгон. Ислам акыйдасынын жана таухид ишениминин өзөгүн түзгөн Алланын барлыгына жана анын жалгыз экендигине, периштелерге, китептерге, пайгамбарларга, акырет күнүнө, тагдыр жана жазмышка ыйман келтирүү сыяктуу темалар каралган.

Негизги максатыбыз катары бул эмгектин окурмандарга пайдалуу болуусун үмүт кылабыз.

Аракет бизден, ийгилик Алладан.

Дин Иштери Башкармалыгы

# I БӨЛҮМ

# ишеним



# Инсан жана Дин

1. Адамдын Табияты
2. Адамдын Табияты жана Дин
3. Диндин Адам Баласынын Жашоосундагы Орду жана Мааниси
4. Дин Түшүнүгү
5. Дин Түшүнүгүнө Карата Болгон Түрдүү Көз Караштар
6. Диндин Булагы
7. Түрдүү Ишенимдер Жөнүндө
8. Диндердин Классификациясы

6

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө;

- Адамдын ааламдагы орду жана анын абалы.

- Башка жандуулардын ичиндеги орду.

- Милдети жана жоопкерчиликтери кайсылар.

- Ушул мааниде адамдын табияты жана дин менен болгон байланышы; адамдын динди түшүнүү жана кабылдоо өзгөчөлүгү каралган.

- Мындан башка, дин түшүнүгү жана бул түшүнүктүн маани маңызы берилген, тарыхтан бери адамдардын арасында пайда болгон ишеним түрлөрүнө орун берилген.

## ПЛАН

Бул бөлүмдү окуп чыккан соң;

1. Адам эмне үчүн жаратылгандыгын аңдоого;
2. Инсандын табияты жана анын дин менен болгон байланышын түшүндүрүүгө;
3. Диндин адам баласынын жашоосундагы ордун жана маанилүүлүгүн үйрөнүүгө;
4. Дин түшүнүгүн жана анын булактарын түшүндүрүүгө;
5. Түрдүү ишеним түшүнүктөрдү жана диидерди классификациялоого жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси:

1-План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө;

2-Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу;

3-Китептин соңунда көрсөтүлгөн булактардан пайдалануу.

**Ой жүгүртүү**

Куранда аманатты адам өз мойнуна алгандыгы айтылат. Ушундан улам ал;

- Куранды окуп түшүнүү жана айткандарын орундатууга
- Жоопкерчиликти сезүүгө
- Өзүн өөрчүтүүгө
- Сүйүү - сүйктүү болууга жана
- Алланын буйруктарын орундатууга сөз берген болот.

## 1 Инсандын Табияты

Бул дүйнөдөгү баардык макулуктар кандайдыр бир максат менен жаратылган. Жандуу менен жансыздын баары, жаратылуудагы максаттары боюнча жашайт. Өсүмдүктөр өздөрүнө тиешелүү болгон функцияларын аткарууда. Өз учурунда жашылданып өсүүдө, абадан көмүр кычкыл газын соруп жашообуздун негизи болгон кычкылтекти бөлүп чыгарууда, азыктануубуз үчүн ар түркүн мөмө-жемиштерди берүүдө. Мындай милдеттерин, пайда болгондон баштап чалыкпастан ишке ашырып келүүдө.

Бул маселе боюнча Улуу Алла; “ Ал силерге асмандан жамгыр жаадырып, андан суу, ал аркылуу малдарыңарды жайа турган дарак (жайыт) жаратат”. (Нахл, 16/10). “Алар жерге карашпайбы: Биз анда канча деген өсүмдүктүн түрлөрүн өстүрүп, чыгардык”. (Шуара, 26/7). деп буюруп мындайча айтканда адам баласынын эмне үчүн жаратылгандыгы жөнүндө ой жүгүртүүнү талап кылган.

### Жаныбарларга Берилген Милдеттер

Жан-жаныбарлар да, Алланын аларга ички сезим (инстинк) аркылуу берген милдеттерин орундатууда мүчүлүштүк кетиришпейт. Жаратылган күндөн баштап бал жасаган бал аарылары, өз милдеттерин кемчиликсиз орундатууда.

“(Оо Мухаммед!) Сенин Раббиң бал аарыга (мындай деп) илхам кылды: “Үйүңдү тоолорго, дарактарга, адамдардын курулуштарына (бал челегине) кургун!” (Нахл, 16/68).

### Адамдын Жаратылуусунун Максаты

Адамдын жаратылышынын максаты башка жандуулардан такыр башкача болуп саналат. Башка жандуулар адам баласынын бул дүйнөдөгү негизги муктаждыктарын жоюуга багытталган ички сезимдик милдеттерди орундатса, адамдын жаратылуу максаты тоолугу менен андан айырмаланып турат. Башка жандуулардан айырмаланып адамга кээбир өзгөчө сыпаттар берилген.

Мындай өзгөчө сыпаттар, адамдын өзүн башкарууга багытталган эрктүүлүк өзгөчөлүктөрү болуп саналат. Бул өзгөчөлүктөр адамга жоопкерчиликти жана аны орундатуу милдетин берет.

Ыйык китебибиз Курани Каримде айтылгандай аманатты өзүнө алган адам баласы; Куранды окуп-түшүнүү жана айткандарын орундатууну, жоопкерчилик сезимин, өзүн өөрчүтүүнү, сүйүүнү-сүйүктү болууну жана Алланын буйруктарын орундатуу маселесинде жоопкерчиликти алууну кабыл кылган.

Илахий аманатты өз мойнуна алган адам баласы, жаралгандан бери өөрчүп өзүндө бар болгон сапаттарды ачыкка чыгарууга аракеттенген. Бул багытта жасаган ар бир аракети үчүн Алла Тааланын даргөйүндө жооптуу болот.

Алла Таала Курани Каримде адам баласынын кандай максат менен жаратылгандыгын жана анын милдеттерин ачык айкын көрсөтүүдө:

• Инсан, Биз аны мурун жаратканыбызды эстебейби? Ал такыр жок эмес беле?! *(Марям, сүрөөсү 19/67).*

• Чынында, биз инсанды (энелик менен аталык уруктуктун) аралашмасынан турган бир тамчы суудан жараттык. (Жана ушул абалын билээр бекен деп) аны сынап, угуучу, көрүүчү (аң-сезимдүү) кылдык. *(Инсан, 76/2).*

• Биз алардын кимиси жакшыраак амал кылаар экен деп сыноо үчүн жер бетиндеги нерселерди жерге зыйнат-көрк кылдык. *(Кахф, 18/7).*

• Мен жин менен инсанды Бир Өзүмө ибадат кылуулары үчүн гана жараттым. *(Зарият, 51/56).*



## 2 Адамдын Табияты жана Дин

Адам, Алланы таанууга жана Ага ишенүүгө жөндөмдүү болуп жаратылган. Кала берсе адам баласы, табиятынан тарта материалдык ааламдан руханий ааламга карата өөрчүп турган жөндөмдүүлүккө ээ. Бул боюнча Улуу Жаратканыбыз;

**Чынында Биз инсанды эң соонун келбетте жараттык.** ***(Тийн, 95/4)***; **"(О, Мухаммед!) Таухидке баш ийип, жүзүңдү динге бур! (Ислам дини) - бул Алла (жараткан) табият, адамдарды ошол табият (Ислам) менен жараткан. Алланын жаратканын өзгөртүү мүмкүн эмес. Эң туура дин - ушул. Бирок адамдардын көбү билишпейт".** ***(Рум, 30/30)***. **деп буйруган.**

Адам баласы жаштайынан эле динди кабылдоого, түшүнүүгө жана аны менен жашоого жөндөмдүү болгон табиятка ээ. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын "Ар бир адам таза табият (фытрат-дин) менен төрөлөт, кийинчерээк ата-энеси аны Мажусий, Еврей же болбосо Христиан кылат" (Муслим, Кадар, 6, (25), III/2048) деген хадиси, ар бир баланын динди түшүнүүгө, аңдап-билүүгө жана аны менен жашоого жөндөмдүү

табият менен жаратылгандыгын, бирок төрөлгөндөн кийин жана жетилүү чөйрөсүнө жараша ата-энесинин диний маданиятын кабыл кылгандыгын түшүндүрүүдө.

Бала төрөлгөндөн тарта көптөгөн өөрчүү процесстеринен өтөт. Өөрчүүнүн ар бир тепкичинде кездешүүчү жана орундатуусу керек болгон кээбир муктаждыктар болот. Бул муктаждыктардын жоюлуусунда диндин ролу оорчундуу мааниге ээ. Бала, белгилүү жашка чыкканда ата-эне көрсөткөн мээримдин жана ишенимдүүлүк сезимдеринин чектелүү экендигин түшүнөт жана чексиз мээримге башкача айтканда Аллага багыт алат; мына ошол чексиз ишенимдүүлүктү бир гана Алладан таба алат.

Муну менен бирге адам баласына өз эрки менен Аллага ишенбей коюу эркиндиги да берилген. Инсан жашоодо ичинде жашап жаткан чүйрүсөнөн улам же туш болгон кандайдыр бир окуялардын таасиринен улам эч бир динди кабыл кылбоосу да мүмкүн. Алла ишеним маселесинде адамдарды эркин койгон, аны ишенүүгө мажбурлаган эмес. Ыйык китебибизде айтылгандай;

"Динде мажбурлоо жок.." *(Бакара, 2/256)*.

Бирок адам өөрчүү өзгөчөлүктөрү аркылуу динди кабыл алууга, түшүнүүгө жана ага карата өмүр сүрүүгө жөндөмдүү болгон мүнөзгө ээ.

Дин, адамдын акылына, жүрөгүнө жана сезимдерине кайрылып, адамдын кыймыл-аракеттерин адамдык сапаттагы деңгээлге көтөрөт; анын напсисин тазалоого шарт түзөт жана адам сыяктуу жашоонун нормаларын ага сунуштайт. Мындан улам коомдо социалдык жана жекече жашоонун Алланын ыраазычылыгына ылайыктуу мүнөзгө жетүүсүн камсыздайт.

## 3 Диндин Адам Баласынын Жашоосундагы Орду жана Маанилүүлүгү

Адам баласы кээбир табигый жөндөмдүүлүктөр менен кошо төрөлгөндүгү жана руханий тазалыгы, жетишкендиктери үчүн ошол жөндөмдүүлүктөр аркылуу тарбия алуусу керек экендиги кеңири билинген чындык болуп саналат. Адам табиятына жараша багытталуусу, бул дүйнөдө бышып-жетилген жана жаратылуу максатына ылайыктуу түрдө бактылуулукка жетүүдө негизги шарт катары белгилүү.

### Дүйнө, Акырет Бактылуулугу жана Дин

Дин, адам баласынын бул дүйнөдө жана акырет ааламында бактылуу болуусу үчүн Алла тарабынан жиберилген, адамдын жашоосунун мазмунуна жараша айтылган насаат жана буйруктардын бүтүмү болуп саналат. Бул насааттар аткарылып, жүзөгө ашырылганда гана дин, жекече жана коомдук турмуштун адамдык сапатка ээ болгон мүнөзгө айлануусуна салымын кошо алат.

### Алла жана Башкалар менен Болгон Руханий (Маанавий) Байланыш жана Дин

Алла менен жан дүйнөдөн, ишенимдүү болгон байланыш жана ошол байланыштын уландысы катары башкалар менен руханий биримдиктеги сезимге таянган диний жашоо, адамдын руханий жөндөмдүүлүктөрүн жана коздуктарын белгилүү болуусунда маанилүү функцияны аткарат.

### Маселелерди Чечүү Жолу жана Дин

Адам бул дүйнөдө өз алдынча чечилбеген маселелелерди чечүүдө илахий маалыматтардын жардамы болот. Мисалы;

**Ой Жүгүртүү**

- Эмне үчүн жаратылдык?
- Өлгөндөн кийин эмне болот?
- Бул дүйнөгө келишибиздин максаты эмне?

деген сыяктуу суроолорго жообун табуу бир гана Улуу Алла жиберген диндин жардамы менен мүмкүн болот. Андыктан, адам баласынын тарыхына көз чаптырганда динсиз коомду кездештирүү жокко эсе. Жекече жашоодо кайсыл бир динге ишенбегендерди кездештирүүгө мүмкүн болсо да, динсиз коомду кездештирүүгө болбойт.



**Ой Жүгүртүү**

Адамзаттын тарыхында; жеке жашоодо кандайдыр бир динге ишенбөөчүлүк көрсөткөндөр кездешет... Бирок, динсиз коом кездешпейт...

### Адамдын Физиологиялык, Руханий жана Социалдык Жашоосунда Диндин Ролу

Дин талап кылган моюн сунуу, ибадат кылуу жана адеп-ахлак принциптери адамдын дене түзүлүшү, руханий жана социалдык жашоосун эске алганда чоң мааниге ээ болот.

- Дин тарабынан коюлган кээбир этикалык принциптер, жеке адамды руханий жактан жетилтип өзүмчүлдүк түшүнүктөн тазалап, анын коом менен чогуу жашоосуна салым кошот.
- Адам үчүн эң жогорку баалуулук болгон акыл, мал-мүлк, жан, ар-намыс жана тукумдун сакталуусу сыяктуу маселелерде койгон принциптердин жардамы менен дин, адамдын кадыр-барктуу өмүр сүрүүсүн камсыз кылат.

### Канкуренттүү Коом жана Дин

Материалдык түшүнүктүн, эркин атаандаштык түшүнүктүн жана буларга көз каранды болгон түгөтүү түшүнүгүнүн жогорку деңгээлге жетип турган замандагы коомдордо динге болгон муктаждык, ар дайымкыдан дагы да көп экендиги сезилет.

Материалдык байлык адамдын руханий дүйнөсүн тоолугу менен канааттандыра албастыгы чындык. Адам баласы белгилүү өлчөмдө материалдык жетишкендикке (токчулукка) жеткенде руханий кемчилигин чыныгы илахий дин менен толтурбаса, анда мындай боштукту туура эмес (баатыл) ишенимдер жана хурафалар менен толтуруу жолуна барат; же болбосо толугу менен материалдык түшүнүктүн кулуна айланып чеги жок түгөтүү түшүнүгүнө малынат. Бул болсо анын ачкөздүгүн андан да көбөйүүгө, аны канааттанбастыкка түртөт. Чындыгында жол көрсөтүүчү Куранда;

**“...Көңүл бургула: Алланы эстөө менен жүрөктөр тынчтанат!** *(Раад, 13/28).*

деп айтылат жана адамдын ички бактылуулугунун булагы Алланын дини экендигине ишаарат кылынууда. Аллага жүрөктөн байлануу, Аны зикр (атын атоо) кылып, Аны эстеп жашоо, адамдардын ар түрдүү шарттарда өздөрү менен жана аалам менен көбүрөөк тынчтыкта жашоосуна мүмкүнчүлүк түзөт.

### Динден Алыс Болуу

Диний атмосферадан алыс жашагандар, материалдык жана руханий кемчиликтерин жоюу үчүн кандайдыр бир медитацияга окшогон ритуалдарды жасоодо жана физикалык кыймыл-аракеттерден жардам күтүшөт. Айрыкча, чоң шаарларда белгилүү экономикалык стаандарттын үстүндө жашагандар мындай аракеттерге болгон кызыгууларынын көбөйүүсүнүн негизги себеби да руханий (маанавий) тайкылык жана депрессиядан кутүүгө болот.

**Ой Жүгүртүү**

- Материалдык кирешелер адамдын баардык муктаждыктарын жоё албастыгы айдан ачык чындык.
- Адам белгилүү өлчөмдө материалдык токчулукка жеткенде маанавий ачкалыгын чыныгы илахий дин аркылуу тойгозбосо, анда мындай кемчиликти жоюу үчүн көп-көп түгөтүүчүлүк жолуна барат.

### Адамдын Материалдык-Маанавий Муктаждыктары жана Дин

Адам баласы коомдошуп жашагандыктан кандайдыр бир топ менен жашоого мажбур.

- Адам өз учуру менен башкалардын материалдык жана маанавий колдоосуна муктаж болот. Окшош сезимдерди, окшош түшүнүктөрдү жана ишенимдерди бөлүшүп, чогуу жашаган адамдар, өздөрүнө таандык ишеним, баалуулук, салт-санаа жана маданиятты пайда кылат.
- Мындай чөйрөдө жашоо үчүн да кандайдыр бир жогорку баалуулук жана принциптерди камтуусу зарыл. А дин болсо мына ушундай баалуулуктарды жана принциптерди тартуулайт.

- Дин, тууган-урук жана коңшу-колоңдор менен кандай мамиледе болуу керек экендигин, аларды зыярат кылуунун зарылчылыгына тиешелүү насааттарды берет. “Сыла-и Рахим” башкача айтканда тууган-урукту зыярат кылууга Сүйүктүү Пайгамбарыбыз көп басымдуулук жасаган. Улуу Алла Курани Каримде: “... Жакшылык жана такыбаа иштерде бири-бириңерге жардам бергиле...” *(Маида, 5/2)*. Ал эми Пайгамбарыбыз куттуу хадисинде “Сыла-и рахим кылгыла, туугандарын жана жакындарын зыярат кылган адамды, Алла өмүрүн узартып, ырыскысын кең кылат”. *(ал-Адабу’л-Муфрад, 1/67)* деп буйруган.

### Социалдык, Экономикалык, Саясий Маселелер жана Дин

Өткөн заманда болобу учурубузда болобу социалдык, экономикалык жана саясий маселелери болгон коомдордо адамдар, диний баалуулуктардын тегерегинде биригишип өз ара колдоо сезимине ээ болушкан жана мындай маселелерди ийгиликтүү чечип келишкен. Себеби, дин этикалык, социялдык, экономикалык кээбир баалуулуктарды сунуштап, коомдун мүчөлөрүн өзгөчө кыйың кезеңдерде ушул баалуулуктардын тегерегинде бири-бирине колдоо көрсөтүүнү ыйык милдет катары эсептеген. Ушул себептен улам ыйман түшүнүгү күчтүү болгон коомдо, кыйынчылыктарды жеңүүдө күчтүү жана жашоодо көбүрөөк ийгиликтүү болушат.

Дин эмненин туура жана эмненин туура эмес экендигин үйрөтөт. Туура болгонду жасоону туура эместен алыс болууну сунуштайт. Айрыкча адам баласына таандык терс көрүнүштөрдү көрсөтүп, аларду жоюга салымын кошот. Башкалардын акысынын тебеленүүсүн кул акысы катары эсептеп, болгон күчү менен аны тыюга чакырат.



**Ой Жүгүртүү**

- Дин, эмненин туура ал эми эмненин туура эмес экендигин үйрөтөт.
- Дин, туура болгон нерсени аткарууну, туура эместен алыс болууга чакырат.

### Коомдук Принциптер жана Дин

Коомубуз өз жашоосун улантуусу үчүн жана күчтүү коом болуусу үчүн бекемдөөчү функцияны аткарып турган коомдук принциптерге көңүл бурчу болсок, аларды коргоп турган жана өөрчүтүп турган дин жана ыйманга болгон үмүтттүн аябай маанилүү ролго ээ экендигин байкайбыз.

Ишенимибиз социалдык жана мадний коомубуздун ар бир катмарында өзүн сездирип турат. Аралашып жашаган коомубуздун үрп-адаттарында, адабиятында, санаттарында, этикалык түшүнүгүндө акыркы илахий дин болгон динибиз Исламдын баа жеткис ролу жана таасири чон экендиги сезилип турат.

Коомубуздун биримдигин сактоодо жана анын кийинки жашоосу үчүн колубуздагы ишеним баалуулуктарын жана Ислам маданиятын бизден кийинки насилге жеткирүүгө тийишпиз.

“...Жакшылык жана такыбаа иштерде бири-бириңерге жардам бергиле...” *(Маида, 5/2)*.

“Сыла-и рахим кылгыла, туугандарын жана жакындарын зыярат кылган адамды, Алла өмүрүн узартып, ырыскысын кең кылат”. *(ал-Адабу’л-Муфрад, 1/67).*

**Ой Жүгүртүү**

- Дин, дүйнө жана акырет баалуулугуна багыттайт.
- Дин, тууган-урук жана коңшу-колоңдор менен жакшы амиледе болуууну насаат кылат.
- Дин, Аллага кулдук кылууну жана адамдарга сый-урмат менен мамиле жасоону талап кылат.

## 4 Дин Түшүнүгү

“Дин” деген түшүнүк, адам баласы жаратылгандан тартып бар болгон. Жеке адамдын жашоосунда болобу коомдук жашоодо болобу маанилүү орунга ээ болгон. Диндин маңызы, жеке адамдын жашоосундагы жана коомдук жашоодогу ролу боюнча көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

- Арапчадан келген “Дин” сөзү, сөздүктө мааниси “адат”, “өкүм”, “жаза”, “баш ийүү”, “миллет”, “жол”, “абал”, “эсеп”, “мүлк”, “жазмыш”, “алдын алуу”, “ибадат”, “такыбаа” сыяктуу маанилерди туюндурат.
- Муну менен бирге “Дин” Арапчада “карыз” деген маанини түшүндүргөн “дайн” деген сөздөн келип чыккан. Дин, Аллага, өзүбүзгө, коомго, адамзатка жана ааламга карата болгон карызыбызды (милдетибизди) жана жоопкерчилигибизди ирээтке салып тургандыгы үчүн ушундай мааниде колдонулган.
- “Дин” деген сөздүн мындан башка маниси “жаза жана сыйлык” дегенди түшүндүрөт. Андыктан адам бул дүйнөдө кылгандары боюнча суракка тартыла турган акырет күнүнө “явмуд-дин - акыбеттер бериле турган күн” деген мааниде колдонулат.
- “Дин” жол дегенди да түшүндүрөт. “Алланын дини”, “Алла сунуштаган жана буйрук кылган жол” дегенди түшүндүрөт башкача айтканда, Алланын буйрук жана насааттары менен жашоо, Ал көрсөткөн жолдо жүрүү дегенди туюндурат.

**Белгилеп Кетели**

Дин: Жаза жана сыйлык

Дин: Жол

Алланын дини: Алла буйрук кылган жол

Явмуд-дин: Акырет күнү

# 5 Дин Түшүнүгүнө Болгон Ар-Түрдүү Көз Караштар

"Дин, Алланын пайгамбары аркылуу жиберген жана адамдардын өз эрктери менен эң жакшы, эң туура, эң кооз болгон нерсеге багыттаган илахий мыйзамдардын топтому болуп саналат."



Бул аныктамада төмөнкүдөй жагдайлар орун алган:

1. Дин, Алла Таала тарабынан жиберилген.

2. Дин, Алла тарабынан адамдардын арасынан тандап алынган пайгамбарлары аркылуу жиберилген.

3. Диндин негизги максаты, Алланын ыраазычылыгын табуу жана дүйнө менен акыретте бактылуу болуу. Дин адамдарда бактылуулукка жеткирүү үчүн алардан буйруктарды орундатуусун жана тыюлардан алыс болуусун талап кылат.

4. Диндин дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү катары адамдар динди өз эрки менен тандап алаарын айтууга болот. Дин күч колдонуу менен кабыл кылдырылбайт. Муну Курани Карим мындайча баяндайт:

"Динде мажбурлоо жок.." *(2/256)*.

5. Дин, жакшыны жамандан айырмалай билүү өзгөчөлүгүнө ээ болгон акыл-эстүү адамдарга кайрылат. Мындай өзгөчөлүктөн алыс болгон адам, диндин буйруктарынан жоопту (мукаллаф) эмес. Акыл жана руханий жактан белгилүү өөрчүү жашына (балагатка) жетпегендер же болбосо руханий оорусу болгон (жиндилер) адамдар, диндин буйруктарынан жана тыюларынан жоопту тутулбайт.

**Ой Жүгүртүү**

- Диндин негизги максаты: Адамдарды Алланын ыраазычылыгын табуу аркылуу эки дүйнөдө бактылуулукка жеткирүү болуп саналат.
- Диндин негизги өзгөчөлүгү болсо, адамдардын динди өз эрки жана каалоолору менен кабыл алуусу болуп эсептелинет.

# 6 Диндин Булагы

Ыйык динибиз Исламдын түшүнүгү боюнча диндин булагы Алла Таала болуп саналат. Улуу Алла адамдардын арасынан тандап алган пенделерин пайгамбар атап, алар аркылуу адамдарга вахийлерин (Алладан келген кабарлар) жеткирген. Муну менен бирге Улуу Алла, адамдарды ошол вахийлерди аңдай билүүчү муну менен бирге Алланын бар экендигин жана Анын бир экендигин кабыл ала турган табиятта жаратkан. Аз. Адам атадан Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбарга чейинки баардык пайгамбарлар өздөрүнө келген вахийлерди кемчиликсиз түрдө коомдоруна жеткирип турушкан.

Диндин Негизги Булактары
- Куран
- Аз. Пайгамбардын Сөздөрү жана Кыймыл-Аракеттери


Андыктан Ислам дининин биринчи булагы бул, Алла Таала тарыбынан Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммедке жиберилген вахийлердин топтому болгон Курани Карим болуп саналат.

Динибиздин экинчи булагы Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын айткандары жана анын журум-турумдары болуп саналат. Анын айткандары жана журум-турумдары хадис китептеринде чогултулган. Хадис китептери Ислам ишениминин, ибадарынын жана ахлакынын (этикасынын) Курандан кийинки экинчи даражадагы булагы болуп саналат.

Пайгамбарыбыз коштошуу (вада") кутбасында;

> **«Оо Момундар! Силерге эки нерсени (аманат катары) таштап жатам. Бул эки нерсени карманган чагыңарда, учрурда ак жолдон тайбайсыңар. Бири Жараткан Алланын китеби Ыйык Куран, экинчиси акыркы Элчисинин сүннөт жолу...»** *(Муватта, Кадар, 3, II/899).*

деп буюруп, Ислам дининин маалымат (билги), ишеним, ибадат, адеп-ахлак жана адамдык мамилелерге таандык баалуулуктардын булагы эң оболу Куран жана Сүннөт экендигине басымдуулук жасаган.



# 7 Ишенимдин Башка Түрлөрү

Ишенимдин Башка Түрлөрү

- Жалгыз Бир Кудайга Ишенүү (Таухид-Монотеизм)
- Көп кудайга ишенүү (Ширк маселеси)
- Кудайды таңуу (Атеизм)

**Жалгыз (Бир) Кудайга Ишенүү**

- Таухид; Монотеизм деп да аталат.
- Таухид, жалгыз, улуу жана чексиз күчкө ишенүүгө таандык ишеним системасы болуп саналат.
- Ислам бул, эң акыркы таухид дини. Баардык пайгамбарлар таблиг кылган (жайган) дин бул-Ислам дини болгон.

Бул ишеним боюнча, Алла өзүнөн өзү бар болгон жана баардык нерселрди жоктон жараткан. Ар бир нерсеге күч берген эң Улуу жалгыз зат.

Бирден Көп Кудайга Ишенүү


- Ширк (шерик кылуу); бул Политеизм же болбосо бутпарастык деп да аталат.
- Ширк, бирден көп теңирдин бар экендигине ишенүү болуп саналат.
- Ширк мурунку Грек, Египет жана Нордик мифтеринде өтө кеңири таралган жана көптөгөн адам кейпиндеги кудайлардын бар экендигине ишенген ишенимдин түрү болуп саналат.
- Адамдар баштапкы учурда улуу күчкө ишенсе да, убакыттын жана жайдын өзгөрүүсү менен бир кудайга болгон ишенимден алыстап кетишкен. Кандайдыр бир барлыктарды Улуу Күчкө шерик кылышкан. Ушундай жол менен барып олтуруп, көп теңирдик жана путпарастык түшүнүгү пайда болгон.

**Кудайды Тануу**

- Бул Атеизм деп да аталат.
- Атеизм, Алланы жана теңир сымалдын баарын четке кагуу болуп саналат.
- Атеисттер, жаратуучу кудай жөнүндөгү пикирди кабыл кылышпайт; ар бир нерсенин өзүнөн өзү туш келди жаралган деп айтышат.
- Атеизм, динге каршы болгон адам же адамдар тарабынан кабыл кылынган философиялык түшүнүк болуп эсептелинет.

# 8 Диндердин Классификациясы

Жалпысынан диндер самавий (теңирдик) жана самавий эмес болуп экиге бөлүнөт.




## Самавий Диндер

- Самавий диндер, Алла тарабынан Анын пайгамбарлары аркылуу, вахий жолу менен адамдарга жиберилген диндер болуп саналат.
- Алгачкы пайгамбарыбыз Аз. Адамдан тартып, акыркы пайгамбар Аз. Мухаммедге (с.а.в.) чейин пайгамбарлар аркылуу түшүрүлгөн диндер самавий диндер болуп саналат.
- Бул диндерде, адамдардан жогору турган жана адамдарга эмне кылуусун, эмнелерден алыс болуусун баяндаган насааттарды айткан Улуу Жаратуучуга болгон ишеним бар.
- Адамдардын бул дүйнөдөгү негизги жоопкерчиликтери ушул Улуу Жаратуучуну таанып-билүүсү жана Ага ибадат кылуусу болуп эсептелинет. Мисал катары; Иудаизм, Христиандык жана Исламды айта алабыз.

## Самавий Эмес Диндер

- Самавий эмес диндер, адамдардын жеке түшүнүктөрү менен пайда кылышкан диндер болуп саналат.
- Бул диндер Алла тарабынан пайгамбар аркылуу жиберилген эмес.
- Бул диндерде улуу теңир деген ишеним жок. Бул диндердин маңызын адамдын ички дүйнөсүнө кайрылуусу жана өзүн улуулоо, жогору коюу түзөт. Мындай максат менен жасалган аракеттер да ибадат катары көрсөтүлөт. Мисалы: Буддизм, Хиндуизм, Шинтаизм, Брахманизм жана Сихизм.

Мындан башка самавий дин менен самавий эмес диндердин аралашмасынан пайда болгон диндер да бар. Мунун негизги мисалы, бүгүнкү күндөгү Индонезияда кээбир адамар тарабынан кабыл алынган Сих динин мисал келтирсек болот.

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

- Ар бир жандуу жана жансыз зат жаратылуу максатына жараша өмүр сүрөт. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар табиятында бар болгон нерселерди жасашат.
- Ал эми адамга келсек, ал өзүн өзү башкара билген эрктүүлүккө, акыл-эске ээ. Андыктан кыймыл-аракеттери үчүн да Алланын алдында жооптуу болот.
- Адамдын руху үчүн дин жат көрүнүш эмес. Адамдын кандайдыр бир улуу затка баш ийүүсү табигый көрүнүш.
- Дин, бул дүйнөдө адамга түшүнүксүз болгон кээбир маселелерди чечүүдө жардамчы болот. Дин тарабынан адамдардан талап кылынган ишеним жана ибадаттар, адамдын физикалык, руханий жана социалдык жашоосунда маанилүү пайдалары бар.
- “Дин” Арапчадан келип сөздүк мааниси адат, өкүм, жаза, моюн сунуу, жол, абал, эсеп, мүлк (байлык), жазмыш, алдын алуу, ибадат, ыйман, такыбаа сыяктуу маанилерге келет. Ислам булактары боюнча Алла диндин булагы болуп саналат.
- Теңирдин барлыгы жана сыпаттарына тиешелүү бир канча ишеним түрлөрү бар. Булар, жалгыз кудайга ишенүү (Тауихид-Монотеизм), көп кудайга ишенүү (Ширк-Политеизм), кудайды тануу (Атеизм).
- Диндер жалпысынан самавий жана самавий эмес болуп экиге бөлүнөт. Самавий диндер, Алла тарабынан пайгамбар аркылуу адамдарга жиберилген диндер болуп саналат. Ал эми самавий эмес диндер, адамдардын жеке түшүнүктөрү менен пайда кылышкан диндер болуп саналат.



## Бөлүмдү Анализдөө

1. Диндин негизги булактары кайсылар?
2. Адамдын жана башка жаратылгандардын жаратылуу максаттары эмнелер?
3. Адамда жана коомдук жашоодо дин кандай мааниге ээ?
4. Ишенүүнүн түрдүү абалдары деген эмне?
5. Диндерди кандайча классификациялайбыз?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөндөгү барлыктардын кайсы бири жоопкерчилик жагынан башкалардан айырмаланат?**

А) Адамдар Б) Жаныбарлар В) Өсүмдүктөр Г) Тоолорr Д) Таштар

**2. "Ар бир адам таза табият (фытрат-дин) менен төрөлөт, кийинчерээк ата энеси аны Мажусий, Еврей же болбосо Христиан кылат" деген хадисте төмөндөгү түшүнүктөрдүн кайсынысын билдирет?**

А) Ар бир төрөлгөн бала Мажусий болуп төрөлөт.

Б) Ар бир төрөлгөн бала Еврей болуп төрөлөт.

В) Ар бир бала динди кабыл алууга жөндөмдүү болуп төрөлөт.

Г) Ар бир төрөлгөн бала Христиан болуп төрөлөт.

Д) Ар бир төрөлгөн бала Мусулман болуп төрөлөт.

**3. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы диндин пайдаларынан эмес?**

А) Дин аша чапкан түгөтүүчүлүк түшүнүгүнө тоскоол болуп, адамга руханий орто жолду тартуулайт.

Б) Дин адамдын социалдашуусуна тоскоол болот.

В) Дин адамдын бул дүйнөдө чече албаган кээбир суроолоруна жооп берет.

Г) Дин жакын тууган-урукка каралашууну буйрук кылат, коомдук көмөктөшүүнү насаат кылат.

Д) Дин адам баласына Аллага болгон мамилеге тиешелүү маалыматтарды берет.

**4. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири диндин маанисин туюнтат?**

А) Дин карыз деген мааниге келет.

Б) Дин жаза жана сыйлык деген маанилерге келет.

В) Дин кетүүчү жол деген маанини түшүндүрөт.

Г) Дин "дүйнө" деген сөздөн келип чыккан.

Д) Дин моюн сунуу деген мааниге келет.

**5. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы ишенимдин түрдүү абалдарына кирбейт?**

А) Бир кудайга ишенүү. Б) Көп кудайга ишенүү. В) Кудайды тануу.

Г) Сыйкыр жана көз боёмочулук Д) Сырдуулук

# II БӨЛҮМ

## ишеним





# Ыйман жана Инсан

1. Ыйман жана Анын Маанилүүлүгү
2. Калима-и Таухид жана Калима-и Шахадат
3. Ыйман менен Жүрүм-Турумдун Ортосундагы Байланыш Жагынан Адамдар
4. Ыйман, Маалымат жана Амалдын Ортосундагы Байланыш

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө;

- Бул бөлүмдө мусулман болуунун негизги шарты болуп эсептелген ыйман маселеси жөнүндө сөз болот. Ыйман менен адамдын ортосундагы байланыш изилденип жатып негизинен ыйман түшүнүгү жана анын маанилүүлүгү талкууланат.
- Момун болуунун алгачкы шарты болгон калима-и таухид жана калима-и шахадаттын маанилери түшүндүрүлөт.
- Андан кийин, ыйман менен жүрүм-турумдун ортосундагы байланыш жагынан адамдардын абалдары талкууланат.
- Ыйман келтирүүдө адамдар жана алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болот.
- Момун, мунафык (эки жүздүү), каапыр жана мушриктин өзгөчөлүктөрү баяндалат. Жан дүйнө менен кабыл кылынган ыйман, так маалымат жана амал менен тыгыз байланышта болгондуктан, ыйман менен амалдын жана ыйман менен так маалыматтын бири-бири менен болгон байланыштары изилденет.
- Так маалыматтын ыймандын сапатына тийгизген таасири, таклид (тууроо-ээрчүү) жана тахкик (тастыктоо-изилденүү) деген ыймандын эки түрүн пайда кылат.

22

## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда:

1. Ыймандын аныктамасын айтып берүүгө,
2. Ыймандын маанилүүлүгүн түшүндүрүп берүүгө,
3. Ыймандын маанилүүлүгүн түшүндүргөн аят жана хадистердин котормолорун айтып берүүгө,
4. Ыйман менен маданияттын айырмасын айтып берүүгө,
5. Калима-и Таухид жана Калима-и Шахадат сөздөрүн айтып берүүгө,
6. Калима-и Таухид жана Калима-и Шахадат сөздөрүнүн маанилерин айтып берүүгө,
7. Калима-и Таухид жана Калима-и Шахадат сөздөрүнүн Исламдагы ордун түшүндүрүп берүүгө,
8. Жүрөк менен тастыктоо деген эмне экендигин айтып берүүгө,
9. Жүрөк менен тастыктоонун маанилүүлүгүн түшүндүрүп берүүгө,
10. Ыйман менен жүрүм-турумдун байланышы боюнча адамдар кандай болуп бөлүнөөрүн айтып берүүгө,
11. Момун, мунафык, каапыр жана мушрик деген терминдердин аныктамасын айтып берүүгө,
12. Бул терминдердин ортосундагы айырмачылыктарды айтып берүүгө,
13. Ыйман менен жүрүм-турумдун негизинде жасалган классификацияга мисал келтирүүгө,
14. Ыйман менен амалдын ортосундагы байланышты түшүндүрүп берүүгө,
15. Ыйман менен амалдын ортосундагы байланышты түшүндүрүп берүүгө,
16. Ыймандын таасири менен пайда болгон кыймыл-аракеттерге мисал берүүгө,
17. Жүрүм-турумдарыбызды, ыйман менен амалдын ортосундагы байланыштын негизинде байкап көрүүгө,
18. Ыйман менен так маалыматтын ортосундагы байланышты айтып берүүгө,
19. Ыйман менен так маалыматтын ортосундагы байланышка мисал келтирүүгө,
20. Ыйманыбыз канчалык даражада так маалыматка ээ экендигин байкоого,
21. Ыйман менен так маалыматтын ортосундагы байланыштын негизинде жүрүм-турумдарыбызга көз чаптырууга жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.

# 1 Ыйман жанан Анын Маанилүүлүгү

Ыйман бир нерсени чын көңүлдөн сиңирүү, ага жан дүйнө менен жана жүрөктөн ишенүү болуп саналат. Негизинен ыйман жүрөктүн гана иши. Бул жагынан алганда ыйман аркылуу ишенимге жана ырахатка жетүү мүмкүн.

- Ыймандын табиятында туура көрүү, тастыктоо, кабыл алуу жатат.
- Жүрөк менен тастыктоо бул ыймандын негизи болуп саналат. Ишенүүгө тиешелүү болгон нерселер четке кагылса, алардын чындыгы жөнүндө шек саноо бар болсо, анда ал жерде ыймандан сөз кылууга болбойт.
- Ишенгендигин тил менен айтуу да ыймандын шарттарынан болуп саналат. Бирок, ыйман маселесинде чын көңүлдөн ишенип кабыл алуу менен тил менен ишендим деп кайталап айтуу бирдей орунга ээ эмес. Ошентсе да, адамдардын жүрөгүндөгү нерсени бир гана Ала биле алат. Тил менен айтуу (икрар), ыймандын башка адамдар тарабынан билинүүсүнө жардамчы болот.

### Ыйман Жөнүндө Бир Хадис жана Ойлонткон Нерселери

Ислам түшүнүгүндө ыйман, Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын Улуу Алладан алып келген нерселерин туура деп кабыл алуу жана аларга чын көңүлдөн ишенүү болуп саналат. Бир хадисте мындайча баяндалат: Аз. Пайгамбар, сахабалары менен отурган кезде апапак кийинген бир адам келип Аз. Пайгамбардын маңдайына чөгөлөп отурат.

Расулуллага: Ыйман деген эмне? деп сурайт.

Расулулла: “Ыйман: Аллага, Алланын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, акырет күнүнө (өлгөндөн кийин кайра тирилүүгө), ошондой эле, тагдырга, жакшылык-жамандыгына ишенүү” деп жооп берет.

Ал адам “Ислам деген эмне?” деп сурайт.

Расулулла: “Ислам: Аллага ибадат кылып, Ага эч нерсени шерик кылбооң, намазды окууң, парз болгон зекетти берүүң, ажылыкты аткарып, орозону тутууң болуп саналат” деген жоопту берет.

Анда, ал адам: “Ихсан деген эмне” деп сурайт.

Расулулла: “Алла Таалага, Аны көрүп тургандай ибадат кылууң. Сен Аны көрбөсөң да, Ал сени сөзсүз түрдө көрүп турат”, - деди. Андан кийин ал адам чыгып кетти. (Бухарий, Ыйман, 37; Муслим, Ыйман, 1,5.)



**Кезек Сизде**

Жогорудагы хадисте эмне жөнүндө сөз болууда?

ИШЕНДИМ, ЫЙМАН КЕЛТИРДИМ.

Алламды жалгыз деп билем,
Барлыгына ишенем.
Приштелерди Ал жараткан,
Акыйкатты да жараткан Ал.

Акыйкат буйрук китептери,
Айткандары туура жол.
Пайгамбарлар Ал Улуунун,
Дин жолунда элчилери.

Акыретте сурак күндө,
Хашр күнү, Жаза күнү.
Жакшылык-жамандык, Тагдыр Андан,
Бүт адамзат Ага таандык.

Өлгөндүн баары тирилет,
Ак эсепке тартылат.
Сезимдери рухумду курчап,
Бир деп тааныйм Кудайымды.

Пайгамбар да, кул да болгон,
Мухаммедке мен ишенем.

Энвер ТУНЧАЛП

**Талкуулоо**

Жогорудагы ыр саптарына ой жүгүртүп, эмнелерге ыйман келтиришибиз керек экендигин талашып-тартышкыла.

**Талкуулоо**

“Аамантунун” маанисин окуп, мазмунун талкуулагыла.



- Ыйман адамдын жүрүм-турумуна багыт берип, ага таасир этет. Анткени, ыйман түшүнүк, сезим жана жүрүм-турум менен тыгыз байланышта болот. Бул өңүттөн ыйман, өзгөчөлүгүбүздү тоолугу менен курчап турат.
- Ыйман биздин өзүбүзгө, башка адамдарга, жандуу жаратылышка жана башка барлыктарга болгон мамилелерибизге багыт көрсөтөт.
- Аллага ишенген адам, башка адамдарга жана башка жандууларга карата болгон жоопкерчилигин эң татыктуу түрдө орундатууга аракет кылат. Апааттарга (кырсыктырга) туш болсо, тайсалдабайт жана үмүтсүздүккө да кбылбайт.
- Ыйман, материалдык жана маанавий (руханий) маселелерибизди чечүүдө жана тоскоолдуктарды ашып өтүүдө бизге күч-кубат берет. Бул жашоодо ар бир нерсенин сыноо экендигин ыйман аркылуу аңдап-билебиз. Ушул өңүттөн караганда, ыйман, кыймыл-аракеттерибиздин булагы жана байлыгы болуп эсептелинет.
- Ыйман баардык ибадат жана иш-аракеттерибиздин локомотиви болуп саналат жана аларды маанилүү кылат. Себеби, ыйманда жан дүйнө менен кабыл алуу бар экендигин билебиз. Ал эми мындай аң-сезим ар бир жасалган иш-аракеттерди маанилүү кылат.

**Ой жүгүртүү**

- Ыйман адамдын өзүнө, башка адамдарга, жандуу жаратылышка жана башка барлыктарга болгон мамилелерге багыт көрсөтөт.
- Ыйман баардык ибадат жана иш-аракеттердин локомотиви болуп саналат.
- Ыйман, адамдын жандууларга карата болгон милдеттерин маанилүү кылат.

# 2 Калима-и Таухид жана Калима-и Шахадат

Калима-и Таухид жана Калима-и Шахадат Ислам динин кабыл алууда б.а Мусулман жана момун болуунун алгачкы шарты; жүрөктөн орун алган ыймандын далили жана көрсөткүчү болуп саналат. Мусулман болуу үчүн сөссүз түрдө Калима-и Таухиддин айткан билдирүүсүн кабыл алуу керек.

Калима-и Таухид (Таухид сөзү)

- Алланын бар экендигин, бир экендигин, анын ар бир нерсени жоктон бар кылган жападан жалгыз жаратуучу экендигин белгилеген; Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин Алланын элчиси экендигин тастыктаган сөз болуп саналат.
- Лаа илааха иллаллах Мухаммадур Расуулуллах = Алладан башка теңир жок, Мухаддем Анын элчиси дегенди түшүндүрөт.

Калима-и Шахадат (Шахадат- күбөлүк сөзү)

- Шахадат сөзү болсо, “күбөлүк сөзү” дегенди түшүндүрөт. Бул деген адамдардын бир нерсенин тууралыгына күбөлүк кылуусу дегенге барабар.
- Ашхаду анлаа илааха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расуулуху = Алладан башка теңир жок экенине, Мухаммед (с.а.в.) Алланын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк кылам деген маанини берет.
- Таухид сөзүндө адамдардын Алланын бир экендигин жана Аз. Пайгамбарыбыздын пайгамбар экендигин кабыл кылууну түшүндүрсө, шахадат сөзү мындай кабылдоону кадыресе көз менен көрүп тургандай бышыктоону түшүндүрөт.



**Талкуулоо**

- Ыймандын аныктамасын эске алып, таухид сөзүн кабыл кылган адам кандай мусулман экендигин талкуулагыла.
- Таухид сөзүн кабыл кылуу, адамдын ички дүйнөсүндө жана түшүнүгүндө кандай өзгөртүү жаратат?
- Шахадат сөзүнүн жана Таухид сөзүнүн маанилерин изилдегиле.
- Исламды кабыл алып жаткан адам эмне үчүн Калима-и Таухидди жана Калима-и Шахадатты айтуусу керек?

**Эске Тутуу**

Лаа илааха иллаллах Мухаммадур Расуулуллах = Алладан башка теңир жок, Мухаммед (с.а.в.) Анын элчиси.

- Ашхаду анлаа илааха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расуулуху = Алладан башка теңир жок экенине, Мухаммед (с.а.в.) Алланын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк кылам.

# 3 Ыйман Менен Жүрүм-Турумдун Ортосундагы Байланыш Жагынан Адамдар

Ыйман жагынан адамдар түрдүү болуп бөлүнөт. Ыймандын сезим, так маалымат жана жүрүм-турум өзгөчөлүгү бар. Адамдар ислам динине ишенүү жагынан, анын акыйкатын кабыл алууда жана ага карата болгон кыймыл-аракеттери боюнча бири-биринен бөлүнүп турат.







Момун

Момун, Аллага жана Алла тарабынан вахий катары Сүйүктүү Пайгамбарыбызга келген ар бир нерсенин туура экендигине ишенген жана аларды чын жүрөктөн кабыл алган адам болуп саналат. Ошол эле учурда Момун бул мусулман дегенди да түшүндүрөт.

Куранда Момундардын белгилүү өзгөчөлүктөрүнүн кээбирлери мындайча баяндалат:

Момундардын сыпаттары

- “Чындыгында момундар кутулушту. (Бейишке жетишти).
- Алар, намаздарында терең хушууда болушат.
- Алар, пайдасыз иштерден жана керексиз сөздөрдөн жүз үйрүшөт.
- Алар, зекетти беришет.
- Алар, намыстарын (уяттуу жерлерин) сакташат.
- Алар, аманаттарга жана берилген сөздөргө бекем болушат.
- Алар, намаздарын үзгүлтүккө учуратышпайт.
- Мына ошолор мураскорлордун так өздөрү. Алар Фирдаус бейиштерине мураскор болушат. Алар ал жерде түбөлүккө болушат.” (Му”минуун, 1-5, 8-11).



**Кезек Сизде**


Курандан Момундарды сыпаттаган башка аяттарды да табыңыз.

МУСУЛМАН
Тууралык бар өзүндө,
ҮЖалганы жок сөзүндө.
Кыйынчылыкта болгонго,
Колун сунат Мусулман.

Жолу, илимдин жолунда,
Бир Алланын кулу ал.
Исламдын жолунда,
Болот дайым Мусулман.

Максаты, дүйнө менен акырет,
Акыйкаттын жарчысы,
Арамдан качат Мусулман.

Жаштарды сүйөт жана сүйдүрөт,
Кулак төшөйт сөзүнө сыйлайп улууларды,
Ибадаттан ырахат алат Мусулман.
(Куран курстарынын окутуу программасы, 87)




**Талкуулоо**

- Жогорудагы ыр саптарын эске алганда, мусулман адамдын дагы кандай өзгөчөлүктөрү болуусу мүмкүн?
- Эмне үчүн бул өзгөчөлүктөр Момун адамда болуусу керек? Таркуулагыла.

Мунафык

- Мунафыктык, эки жүздүүлүк дегенди түшүндүрөт. Мунафык, Алланын жалгыздыгын, пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин пайгамбарлыгын кабыл кылгандыгын айтып, Мусулман сымал көрүнөт да бирок, буга чын жүрөктөн ишенбейт.
- Ишеним жагынан алып караганда Мунафыктын ичи менен тышы башка болот. Өзүнө сөзү дал келбейт.



**Кезек Сизде**

Ыйманды жүрөк менен тастыктоо шарт болсо, тил менен айтуу шарт эмес. Эмне үчүн мындай? Ачыктап бериңиз.

Мунфыктын сыпаттары: Ыйык китебибиз Курани Каримде мындайча баяндалат:

- “Кээбир адамдар “Биз Аллага жана Кыямат Күнүнө ишенебиз”,- дешет. Бирок алар ишенишпейт.
- Алланы жана ишенген ыймандууларды алдоого аракеттенишет.
- Бирок, алар өздөрүн гана алдашат, муну өздөрү да сезишпейт.
- Алардын жүрөгүндө эки жүздүүлүктүн айынан пайда болгон оору бар.

- Алла да алардын оорусун күчөтөт.
- Жалган сүйлөгөндөрү үчүн аларга оорутуучу азап бар.”
- Аларга: “Жер бетинде жамандык-бузукулук жайылтпагыла”,- деп айтылса, “Биз болгону жакшылык кылуучуларбыз”, – дешет. Билип койгула, жамандыкты-бузукулукту жайылтуучулар дал ошолор . Бирок алар аны сезишпейт.
- Аларга: “Башкалар ишенгендей эле ишенгиле!” – деп айтылганда, “Биз эмне, кем акылдар ишенгендей ишенебизби?”, – дешет. Аныгында алар өздөрү кем акылдар. Бирок, муну өздөрү билишпейт.
- Ыймандууларга жолукканда: “Биз ишенебиз”, – дешет. Бирок өздөрүнүн шайтандары менен өздөрүнчө калганда: “Биз силер мененбиз, болгону – тигилерди шылдыңдап жатабыз”, – дешет. Аныгында Алла аларды шылдыңдайт; алар ушул абалда азгырылып жүргөндө, аларга нөөмөт берилет. Булар адашууну туура жолго сатып алгандар болуп саналат. Андыктан алардын соодасы кирешесиз болду жана алар туура жолду таба алышпайт” (Бакара, 2/ 8-16).

Мунафыктар сыртынан Мусулман сыяктуу көрүнгөнү менен чындыгында Момун эмес. Алардын Алланын жолунан адашууларынын себеби, биринчи ыйман келтиришип андан кийин кайрадан аны четке кагуулары болуп саналат. Ушундан улам алардын жүрөктөрү кулпуланган.



“...(андыктан) алар түшүнө алышпайт.” (Мунафикун, 63/3)

“Акыйкатта, эки жүздүүлөр Тозок отунун төмөнкү катмарында болушат. Сен алар үчүн жардам кылуучуну таппайсың”. (Ниса, 4/145).

**Ой Жүгүртүү**

- Мунафыктар кимдерди алдап жатышат?
- Мунафыктардын соодасы эмне үчүн өздөрүнө пайда алып келбейт?

Мунафыктар ибадат кылып жаткандай көрүнгөнү менен чындыгында абал андай эмес. Алар жөн гана адамдарды алдоо үчүн жана көз боёмочулук үчүн ибадат кылышат. Куранда алардын абалы мындайча баяндалат:

“Алар от жаккан адамга окшойт: Качан (от) айлананы жарык кылган кезде Алла анын нурун алып салды жана ал көөдөй караңгылыкта көрө албай калды. (Алар) дүлөй, дудук, сокур жана алар туура жолго кайтышпайт”. (Бакара, 2/ 17-18)

### Каапыр

- Каапыр (четке кагуучу), Ислам dининин негизги принциптерине ишенбеген, Пайгамбарыбыздын пайгамбарлык милдетин танып, Анын Алланын даргөйүнөн алып келген буйруктарын жана тыюларынын жарымын же толугу менен четке

каккан адам деп ататлат. Бул динибиздин негизги түркүктөрүн жактырбоо, аларга маани бербестик жана барктабастык болуп көрүнөт.

- Каапыр, "жапкан" деген маанини түшүндүрөт. Мындайча айтканда каапыр адам чындыкты жана акыйкатты жаап-жашыргандыгы үчүн, туура эмес нерселерге ишенгендиги үчүн ага ушундай ат берилген.
- Каапыр билип туруп чындыкты кабыл албайт же болбосо билмексен болуп аны жаап-жашырат. Каапырлардын акыреттеги абалдары Ыйык Китебибизде мындайча баяндалат:

"Чындыгында, каапырлар менен каапыр абалында өлгөндөргө Алланын, периштелердин жана жалпы адамдардын каргышы (болсун!). Ал жерде алар түбөлүккө калышат. Алардын азабы жеңилдетилбейт, мүмкүнчүлүк да берилбейт". (Бакара, 2/161-162).

"Же болбосо капкара, күркүрөгөн, чагылгандуу асмандан нөшөрлөп жааган жамгырда калган кишилерге окшойт. Чагылган жарк эткенде коркуп, манжаларын кулактарына тыгып алышат. Бирок, Алла каапырларды курчап алган! Чагылган алардын көрүүсүн (көзүн) кылууга дапдаяр: Качан "жарк" дей түшкөндө алар басып жөнөшөт, караңгылаcа туруп калышат. Эгерде Алла кааласа аларды дүлөй жана сокур кылып коймок. Акыйкатта, Алла бардыгына кудурети жетүүчү!". (Бакара, 2/19-20).

**Ой Жүгүртүү**

Жогорудагы аяттарда каапырлардын абалы кандайча сүрөттөлүүдө? Түшүндүрүп бергиле.

Мушрик

- Ширк, "ортомчу кылуу, ортомчу кабыл кылуу" деген маанини түшүндүрөт. Башкача айтканда Алланын шериги, теңи жана ортогу бар экендигин кабыл кылуу дегенди билдирет.
- Мушрик болсо шерик кылган (кошкон) адам болуп саналат.
- Мушриктер, Аланын барлыгын четке кагышпайт. Бирок, Аны менен бирге башка теңирлердин бар экендигине да ишенишет.
- Мушриктер, сыпаты жагынан, эрки жагынан жана кудуреттүүлүгү жагынан Аллага тең-ата болооруна ишенген кандайдыр күчтү жана барлыктарды кудай катары кабыл алышат. Бул барлык көзгө көрүнгөн же көрүнбөгөн, жандуу же жансыз болгон нерселерден болушу да мүмкүн.
- Ширк менен Куфр түшүнүктөрү бири-бирине жакын болот. Кээбир каапырлар үчүн мушрик сөзү колдонулат. Ар бир мушрик каапыр, бирок, ар бир капыр мушрик эмес.
- Ыйык динибиз Ислам түшүнүгүндө Аллага ширк келтирүү эң чоң күнөөлөрдөн болуп саналат.

- Китебибиз Курани Каримде мындай деп айтылат: “Аныгында Алла (ибадатта жана ишенимде) өзүнө шерик кошулуусун кечирбейт. Бирок андан башка күнөө иш кылгандарды эгер кааласа кечирет. Ким Аллага ширк келтирген болсо, демек ал катуу адашкан”. (Ниса, 4/116).

Ишенимибизде Алла жети кабат көктүн, жердин жана баардык нерселердин жалгыз ээси (өкүмдары). Жаратуучулук Ага гана тиешелүү. Эч ким Ага шерик боло албайт.

“...Аны менен бирге башка кудай дагы жок! Андай болсо, ар бир кудай өзү жараткан нерсе менен кетмек жана (дүйнөдөгү падышалар сыяктуу) бири-бирине үстөмдүк кылмак...” (Му”минуун, 23/91).

“Эгерде асман менен жерде Алладан башка кудайлар бар болгондо, анда (алар) ойрон болмок...” (Анбийа, 21/22).

## 4 Ыйман, Так Маалымат жана Амалдын Ортосундагы Байланыштар



### Ыйман менен Амалдын Ортосундагы Байланыш

Көпчүлүк учурда адамдардын ойлогон ою менен кыймыл аракети бир болот. Анткени, адамдын ою менен сезимдеринин, сезимдери менен иш-аракеттеринин ортосунда тыгыз байланыш бар. Ыйман келтирген адамдын да ыйманы менен кыймыл-аракеттеринин жана кыймыл-аракеттери менен түшүнүгүнүн ортосунда тыгыз байланыштын болуусу зарыл.

Амал адамдын кылган баардык иштери болуп саналат. Ыйык динибизде Алланын мактоосуна татыктуу болуу үчүн жасалган иштер менен башка иштердин ортосунда айырмачылктар болот. Алланын ыраазычылыгын табуу максатында жакшы жана кооз иштерди аткарышыбыз бизден талап кылынган. Кыймыл аракеттер, ыймандын натыйжасы болгон ишеним менен уйкаш болгондо гана *“саалих амал”* болуп эсептелинет.

Ыйман менен адамдын кыймыл-аракеттеринин ортосундагы байланыштар: Курани Каримде көптөгөн аяттарда “ыйман келтирген жана саалих амал жасагандар” деп айтылып, ыйман менен амалдын ортосундагы тыгыз байланышка ишаарат кылынат. Бул өңүттө кандайдыр бир маселеде пайда богон ишенимдерибиз жана баалуулук түшүнүгүбүз өзгөргөндө, мунун таасири жүрүм-турумдарыбызга да тиет.

Ыйман, бир ишти аткарууда же аны таштоодо чоң рол ойнойт. Мисалы: ишеним ээси болгон адам кээбир кыймыл-аракеттерин чын жүрөктөн каалап, толкундануу менен жасаса, кээбирлеринен алыс турууга аракеттенет. Ыйман өзүн иш жүзүндө сездирет жана кыймыл-аракеттердин жакшы мүнөзгө өзгөрүүсүнө жол ачат. Бул жагынан алганда саалих амалдар ыймандын жемиштери болуп саналат.

Алла, ыйман келтирип, саалих амал жасагандарга сыйлык берээрин белгилейт:

“Ыйман келтирип, жакшы амал жасагандарга жакшы жашоо жана сонун жай ыроолонот”. (Раад, 13/29).

“Аллага ишенип жакшылык иштерди кылгандарга сыйлык катары алдынан дарыялар агып турган Бейиш бактары берилет. Ал өзү чоң сыйлык!” (Буруж, 85/11).

Улуу Алла, ишенип жана ошого жараша аракет кылгандар менен саалих амал жасабагандарды бир көрбөстүгүн белгилеп өтөт.

“(Эч качан) Сокур менен көзү соо бирдей эмес жана ыйман келтирип, жакшылык иш кылгандар менен жамандык кылуучулар да тең боло албайт. (Адамдар Алланы) өтө аз эскеришет!” (Гаафир, 40/58).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз мындайча буйруйт: “Кимде ким чын көңүлдөн ыйманды жүрөгүнө сиңдирип, өзүн таза кармаса, тилин туура сүйлөөгө үйрөтсө жана да напсисин тынчтыкка жеткен абалда; мүнөзүн, адеп-ахлагын, жүрүм-турумдарын туптуура... абалга айлантканда гана чыныгы кутулууга жеткен болот”. (Ахмад, Муснад, V/147).

**Талкуулоо**

Алланын ыраазычылыгын ыроологон саалих амалдардын жеке адамдын жашоосунда жана коомдук жашоого тийгизген таасирлерин талкуулагыла.

Ыйман менен жүрүм-турумдарыбыздын ортосунда эки тараптуу байланыш болгондугу үчүн, ыйман жүрүм-турумдарга, жүрүм-турумдарыбыз да ыйманга таасир этет. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз мындай деп айткан:

“Пенде бир күнөө кылганда анын жүрөгүндө бир кара чекит (из) пайда болот. Эгерде адам ал күнөөдөн напсин тыйса, кечирим сурап, тообо келтирсе анда жүрөгү тазаланат (так өчүрүлөт). Тескерисинче болуп, ошол күнөөнү жасаганды уланта берсе анда жүрөктөгү кара так көбөйө берет да кала берсе, белгилүү убакыттан соң ошол так толугу менен жүрөктү каптап калат”. (Тирмизий, Тафсир, 75, (3334), V/434).

Бул көрсөтүп тургандай, кыймыл-аракеттерибиз бизде из калтырат. Убакыттын өтүшү менен ал адатка айланат да ой жүгүртүүбүзгө да таасир эте баштайт. Андыктан жамандыктан алыс болуу менен бирге жасалып жаткан жамандыктарга да кайдыгер карабашыбыз керек.

Ушундан улам Сүйүктүү Пайгамбарыбыз мындайча буюрат:

«Кимде-ким бир жамандыкты көрсө, колу менен түздөсүн. Буга күчү жетпесе, тили менен жайгарсын. Эгер буга да дарамети жетпесе, ошол ишти жүрөгү менен жаман көрүп койсун. Бул (жүрөктөн жагымсыз кабылдоо) – алсыз ыймандын абалы» (Ахмад, Муснад, II/104).

## Ыйман менен Так Маалыматтын Ортосундагы Байланыш

Ыйман, негизинен биз адамдар менен Алланын ортосундагы өзгөчө байланыш болуп саналат. Бул жерде маалыматтын өзгөчө орду бар. Ишеним бул, адамга таандык чечим; бул деген, адам өз эрки менен эмнеге ишенээрин өзү чечүүсү керек. Мындай чечим чыгарууда адамдын маалымат дүйнөсү чон ролду ойнойт. Улуу жаратуучубуз бизди ой жүгүртүүгө, изилденүүгө үгүттөйт. Ааламдагы тартипти (системаны) жана жаратылышты аңдап-билгендер, Алланын барлыгын жана бирлигин сезүүгө жакын болушат. Ушул себептен улам адамдар ой-жүгүртүүгө үндөлөт.

Курани Каримде "...Ал адамдар (Жаратуучусун) эстөөсү үчүн Өз аяттарын баян кылат". деп айтылууда.

**Ой Жүгүртүү**

Алла бизди кандай маселелерде ой-жүгүртүшүбүздү талап кылууда? Эмне үчүн?



Алла, аалм тууралуу жана башка барлыктар жөнүндө ой-жүгүртүүгө багыттап, Өзүнүн барлыгын сезүүбүздү максат кылат. Андыктан, ой жүгүртүү жана маалымат алуу, ыйманга жетүүгө жана аны кубаттоого кызмат кылат.

"Ал силер үчүн түн менен күндүздү жана күн менен айды баш ийдирди. Жылдыздар да Анын буйругуна баш ийишет. Так ушунда ойлонгон коом үчүн белгилер бар". (Нахл, 16/12).

Туура маалымат ыймандын пайда болуусуна өз салымын кошкондой эле анын өөрчүүсүнө жана бышып-жетилүүсүнө да чоң жардам берет. Адамдын маалымат дүйнөсү кеңейген сайын, ошол маалыматты маанилүү кылган б.а ишеним сезими күчөп, баркы көбөйөт. Китебибиз Курани Каримде; *"...(Эй, Мухаммед!) Аларга: «Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?»*, – деп айт". (Зумар, 39/9) деп буйрулган. Илимин тереңдеткендер үчүн көптөгөн сыйлыктар бар экендиги (Ниса, 4/162) сүйүнчүлөнөт. Атактуу сопу Юнус Эмре бир ырында так маалымат менен ыймандын ортосундагы байланышты мындайча баяндаган:

Илим илим бул билүү, илим өзүн таанып-билүү
Сен өзүңдү таанып-билбесең, анда, бул кандай билим.
Окуудан максат акыйкатты таанып-билүү
Окуп аны билбесең, анда болот убарагерчилик.

(Юнус Эмре)

**Талкуулоо**

“Өзүн таанып-билген, Раббин да таанып-билет” деген сөздүн айлатасында талкуу жүргүзгүлө.

## Таклидий (Ээрчиме) Ыйман

Маалымат менен болгон ыймандын байланышы, ыймандын сапаттуулугун да чагылдырат. Адам баласы бир гана чөйрөсүндөгү кишилердин айткан сөздөрү менен, алар көрсөткөн багыт менен ишеним келтирсе, анда мындай ыйман таклидий (ээрчиме) ыйман деп аталат.

### *Таклидий Ыймандын Өзгөчөлүктөрү*

- Таклидий ыйманда адам чөйрөсүнө ээрчип ыйман келтирет. Бул абалда терең маалымат жана далилге таянган ой-жүгүртүү жокко эсе болот.
- Мындай ыйман кабыл болуу менен бирге маалыматтык колдоого муктаж болот.
- Таклидий ыйман, күчтүү далилдерге таянбагандыгы үчүн башка нерселердин таасиринде калуусу мүмкүн. Кандайдыр каршы болуунун же болбосо кандайдыр сын-пикирдин таасири менен жоголуп кетиши да мүмкүн.
- Аң-сезимсиз болгон таклидий ыйман жөнүндө шек саноолор улам көбөйүп турат жана бул шек саноолордун терс таасри тийиши мүмкүн.
- - Таклидий ыйман жана фанатизм (берилгендик): Таклидий ыйманда жетиштүү изденүү жана изилдөө болбогондугу үчүн мындай адамдардын фанатизмге кабылуу ыктымалы да бар. Анткени бул адамдар тереңге кетпей үстүртөн йо жүгүртүшөт.
- Маалыматсыз ээрчимелик да адамды фанатизмге түртөт.
- Фанатизмге кабылган адамдар ээн-эркин ой жүгүртүүдөн алыс болушат. Туура менен туура эмести өз алдынча ажыратууга алы жетпейт.

Улуу Алла, маалыматы тайкы ээрчимелерге мындай эскертүү жасайт:

“Аларга: «Алла түшүргөнду ээрчигиле!» – деп айтса, алар: «Жок, биз ата-бабаларыбыздан калган нерселерди ээрчийбиз», –дешет. Ата-бабалары эч нерсеге акыл калчап, туура жолго түшпөгөн болсо да ээрчи-шеби?!”. (Бакара, 2/170).

Ыйык динибиз маалыматы тайкы ээрчимеликти: изилдөөө жана ой-жүгүртүү аркылуу жоюуну көздөйт.

**Талкуулоо**

Фанатизмдин зыяндуулугун талкуулагыла.

### Тахкикий (Тастыталган-Изилденген) Ыйман

Далилге, изилдөөгө, маалыматка, аңдап-кабылдоого таянган ыйманга Тахкикий (тастыкталган) ыйман деп аталат. Бул, адам баласынын өз алдынча сурамжылоосунун, изденип-изилдөөсүнүн натыйжасында пайда болгон ыйман болуп эсептелинет. Эң негизгиси ар бир мусулман эмнеге, эмне үчүн ишеним келтиргендигин сезе билүүсү керек.

Курани Каримде Улуу Алла, адамдарды ой-жүгүртүүгө, изденүүгө жана изилденүүгө чакырат.

“Ал тирилтет жана өлтүрөт, түндүн жана күндүздүн алмашуусу Ага таандык. Эмнеликтен акыл калчабайсыңар?”. (Му’минуун, 23/80).

*Тахкикий Ыймандын Маанилуулугу*

- Ой жүгүртө алган, изилденген, чындыкты жана акыйкатты көрө билген адам, ишенимдеринин пайдубалын да күчтүү орнотот.
- Адам ааламды жана жаратылышты изилдеп, диндин буйруктарын жана тыюуларын түшүнүп, ыйманынын даражасын таклид даражасынан тахкик даражасына жогорулатууга милдеттүү.
- Ыйман тахкик даражасына жеткен кезде, адамдын Алла менен жана башка макулуктар менен болгон байланышынын сапаты да өзгөрөт. Бул көрүнүш Курани Каримде мындайча баяндалат:

“Чынында момундар, Алла(нын аты) эскерилгенде жүрөктөрү титирейт, аларга Анын аяттары окулганда, ыйманы күчөйт жана өздөрүнүн Эгесине гана тобокел кылышат”. (Анфал, 8/2).

Ушундай себептерден улам ыйманыбызды күчтүү пайдубалга орнотуу жана аны өөрчүтүү үчүн туура маалыматтарыбызды тынымсыз жаңылап, көбөйтүп туруубуз керек.

Сйүктүү Пайгамбарыбыз бул маселе боюнча мындай деп буюрат: “Илим алуу аял эркек дебестен ар бир мусулманга парз болуп саналат”. ***(Ибн Маажа, Мукаддима, 17, 8224), 1/81)***.

**Талкуулоо**

Ыймандын тахкик даражасына жетүүсүндө так маалыматтын, кандай жардамы болот? Талкуу жүргүзгүлө.

- Таклидий ыйман: Адамдын, чөйрөсүндөгүлөрдүн айтуусу жана көрсөткөн багыттары аркылуу ишенүүсү болуп саналат.
- Тахкикий ыйман: Далилге, изилдөөгө, маалыматка, аңдап-билүүгө таянат.

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Ыйман бул, бир нерсени чын көңүлдөн кабыл алуу, ага жүрөктөн ишенүү. Негизинен ыйман жүрөктүн иши болуп саналат жана чын көңүлдөн, ички дүйнөдөн, көөдөндөн жаралган ишеним болуп саналат. Ыймандын пайдубалы жүрөк менен тастыктоо болуп саналат. Ыйманга таандык болгон нерселер жөнүндө шек саноо, аларды четке кагуу болгон жерде ыймандан сөз кылууга болбойт.

Ыйман жана икрар (тил менен айтуу): Ыйман маселесинде адам ишенген нерселерин икрар кылуусу керек б.а тил менен айтуусу керек. Ислам түшүнүгүндө ыйман; Аз. Мухаммеддин Улуу Алладан алып келген нерселерин туура экендигин кабыл алып, аларга чын көңүлдөн ишенүү дегенди түшүндүрөт.

Ыйман жүрүм-турумдарыбызга багыт берип ага таасир этет. Анткени ыйман адамдын түшүнүгү, сезимдери жана кыймыл-аракеттери менен тыгыз байланышта болот. Бул өңүттөн ыйман, турган-турпатыбызды курчап турат. Ыйман, адамдар менен, башка жандуулар менен болгон мамилебизде бизге багыт көрсөтөт. Ыйман, баардык ибадаттарыбыздын жана кыймыл-аракеттерибиздин себепчиси болуп эсептелинет.

Калима-и Таухид, Ислам динин кабыл алгандыгыбызга жана жүрөктөгү ыйманга далаалат кылат. Мусулман болуунун эң алгачкы шарты бул, Калима-и Таухидди кабыл кылуу болуп саналат. Таухид сөзү: Лаа илааха иллаллах Мухаммадур-расуулуллах = Аллдан башка теңир жок, Мухаммед (с.а.в.) Анын элчиси.

Калима-и Шахадат болсо ашхаду анлаа илааха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расуулуху = Алладан башка теңирдин жоктугуна күбөлүк кылам. Дагы, Мухаммед (с.а.в.) Алланын кулу жана элчиси экендигине да күбөлүк кылам.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Ыйман termininin өзөгүндө орун алган негиздердин бири-бири менен болгон байланыштарын ачыктап бериңиз.

2. Таухид келимеси менен Шахадат келимесинин окшоштук жактары жана айырмачылыктары кайсылар?

3. Таклидий ыйманды Тахкикий ыйман түрүнө кантип өзгөртүүгө болот? Ачыктаңыз.

4. Илим алуу, ыймандын тахкикий деңгээлине жетүүсүнө кандай жардам бере алат? Ачыктап бериңиз.

# Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Момун адамдын өзгөчөлүктөрүнөн эмес?**

А) Намаздарын хушуу менен окушат.

Б) Зекеттерин беришет.

В) Пайдасыз иштерден жана маанисиз сөздөрдөн жүз үйрүшөт.

Г) Аманаттарга жана берген сөздөрүнө бекем турушат.

Д) Адамдардын кемчиликтерин издешет.

**2. Төмөндөгүлөрдөн кайсы бири ыймандын негиздеринен эмес?**

А) Намаз окуу    Б) Аллага ишенүү    В) Акырет күнүнө ишенүү

Г) Китептерге ишенүү    Д) Шахадат келимесин айтуу

**3. Ислам динин кабыл алып жаткан адам, эң алгача төмөнкүлөрдүн кайсынысын аткарат?**

А) Орозо кармайт    Б) Намаз окуйт    В) Ажылыкка барат

Г) Зекет берет    Д) Шахадат келимесин айтат

**4. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Мунафыктын алааматынан болуп саналат?**

А) Ыйман келтиргендей көрүнөт, бирок жүрөгү менен ишенбейт

Б) Жүрөгү менен тастыктап, тили менен икрар кылат

В) Алланын теңи жана шериги бар экендигин кабыл кылат

Г) Исламдын негизги принциптерин четке кагат

Д) Исламдын негизги принциптеринин бир бөлүгүн кабыл алат

**5. Изденүү жана изилденүүнүн натыйжасында пайда болгон аң-сезимдүү ыйман, төмөнкүлөрдүн кайсынысы?**

А) Таклидий ыйман    Б) Тахкикий ыйман    В) Тажрыйбага таянган ыйман

Г) Тамсилий ыйман    Д) Муктасап (аракет кылып тапкан) ыйман

# III БӨЛҮМ



# Алла, Адам жана Ааламдын Ортосундагы Байланыштар

1. Алла жана Жаратылыш (Жаратылуу)
2. Адамдын Жаратылуудагы Орду
3. Адам менен Алланын Ортосундагы Байланыш
4. Жаратылууда Ааламдын Орду
5. Адам менен Ааламдын Ортосундагы Байланышта Адамдын Милдети

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул Бөлүмдө;
- Адамдын жана ааламдын, ааламды жараткан Алла менен болгон байланышы каралат.
- Алланын жаратуусунун маанилүүлүгү,
- Адамдын жаратылуудагы орду изилденет.
- Жаратуучу менен жаратылгандардын ортосундагы байланышта, адамдын Алла менен болгон байланышына ишаарат кылынып, бул байланыштын маани-маңызы тууралуу сөз болмокчу.
- Адамды Алла менен байланыштырган дуба, ибадат жана башка ушул сыяктуу жакшы амалдар изилденет.
- Мына ушулар Улуу Алла менен болгон байланышты кубаттап тураарына басымдуулук жасалат.
- Ааламдын жаратылуу өзгөчөлүктөрүнө токтолгондон кийин, адам менен ааламдын ортосундагы байланышта адамдын жоопкерчилигине жана милдеттерине көңүл бурулат.

## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;
1. Алланын жаратуудагы максатын ачыктоого,
2. Алланын баардык нерсени жараткандыгын айгинелеген аяттардын котормолорун айтып берүүгө,
3. Адамдын жаратылуудагы ордун ачыктоого,
4. Адамдын Алла менен байланышта болуусунун маанилүүлүгүн жана пайдасын ачыктап берүүгө,
5. Канткенде адам Алла менен байланыш түзө алаарын ачыктап айтууга,
6. Дуба аркылуу Аллага кантип жакындоого болоорун ачыктоого,
7. Ибадат менен жакшы амалдар эмне Алла менен байланышуунун жолдорунан экендигин ачыктоого,
8. Алла менен байланыш куруудa, ибадат менен жакшы иштердин кандай пайдасы болоорун ачыктап айтууга,
9. Ибадат жана жакшы иштер аркылуу Алла менен байланыш курууга болоорун сезе-билүүгө,
10. Ар дайым Алла менен болуу түшүнүгүнө маани берүүгө,
11. Курани Каримди эске алып ааламдын кантип жаратылгандыгын ачыктоого,
12. Ааламдын жаратылуу себебин ачыктоого,
13. Адам менен ааламдын ортосундагы байланышта адамга берилген жоопкерчиликтин маанилүүлүгүн айтып берүүгө,
14. Адам менен ааламдын ортосундагы байланышта адамга берилген жоопкерчиликке мисал келтирүүгө, жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.

# 1 Алла жана Жаратылыш

Жаратуу бул, бир нерсени жоктон бар кылуу дегенди түшүндүрөт. Алла баардык нерсенин жаратуучусу. (Зумар, 39/62). Көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн баардык макулуктарды Алла жараткан.

“Биз асмандар менен жерди, алардын арасындагыларды акыйкаттык менен жаратканбыз..” (Хижр, 15/85).

Алланын жаратуусу, жаратуусунун жана пайда кылуусунун теңи жана окшошу жок, теңдешсиз. Анын жараткан нерселери жаралуудан мурун окшошу жок эле.

“Ал, асмандарды жана жерди жоктон бар кылган..” (Ан’ам, 6/101).

Алла баарын жоктон бар кылган Улуу Раббибиз болуп саналат. Жаратуучу да жашатуучу да бир гана Алла.

“Ушул Алла силердин Эгеңер! Андан башка сыйынууга татыктуу эч бир кудай жок. Ал ар бир нерсенин Жаратуучусу. Эми Ага гана ибадат кылгыла! Жана Ал бардык нерсени көзөмөлдөп туруучу!” (Ан’ам, 6/102).

Бүт баарын жараткан Алла, аларды кандайдыр бир тартипке жана өлчөмгө жараша жараткан.

“Чындыгында биз баарын өлчөм жана теңдик менен жараттык”. (Камар, 54/49). “Ал жети кабат асманды как-кат кылып жараткан. Мээримдүүнүн жаратуусунда эч бир иретсиздикти көрө албайсың! Кайра-кайра көз чаптырсаң да кынтык таба албайсың! Дагы да эки мертебе көз салчы: Көз карашың чарчап, кор болуп кайра өзүңө кайтат”. (Мүлк, 67/3-4). Алла баарын өз ирээти менен жараткан.

Алла ар бир нерсени жараткандыгы үчүн Ага шүкүр келтирип мактоо айтышыбыз керек. “Жогору даражалуу Эгеңдин атын аруула! Ал баарын жараткан жана тең кылган. Ал баарын өлчөп жана багыттап койгон”. (А’лаа, 87/1-3).

“Ал асмандар менен жерди өз оордунда жаратты, силерге эң соонун келбет берди жана көрүнүшүңөрдү көрктүү кылды. Кайтып баруу - Өзүнө гана!” (Тагаабун, 64/3).

**Талкуулоо**

Ааламда башаламандык барбы? Талкуулагыла.

## 2 Адамдын Жаратылуу Себеби

- Алла жер жүзүн, баардык жандуу менен жансызды жаратқандан кийин, адам баласы үчүн жашоого ыңгайлуу абал даярдаган. Андан соң адамды жараткан. Адам баласы эң кооз абалда жаратылган. “Албетте, Биз инсанды эң мыкты - кооз турпатта жараттык”. (Тин, 95/4).
- Куранда адам топурактан жаратылгандыгын жана бир канча өзгөрүүдөн соң ушул абалга келгендиги белгиленет. “Анын белгилеринин бири – силерди топурактан жаратуусу болуп саналат”. (Рум, 30/20).
- Түрдүү баскычтардан өтүп жаратылган адамга Алла жан киргизген. “Андан соң аны келбетин келтирген жана ага Өз рухунан үйлөгөн. Силерге кулак, көз жана жүрөк ыроологон. Силер аз шүгүр кыласыңар”. (Сажда, 32/9).

**Кезек Сизде**

Куранда адамдын жаратылуу этаптарын баяндаган аяттарды таап окугула. Мисалы; 22/5, 23/12-14, 39/6.

### Куранда Адамдын Жаратылуу Максатынын Баяны



- Алла адамды жаратып, периштелеринен ага сажда кылууларын талап кылган. (Бакара, 2/34).
- Эң кооз абалда жаратылган адам, Алланын буйруктарына жана тыюуларына моюн сунуп, периштелердин даражасынан да жогорку даражага чыга алат. Ошондой эле тескерисинче төмөнкү даражаларга да түш келиши мүмкүн. “Албетте, Биз инсанды эң мыкты - кооз турпатта жараттык. Андан кийин Биз аны төмөнкүлөрдүн эң төмөнүнө кайтардык. Бирок, ыйман келтирип Аллага ишенген жана жакшылык иштерди кылгандар үчүн үзүлбөгөн сыйлык бар”. (Тин, 95/4-6).



- Адам табиятынан улам улуу макулук болуп саналат. Адамдын жаралуу максатын Алла мындайча баяндайт: “Мен жиндерди жана адамдарды Өзүмө сыйынуулары үчүн гана жараттым”. (Заарийат, 51/56).
- Аллага кулдук кылуу максатында жаратылган адам баласы, жакшы жака да жаман жака да ооп кетүү өзгөчөлүгүнө ээ. Бирок, адам өз акылын жана өз эркин колдонуп, жаратылуу максатына төп келген ролду тандай алат. “Чынында, Биз адам перзенттерин (башка макулуктардан) улук кылып жараттык. Аларды кургактагы жана деңизде(ги нерселерге) миндирип, таза-пакиза нерселерден ырыскы бердик жана Өзүбүз жараткан көптөгөн нерселерден абзел-жогору кылып койдук”. (Исра, 17/70).

# 3 Адам менен Алланын Ортосундагы Байланыш

Алла Таала адамды жараткан бирок, аны өз алдынча таштап койгон эмес. Алла ар дайым адамга жакын турат. Бирок, кээбир адамдар Алла менен болгон байланышын үзүүгө аракеттенет же болбосо Ал менен болгон байланышты сезбейт. Адам баласы Аллага канчалык жакындаса, Алла да ага ошончолук жакындайт.

Расуулулла (с.а.в.) мындай буюрган: “Алла Таала мындай деп айткан: Кулум мен жөнүндө кандай ойлонсо мен ошол абалда болом. Ал мени эстесе мен аны менен чогуу болом. Ал мени ичинен ойлосо, Мен да аны ичимден ойлойм. Ал мени бир жамааттын арасында эстесе, Мен да аны андан да пайдалуурак жамааттын арасында эстейм. Ал мага бир карыш жакындаса, Мен ага бир чыканак жакындайм. Ал мага бир чыканак жакындаса, Мен ага бир кулач жакындайм. Ал мага басып келсе, Мен ага чуркап барам”. (Бухарий, Таухид 50, VIII/212; Муслим, Зикр 2, (2675), III/2061).

**Кезек Сизде**

Эмне үчүн Алла менен байланыш курууну жана Ага жакындоону каалагандыгыңызды ачыктап бериңиз.

**Ой Жүгүртүү**

- Адам Алла менен болгон байланышын аң-сезимдүү улантууга тийиш.
- Адамдын Алла менен болгон байланышы түрдүүчө болуусу мүмкүн. Булар; дуба, ибадат жана саалих амалдар.

Дуба

Алла менен байланыш түзүү, байланышты улантуу же болбосо күчтөндүрүү жолдорунун бири бул, дуба болуп саналат. Дуба аркылуу Аллага болгон моюн сунуубузду сөзгө төгүп, Ага болгон ишенимибизди, сүйүүбүздү бышыктайбыз. Аллага кылынган дубалар кайсы тилде болбосун, кандай абалда болбосун, Ал бизди угат жана дубаларыбызды кабыл кылат.

“(Оо Мухаммед!) эгер пенделерим сенден Мени сурашса (билип коюшсун), Мен (аларга аябай) жакынмын. Мага дуба кылышса, дуба кылган адамдын дубасына жооп беремин. Андай болсо, туура жолду табуу үчүн Менин чакырыгыма кулак төшөшсүн жана Мага ыйман келтиришсин”. (Бакара, 2/186).

**Талкуулоо**

- Дубаны кантип кылышыбыз керек?
- Дуба кылып жатканда эмнелерди айтышыбыз керек? Талкуулагыла.

Дуба

Дубаларым, Сага башпаааннек болгон учурларым,
Дүйнөдөн алыстап, канат байлап учамын.
Баарына күчү жеткен Кадир-и Мутлактан,
Көңүлүмдөгүн сурап, көөдөнүмдөн тиленем.
Хажер Акын (Диянет журнал, 109).

**Талкуулоо**

Жогорудагы ыр саптарын эске алганда,

- Дуба кылып жатканда эмнелерди сезебиз?
- Дуба аркылуу Алладан эмнелерди суранабыз? Талкуулагыла.

**Дуба жана Инсан**

- Дуба аркылуу биз, сезимдерибизди жана ой-пикирлерибизди Улуу Алла менен бөлүшүп, каалоо-тилектерибизди Ага сунабыз. Ал менен чын көңүлдөн баарлашабыз.
- Дуба аркылуу Эгебизден бир нерсе суроо менен бирге сураган нерселерибизди жүзөгө ашыруусу үчүн колдон келген аракетти жасашыбыз керек.
- Кээде дубаларыбыздын орундалбаган учурлары да болот. Мындай абалда сабырдуу болуу керек.

**Неге Дуба Кылынат?**

- Дубаларыбызды көңүл чөгүп, муңдуу болуп турганда кылгандай эле кубанычтуу абалдрыбызда да дуба кылабыз.
- Дубаларыбызда өзүбүзгө, жакындарыбызга жана баардык адамдар үчүн да жакшылыктарды тилейбиз.
- Кубанычтуу абалдарда кылынган дубалар аркылуу ошол кубанычты тартуу кылган Аллага ыраазычылык билдиребиз. Мындай жол менен Раббибизге болгон сүйүүбүз күчөйт, Раббибиздин да бизге болгон мээрими артат.
- Сүйүктүү Пайгамбарыбыз мындай деп дуба кылган:

"Мага ден соолук жана Өзүн эстөөгө мүмкүнчүлүк берген Аллага чексиз шүкүрлөр болсун". (Тирмизий, Даават, 20, (3401), 5/473).

- Муңдуу абалдарыбызда кылган дубаларыбыз менен Алланын колдоосун сурап, маанавий күч-кубат алабыз. Бул нерсе кыйынчылыктарды жеңүүдө бизге таяныч болот.

**Кезек Сизде**

- Кубанычтуу абалдарда кылынган бир дубаны досторуңуз менен бөлүшкүлө.
- Кубанычтуу учурларда жасалган бир дубаны изилдегиле.
- Кайгылуу абалдарда кылынган бир дубаны курбуларыңыз менен бөлүшкүлө.
- Кайгылуу абалда жасалган бир дубаны изилдегиле.

“Оо, Эгебиз! Бизге Өзүңдөн ырайым (коргоо) жибер! Жана ишибизди оңунан келтирип, жеңил кыла көр!..”. (Кахф, 18/10).

- Дубаны ар дайым жана ар жерде кылуу мүмкүн экендигин айтып өткөнбүз. Дубаларыбызды күнүмдүк жашообузда да сезебиз. Жашоодо эртең менен турганда, кечинде жатаарда, тамактануунун алдында жана аягында, ооруганда жана айыкканда, бир ишти баштаарда жана бүтүргөндө ж.б.у.с абалдарда дуба кылабыз.

**Кезек Сизде**

- Дуаларыңызда кимдер үчүн эмнелерди тилейсиз? Бөлүшүңүз.
- Сиздин күнүмдүк дуаларыңыз кайсылар?
- Курандан жана Пайгамбарыбыздын жашоосунан дуба өрнөктөрүн көрсөтүңүз.

### Ибадат: Алла Таала менен Болгон Байланышыбыз

Алла менен болгон байланышыбызды ибадаттарыбыз менен да чагылдырабыз. Раббибиз бизден Өзүнө ибадат кылуубузду талап кылат.

- “Биз Сага гана сыйынып, Сенден гана жардам сурайбыз”. (Фатиха, 1/5).
- “...Эгеңерге сыйынгыла жана (адамдарга, туугандарыңарга) жакшылык кылгыла. Балким, (тозоктон) кутулаарсыңар”. (Хаж, 22/77).

### Аллага Кулдук Кылуу

Аллага кулдук кылуу сезими менен жасалган ар бир иш-аракет ибадат болуп саналат. Анткени, бул мүнөздөгү иш-аракеттер Алланын сүйүүсүн жана ыраазычылыгын табуу максатында жасалат. Бул, ибадаттын кең мааниси болуп саналат. Мындан башка да, ыйык китебибиз Курани Каримде жана Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын хадистеринде белгилүү принциптердин тегерегинде жасоого милдеттүү болгон кээбир ибадаттар да бар. Негизги ибадаттар бир хадисте мындайча баяндалган:

"Ислам дини беш негизги түркүктүн үстүнө курулган:

Алладан башка кудай жок экендигине ишенүү, Аз. Мухаммед Анын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк берүү, намаз окуу, зекет берүү, ажылык милдетин өтөө, Рамазан орозосун тутуу". (Тирмизий, Иман, 3 (2609), V/5).

- Ибадаттар Аллага кулдук кылуу, Ага сый-урмат көрсөтүү, буйруктарын аткаруу үчүн жасалат. Бизге көптөгөн нематтарды берген Улуу Аллага ибадат кылуу менен шүкүр келтирген болобуз.

**Ой Жүгүртүү**

- Хадисте өткөн ибадаттар кайсылар? Дагы кандай ибадаттар бар?
- Ибадаттардын Алла менен болгон байланышыбызга кандай пайдасы бар?
- Аллага шүкүр келтирүү Аны менен болгон байланышыбыздын өөр-чүүсүнө кандай таасир этет?

- Ибадат аркылуу Аллага болгон милдеттерибизди орундаткан болуп, бактылуулукка жана ырахатка жетебиз.



## Саалих Амал (Жакшы Иш-Аракет)

- Алланын ыраазычылыгын табуу, жакшылыгына жетүү максатында жасалган, пайдалуу, жакшы жана көркөмдүү иштерге "саалих амал" деп айтылат.
- Дин буйруган жана насаат кылган мындай иш-аракеттер ыйман менен тыгыз байланышта жана дин көрсөткөн багытта болгондугу үчүн жарашыктуу, тынчтык ичинде жана пайдалуу деген маанилердеги саалих деген сөз менен сыпатталган.
- Саалих амал, бул ибадат дегенге барабар. Ибадаттар менен бирге адамдарга жылмаю, салам берүү, жардамга муктаж болгондорго колдоо көрсөтүү сыяктуу иш-аракеттер да саалих амалдын катарын толуктайт.
- Жакшы иштердин саны чексиз. Буларды Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын хадистеринен да карап көрөлүү:

"Ата-энеге жакшылык кылуу.." (Муслим, Иман, 36, (137), I/89).

"Бир тууганыңа жылмайып кароо.." (Тирмизий, Бирр, 36, (1956), IV/340).

"Жолдо бараткандарга ыңгайсыздык жараткан нерселерди жолдон тазалоо.." (Муслим, Иман, 12, (58), I/63).

"Адашып калган адамга жол көрсөтүү.." (Тирмизий, Бирр, 36, (1956), IV/340).

**Ой Жүгүртүү**

Баардык иштеринде Улуу Алланын сүйүүсүнө жетүүнү көздөгөн адамдын, Алла менен байланышы неге жандуу болот?

- Жакшы жана пайдалуу иштерди жасаган, Өзү менен болгон байланышын үзгүлтүккө учуратпаган адамга, Улуу Алла сыйлык берээрин айтат:

"Ал эми ыйман келтирип, жакшы амалдар жасаган пенделер үчүн түбүнөн дарыялар аккан бейиштер бар! Бул - өзү чоң жеңиш!". (Буруж, 85/11).

- Саалих амалдарды Алланын ыраазычылыгына жетүү үчүн жасайбыз.
- Аллнын ыраазычылыгын издеген сайын, Ал менен болгон байланышыбыз күчүнө кире берет. Алла, Өзү менен болгон байланышын коргоп, кубаттаган адамдарга көп-көп сыйлык тарттуулайт.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз мындай буюрат:

"Пайдалуу амалдар жок дегенде он эселеп жазылат, бул жети жүз эсеге чейин көбөйөт". *(Ибн Маажа, Адаб, 58, (3832), II/1556).*
"Аллага жаккан амалдар, аз болсо да үзгүлтүксүз жасалган амалдар болуп саналат". *(Бухарий, Иман, 32, I/16).*

**Ой Жүгүртүү**

Үзгүлтүксүз жасалган амалдар, адамдардын Алла менен болгон байланышын жандуу кармоого кандай салым кошот? Ачыктагыла.



## 4 Жаратылууда Ааламдын Орду

Жаратылыш жана Ааламдын Тартиби

Ааламдагы нерселер өз алдынча пайда болгон эмес. Ар бир нерсенин жаратуучусу болгон Улуу Алла, ааламды да жараткан. Ал ааламдардын Рабби. Алла ааламды бир тартип менен жараткан.

"Асмандар менен жердин жаралуусунда жана түн менен күндүн алмашуусунда – акыл ээлери үчүн белгилер (бар)". (Аалы Имран, 3/190)

"Күндүн чыгышы; айдын, планеталардын жана жылдыздардын кыймылдары, дүйнөнүн жана жылдыздардын айлануусунда дагы белгилүү тартип бар" (Бакара, 2/164); "Күн жана ай эсеп менен (айланат)". (Рахман, 55/5).

БИР ЧЕБЕРДИН КОЛУ ТИЙГЕН

Көздөрүңдү ачып, кара,
Бул самаават (асмандар) ак гүлдөрдөй.
Көктөрдөгү тартипти көр,
Бир чебердин колу тийген.
Суусуз жаткан кең чөлдөргө,
Жамгыр төккөн топуракка,
Жашылданган дарактарга,
Бир чебердин колу тийген.
Нур чачкан балыктарга,
Алоолонгон Вулкандарга,
Жерге түшкөн жалбыракка,
Бир чебердин колу тийген.

Ирфан Жошкун
(Диянет Журналы, 78).



**Ой Жүгүртүү**

Жогорудагы ыр саптарында эмнелер жөнүндө сөз болгон?

### Жаратылыштын Максаты

Жаратылган ар бир нерсенин жаратылуу максаты жана хикматы бар.



• Алла көктөр менен жерди акыйкат менен жаратты. “Биз Асмандар менен Жерди жана ал экөөнүн ортосундагыларды чындык, белгиленген мөөнөт менен жараттык. А каапырлар болсо өздөрүнө эскертилген нерселерден жүз буруучулар”. (Ахкаф, 46/3).

• “Алла асмандар менен жерди акыйкат менен жаратты. Албетте, мында момундар үчүн белги бар”. (Анкабут, 29/44).

• Акыретте бактылуулукка жетүү үчүн Алла бул ааламды сыноо катары жаратты. Аалам адам баласынын кызматы үчүн жана ага жардамчы катары жаратылган.

## Текстти Окуу

Өзгөчө Планета

Эгерде дүйнө өз нугундагы айлануусун адаттагыдан да көбүрөөк же азыраак мөөнөттө бүтүрсө, сиздин оюңузча эмне болоор эле? Же дүйнөбүз азыркы чоңдугунда болбогондо? Мисалы ал, өзүнөн %8га кичинекей болгон Меркурийдей, же болбосо өзүнөн 318 эсе чоң Юпитердей болгондо кандай өзгөрүүлөр болоор эле?

Эч шексиз дүйнөбүздүн жаратылуусундагы ар бир нерсе себепсиз болбогондой эле анын чоңдугу да, күндүзү менен түнү дагы, галлактикадагы орду дагы тушкелди болгон эмес.

Эгерде дүйнөнүн өз нугундагы айлануусу адаттагыдан башкача болгондо, балким түндөр мындан да узун болмок. Мындай абалда жердин бети көбүрөөк муздак болмок эле. Эгер күндүзгү убакыт адаттагыдан да узун болгондо, көбүрөөк ысык болмок. Ал эми өз нугунда адаттагыдан жайыраак айланганда, анда күн менен түндүн ортосундагы жылуулуктун айырмасы 1000с даражага жеткен Меркурий сыяктуу болмок.

Ал эми көлөмү азыркы абалынан да кичине болгондо, анда тартылуу күчү азаймак да, атмосферадагы газдарды оңой эле космос мейкинфигине учуруп жибермек. Бул деген, элестетүүгө кыйын болгон атмосферасыз дүйнө дегенди туюнтат. Көлөмү азыркы абалынан чоң болгондо тартылуу күчү көбөймөк дагы, зыяндуу газдар атмосферага толуп алып, дем алуу мүмкүнчүлүгү азайып кетмек.

Ал эми атмосфера болбогондо не болмок? Анда дүйнөбүз дагы атмосферасы болбогон айга окшошуп күндүз 150с даражага жеткен куурган ыссык болсо, түнкүсүн да -150с даражага жеткен тоңдурган суук болмок. Атмосфера болбосо карбондиоксит менен суунун абага айлануу кубулушу да жүзөгө ашмак эмес. Күндүз күндөн келген нурлардын бир бөлүгүн тосуп, аба мейкиндигине тарабаган мындай газдардын жок болуусу, алардын өз функцияларын аткарбагандыгын көрсөтмөк. Б.а дүйнө, күндүз күндүн нурунан коргогон, түнкүсүн күндүзгү жылуулукту сактап турган балансын жоготуп алмак.

Эми күндүн жер бетине адаттагыдан да жакын же алыс болгонун элестетип көрүңүз. Эгер күндүн энергиясы кадимкиден %10 болсо да азыраак келгенде, анда жердин бети кабат-кабат болгон муздар менен капталып турмак. Ал эми тескерисинче энергияда бир аз көбөйүү болгондо, анда баардык жандуулар куурлуп өлмөк. Ал эми дүйнө айлануу огунда 20 27’ даражадагы бурч (ийилүү) болбогондо эмне болоор эле? Мезгилдер мына ушул ийилүүнүн натыйжасында пайда болгондуктан, ийилүүдөгү кандайдыр бир өзгөрүү, мезгилдердин ортосунда эбегейсиз жылуулук айырмачылыктарды пайда кылмак. Бул болсо жер бетинде чыдагыс жайкы ысыктар жана тоңдурган кышкы сууктар болмок дегенди түшүндүрөт.

Ал эми чын-чынына келгенде дүйнөбүз Марс сыяктуу сууктан тоңгон жок, ошондой эле Венера сыяктуу болуп ыссыктан күйүп кеткен да жок. Эң жакынкы кошунасы ай дагы метеорит жамгырына жана зыяндуу нурларга туш болуп жатканда, дүйнөбүз мелүүн жана көңүлгө жагымдуу климатка ээ.

Өтө назик тең салмактуулукта курулган системада ар бир жартылган нерсе өз милдетин кемчиликсиз аткарууда: Дүйнө тынымсыз айланууда. Күн да ар күнү чыгууда. Топурак (жер) дайыма бутубуздун астында турат. Балким колдо бар алтындын баркы жок демекчи, баа жеткис дем алган абабыз бизди эч убакта жалгыз таштаган жок. Дүйнөбүз турган турпаты менен өзгөчө абалын жана тандалгандыгын сездирген жыпжылуу, жанга жагымдуу уя бойдон калууда.

## Талкуулоо

Dünyanın yaratılışındaki incelikler nelerdir?

### Аалам - Космос

Алла Таала жараткан нерселеринин баарын бир гана адам үчүн жараткан.

"Ал силерге Жер үстүндөгүлөрдүн баарын жаратты, андан соң асманга максат кылды, аларды жети асман кылып орноштурду. Ал бардык нерселерди Билүүчү!". (Бакара, 2/29).

"Чын эле силер асмандар менен жердегилерди баш ийдиргендигин жана силерге жашыруун да, ачык да өз жакшылыктарын толук кылып бергенин билбедиңерби?.." (Лукман, 31/20).

"Ошондой эле, Ал Өзү тараптан силер үчүн асмандар менен жердеги бардык нерселерди силерге багындырып койду. Чындыгында, ушуларда ой жүгүрткөн эл үчүн белгилер бар". (Жаасийа, 45/13).

**Талкуулоо**

Алла Таала адамдарга кандай нематтарды берген?

Жогорудагы аяттарды эске алып караганда "ой жүгүрткөн коом үчүн көрсөтүлгөн белгилер" кайсылар болушу мүмкүн? Талкуулагыла.



## 5 Адам менен Ааламдын Ортосундагы Байланышта Адамдын Милдеттери

Аалам жана андагы нерселердин баары адам баласына кызмат кылуу үчүн жаратылган. Бирок адам, ааламга жана бүткүл жаратылгандарга карата болгон мамилесинен жоопту болот. Алла берген нематтарды эң пайдалуу түрдө колдонууга жана аларды корууга милдеттүү. "Чындыгында аманатты (Ислам динин) асмандар менен жерге жана тоолорго сунуш кылдык. Ошондо алар анын жоопкерчилигин алуудан баш тартышты, андан коркушту. Анын жоопкерчилигин адам баласы мойнуна алды..". (Ахзаб, 33/72).

**Ой Жүгүртүү**

Адамга кандай милдеттер жүктөлгөн?

### Аллага Кул Болуу (Моюн сунуу)

Улуу Аллага кул катары жаратылган адам баласы, жандуу-жансыз баардык макулуктар менен болгон байланыштарында кулдук сезимин (моюн сунууну) сезе билүүсү керек. Жоопкерчилик менен аракет жасап, өзүнө тартууланган нематтарды, эң жакшы жана эң татыктуу түрдө колдонуусу керек. Жер бетин жана ар бир нерсени изилдеп Алланын аяттарын түшүнүү, алар жөнүндө ой жүгүртүү, бул адамдын жоопкерчилигине кирет. Адам баласы булар жөнүндө ой жүгүртүүгө, тафаккур кылууга милдеттүү.

“Чындыгында, асмандардын жана жердин жаралуусунда, түн менен күндүн алмашуусунда, адамдарга пайдалуу болуп деңиздерде сүзүп жүргөн кемеде, Асмандан Алла суу түшүрүп, өлгөн жерди кайра тирилтүүсүндө, андагы ар түрдүү жаныбарлардын таралуусунда, шамалдардын багытынын өзгөрүшүндө, жер менен асмандын ортосундагы баш ийген булуттарда – акыл-эстүү адамдар үчүн Алланын белгилери бар”. (Бакара, 2/164).

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Ар бир нерсени жараткан бул, Алла Таала болуп саналат. Көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөндүн баарын Алла Таала жараткан. Алланын жаратуусунун, пайда кылуусунун окшошу жок. Ал эч кандай окшошу болбой туруп, жоктон бар кылган. Баарын жарткан Алла, аларды кандайдыр бир тартип менен жана өлчөм менен жараткан. Ушундан улам Ага чексиз шүгүр келтиришибиз керек.

Улуу Эгебиз жерди, бүткүл жандуу менен жансызды жаратып, адам баласы үчүн жашоого ыңгайлуу абалды түзүп, андан соң адамды жаратты. Адам эң кооз абалда жаратылды. Аллага кулдук кылуу максатында жаратылган адам баласы, жакшы жака да жаман жака да ийилип кетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Бирок, акыл-эсин жана эрктүүлүгүн колдонуп, жаратылыш максатына туура келген абалда өмүр сүрүү мүмкүнчүлүгү да бар.

Алла Таала адам баласын жаратқандан соң аны өз башынча таштап койгон эмес. Алла ар дайым адамга жакын болот. Адам да Алла менен болгон байланышын улантуу сезиминде болууга тийиш. Адамдын Алла менен болгон байланышы түрдүүчө болуусу мүмкүн. Алар дуба, ибадат жана ушул сыяктуу саалих амалдар болуп саналат.

Дуба Алла менен болгон байланышты өөрчүтүү же болбосо күчөтүү жолдорунан болуп саналат. Дуба аркылуу биз, Аллага болгон жакындыгыбызды айтабыз, Ага болгон ишенимибизди, сүйүүбүздү арттырабыз. Кайсы тилде болбосун, кандай абалда болбосун Аллага кылынган дубаны Алла угат жана дубаларыбызды кабыл кылат. Кубанып турган кезибизде дуба кылгандай эле, кайгырып турганда да дуба кылабыз. Аллага болгон байланышыбызды ибадаттарыбыз менен, жакшы иштерибиз менен улантабыз; муну менен Алланын ыраазычылыгын алабыз жана жакшылыгына жетебиз.

Ар бир нерсенин жаратуучусу болгон Улуу Алла, бүт ааламды жараткан. Ааламдардын Рабби болгон Алла бул дүйнөнү акырет үчүн сыноо кылып жараткан.

Аалам адамдын кызматына деп жаратылган. Муну менен бирге адам да, бул дүйнөдө кылгандарынан жооптуу болот. Алла берген нематтарды эң пайдалуу абалда колдонууга жана аларды коргоого милдеттүү. Адам баласы, жандуу жансыз жансыз макулуктар менен болгон байланышында кулдук сезимдеринде болуусу керек.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Бул дүйнө менен адамдар кандай жаратылган? Изилдегиле.

2. Алла менен болгон байланышыбызды улантуу үчүн эмнелерди жасашыбыз керек? Ойлонуп көргүлө.

3. Кайсыл убакта дуба кылуу муктаждыгын сезебиз? Эмне үчүн?

4. Ибадат кылуу, Алла менен болгон байланышыбызды күчөтүүгө кандай таасир бере алат? Ачыктагыла.

5. Эмне үчүн аалам жаратылган? Ачыктагыла.

6. Адам менен ааламдын ортосундагы байланышта, адамдын милдеттенмелери кайсылар? Мисалдар менен айтыңыз.

# Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. "Мына силердин Раббиңер бул, Алла. Андан башка теңир жок. Ал баарын жараткан" деген аятта басымдуулук жасалган негизги түшүнүк төмөнкүлөрдөн кайсынысы?**

А) Алла жалгыз.

Б) Алладан башка теңир жок.

В) Бүт баарын Алла жараткан.

Г) Адам өзү кылган нерселеринен жооптуу болот.

Д) Адамда тандоо эрки бар.

**2. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Алла менен байланыш түзүү жолдорунан болуп саналбайт?**

А) Дуба кылуу
Б) Намаз окуу
В) Иштөө
Г) Куран окуу
Д) Орозо кармоо

**3. Баардык нерселер бир гана өзү үчүн жаратылган макулук (барлык) төмөнкүлөрдөн кайсынысы?**

А) Периште
Б) Адам
В) Жин
Г) Шайтан
Д) Пайгамбар

**4. Төмөнкү саптардын кайсынысы адам баласынын ааламга карата болгон милдеттеринен эмес?**

А) Жандуу барлыктарды коргоо

Б) Алланын аяттарын түшүнүү

В) Өзүнө ыроолонгон нематтарды эң жакшы колдонуу

Г) Чөйрөнү булгоо

Д) Ааламдын тең-салмактуулугун сактоо (бузбоо)

**5. Төмөндөгү кыймыл-аракеттердин кайсы бири саалих амалга кирбейт?**

А) Ата-энеге жакшылык кылуу

Б) Жакындарга жылмаю менен мамиле жасоо

В) Мектептерди, мечиттерди ж.б курдуруу

Г) Жолдон адашканга жол көрсөтүү

Д) Башкалардын жасаган жакшылыктарын айтуу

# IV БӨЛҮМ

# ишеним

# Аллага Ыйман Келтирүү

1. Алланын Бар Экендиги жана Бир Экендиги
2. Куранда Алланын Сыпаттарынын Баяны
3. Жаратылгандарга Ырайымын жана Мээримин Тартуулаган Алланын Көркөм Ысымдары (Асмаул Хусна)
4. Алланын Ырайымын Сыпаттаган Көркөм Ысымдары
5. Алланын Кудуретин Сыпаттаган Көркөм Ысымдары

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул Бөлүмдө;

- Улуу Алланын барлыгы жана бирлиги, Анын сыпаттары сөз болмокчу.
- Алла Тааланын сыпаттарына кошумчалай Анын көркөм ысымдары да баяндалмакчы.
- Алланын барлыгы, сыпаттары, ысымдары жана булардын аалам менен болгон байланыштарына, ааламдын жаратылуусу жана башкарылуусуна токтолот.
- Динибиз Ислам түшүнүгү боюнча, Алланын жеке өзүнө таандык болгон Затий сыпаттары жана бул ааламга байланыштуу болгон Субутий сыпаттары бар. Муну менен бирге бул сыпаттарга кошумча, Алла Таала адамдарга жакшыраак таанылуу максатында Өзүн түрдүү ысымдар менен да тааныткан. Ушунун тегерегинде сөз болмокчу.
- Алланын мындай көркөм ысымдары жана алардын адамдын жүрүм-турумдарына тийгизген таасирлери туурасында да сөз козголот.



## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Алланын барлыгын жана бирлигин түшүндүрүп берүүгө,
2. Алланын сыпаттары кандай экендигин айтып берүүгө,
3. Алланын сүйүүсүн түшүндүргөн сыпаттарын ачыктап берүүгө,
4. Алланын ырайымын түшүндүргөн сыпаттарын түшүндүрүүгө,
5. Алланын кудуреттүүлүгүн түшүндүргөн сыпаттарын айтып берүүгө жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

1. План коюп окуу.
2. Тийешелүү бөлүмдү анализдөө.
3. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
4. Китептин соңунда берилген булактардан пайдалануу.

“Айткын: Алла Жалгыз!” (Ихлас, 112/1).

“Кудай – Жалгыз. Мээримдүү жана Ырайымдуу! Андан башка кудай жок!” (Бакара, 2/163).

## 1 Алланын Барлыгы жана Бирлиги

“Таухид дини” болгон динибиз Исламдын негиздери Бир болгон Аллага ыйман келтирүүгө таянат. Ошондой эле Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) да ыймандын өзөгүн “Алладан башка теңирдин жок экендигин тастыктоо” (Муслим, Иман, 8 (33), I/52) деп баяндаган. Курани Каримде Алланын барлыгы менен бирлиги дайыма чогуу көрсөтүлгөн. Курани Каримдин, өзгөчө Мекке доорунда түшкөн аяттары Алланын барлыгына жана бирлигине басымдуулук жасаган.

Алла Тааланын барлыгына ишенүү Момун болуунун алгачкы шарты болуп саналат. Андан кийин Исламдын башка негиздери келет. “Айткын: Алла Жалгыз!” (Ихлас, 112/1).

Ислам дининин түшүнүгүндө, ааламды эң кичине деталдарына чейин бирдей гармонияда жаратып, аны башкарган жана баарына күчү жеткен зат бул, Алла Тааланын дал өзү болуп саналат. Алланын барлыгын толук түшүнүү үчүн Улуу Эгебиз, Куранда ааламдын, табияттын жана табияттагы барлыктардын кандайча жаратылгандыгына көңүл бурууну жана алар жөнүндө ойлонууну талап кылат.

Дүйнөдө болуп жаткан нерселердин натыйжалары жана башка далилдер да Алланын бар экендигине, бир экендигине далаалат кылат. Бул ааламдагы иштеп жаткан система (тартип) жана механизм, ар бир нерсе өз ордунда жаратылгандыгы, баардык жандуу менен жансыздын өз максаттарына ылайык өмүр сүрүүсү, Алланын барлыгынын жана бирлигинин далаалаты болуп саналат.

“Эгерде асмандар менен жерде Алладан башка кудайлар болсо, анда (алар) бузулуп кетээр эле. Арштын Эгеси болгон Алла алардын сыпаттаган нерселеринен таза жана ыйык”. (Анбийа, 21/22).




## 2 Курандгы Алланын Сыпаттары

- Алла Таала, адамзатка жиберген акыркы илахий китеби Курани Каримде бизге кээбир сыпаттарынан кабар берүүдө. Алла өзүн сыпаттары менен тааныттууда.
- Ал, барлык (макулуктар) дүйнөсүндөгү барлыктарга окшобойт.
- Ислам аалымдарынын пикирлери боюнча Алла, иш жүзүндө баардык макулуктар менен байланышта болот.
- Алланын, аалам менен болгон байланышы ысым жана сыпаттары аркылуу болот.
- Биз мына ошондой сыпаттары аркылуу Алланы таанып-билебиз.

Алланын бир экендиги, теңдешсиз экендиги билинүүсү, сыпаттарынын жана бул сыпаттардын аалам менен болгон байланыштарын; жараткан жана жаратылгандардын өзгөчөлүктөрүн жеткиликтүү үйрөнүү аркылуу мүмкүн болот. Кээбир учурларда жана кээбир диндерде Алла, адамдарга таандык өзгөчөлүктөр менен сүрөттөлүп, кандайдыр материалдык түшүнүктөр аркылуу баяндалгандай. Мындай түшүнүк бутпарастыкка алып барган. Адам жеке сезимдери менен Алланын затын аңдап-билүүсү мүмкүн эмес. Андыктан Алла Таала, Өзүнүн сыпаттарынын жөнүндө ой жүгүртүлүүсүн талап кылат.



Улуу Алланын сыпаттары Курани Каримде жана хадистерде мындай болуп бөлүнөт:




Курани Карим, Алланын Затий сыпаттарына басымдуулук жасап, аны менен Исламга чейинки Аллага тиешелүү кээбир туура эмес түшүнүктөрдү жокко чыгарууга аракет

кылат. Ушундан улам, Исламдын алгачкы жылдарында Мекке доорунда түшүрүлгөн Ихлас сүрөсү толугу менен Алланын Затий сыпаттарына тиешелүү маалыматтарды берет. Бул сүрөдө Алла:

"Айткын: Алла Жалгыз!

Алла Самат! (Баардык нерсе Ага муктаж, Ал эч кимге жана эч нерсеге муктаж эмес).

(Ал) төрөбөгөн жана төрөлбөгөн.

Ага эч ким теңдеш эмес". (Ихлас, 112/1-4).

**Алланын Затий Сыпаттары**

Улуу Алланын затына таандык сыпаттарга Затий сыпаттар дейбиз. Бул сыпаттар, Улуу Алланын барлыгын жана акыйкатын үйрөнүүдө бизге жол көрсөтөт. Бул сыпаттар төмөнкүчө баяндалат:

***1. Вужуд:*** Улуу Алланын бар экендигин далилдеген сыпаттар. Алла Тааланын барлыгы башка бир барлыкка көз каранды эмес. Барлыгынын себеби дал Өзү.

***2. Кыдам:*** Алланын барлыгынын башталгычы жок, Ал абалкынын абалкысы. Ал "азалий" (байыртадан эле бар болгон), Ал кийин пайда болгон эмес б.а эң башта жок болуп кийинчерээк пайда болгон эмес. Канчалык артка кетпейли Алласыз бир саам да болбойт. "Ал – Оболку жана Акыркы. Ал – Сырткы жана Ички.." (Хадид, 57/3).

***3. Бакаа:*** Алла Таала түбөлүктүү дегенди туюнтат. Алла Тааланын башталгычы болбогонгой эле соңу да жок. "Анын үстүндөгүнүн баары жок болот. Бир гана Берешендиктин жана Улуулуктун Ээси болгон Эгеңдин Өзү гана калат". (Рахмаан, 55/26-27).

***4. Мухалафатун лил хавадис:*** Бул сыпат, Алла Тааланын заттары да сыпаттары да жаралгандардын бирине да окшобостугун түшүндүрөт. "... Ага окшош эч нерсе жок.." (Шуура, 42/11). Алла, түспөлдөн, убакыттан, мекенден оолак зат. Б.а Аллага кандайдыр бир орундук-жер таңуулоого болбойт, Аны убакытка ченемдеп кароого да болбойт. Эч нерсе Аллага окшобойт; "..Ага окшош эч нерсе жок. Ал – Угуучу, Көрүүчү". (Шуура, 42/11).

***5. Кыям Бинафсихи:*** Алла Таала эч бир нерсеге муктаж болбостон бар. Анын барлыгы Өзүнөн. Ал башка бир нерсенин натыйжасынан улам пайда болгон эмес. "Алладан башка кудай жок! Ал – Тирүү, Түбөлүк!" (Аалу Имран, 3/2).

"Allah, kendisinden başka Tanrı olmayan, diri ve kendi kendine kaim olandır" (Âl-i İmrân, 3/2).

***6. Вахданият:*** Алла Тааланын жалгыздыгы. Анын Кудайлыгында,сыпаттарында, аракеттеринде Ага эч ким теңдеш эмес. "Биз сага чейин да: "Менден башка Кудай жок, Мага гана сыйынгыла!" – деп айтпай туруп, бир да пайгамбар жөнөтпөдүк". (Анбийа, 21/25). Ихлас сүрөөсүндө да "Айткын: Алла Жалгыз!" (Ихлас, 112/1). деп буйрулган.

- Ихлас сүрөсү, Алланын Вахданият сыпатын жана өзгөчөлүктөрүн ачыктайт. Бул сүрөдө, Анын шериги, баласы же болбосо кызы жок экендигине басымдуулук кылынат. Ал, аталык да энелик да кылбайт, башка бир ата-эненин баласы же кызы да эмес. Эч бир нерсе Ага теңдеш жана окшош боло албайт.
- Алладан башка кудай жок. Ислам түшүнүгүндө Аллага гана кул болуу бар, Андан башкага кулдук кылууга тыю салынат.
- Ислам дини адамдын башка адамга кул болуусун токтоткон. Кээбир диндерде болгондой, путтарга, табигый кубулуштарга, адамдарга сыйынууну Ислам дини катуу тыю салат жана Алладан башкага ибадат кылууну ширк деп эсептейт.

### Алланын Субутий Сыпаттары

Бул сыпаттар, Улуу Аллага таандык болгон жана Анын өзгөчөлүктөрүн баяндаган сыпаттар болуп саналат.

*1. Хайат:* Бул сыпат Алла Тааланын тирүүлүгүнө далалат кылат. Алланын жашоосу, Анын “азалий” (башталгычы жок), “абадий” (соңу жок), түбөлүктүү дегенди түшүндүрөт. “Ал – Тирүү, Түбөлүк!” (Аалу Имран, 3/2). Алланын жашоосу макулуктардыкына окшогон убактылуу эмес, материалдык түшүнүктөгү жашоого да окшобойт. Жашоонун тескериси болгон өлүм дегенди түшүндүрөт, ал эми өлүм кемчиликти түшүндүрөт. Алла кемчиликтерден оолак (муназзах). Хайат сыпаты Алланы азалий жана абадий деп тирүү экендигин баяндайт. “Эч өлбөй турган, түбөлүк Тирүүгө тобокел кыл!..” (Фуркан, 25/58).

*2. Илим:* Улуу Алланын болуп жаткан, боло турган жана болуп өткөн ар бир нерсени билип туруусу дегенди түшүндүрөт. Алланын илими белгилүү убакыт жана белгилүү орун (мекен) менен чектелбейт. “Эгерде жүрөгүңөрдөгүнү жашырсаңар да, ачык айтсаңар да, (баары бир) Алла аны билет. Ал – асмандагыларды да, жердегилерда да (жакшы) билет..” (Аалу Имран, 3/29). Алланын жакшы пенделерине сыйлык берүүсү, жамандарга жаза берүүсү ошол адамдардын ар бир жасагандарын билип тургандыгы үчүн болот.

*3. Ираада:* Алланын эрк-каалоосу дегенди туюнтат жана бүт баарын Өзү каалагандай кылуусу дегенди түшүндүрөт. Бул ааламда болуп өткөн жана боло турган ар бир нерсе, Алланын өз каалоосу, өз эрки менен болот. Анын ар бир каалоосу сөссүз түрдө ишке ашат, Ал каалабаган нерсе эч качан орундалбайт. “Бир нерсенин болушун каалаганыбызда Биздин: “Бол!” – деген гана сөзүбүз жетиштүү. Ошондо ал болот да калат”. (Нахл, 16/40).

*4. Кудурет:* Улуу Алланын макулуктарына тийиштүү ираада жана илим сыпаттарын камтыган багыт берүү укугу, тигил же бул нерсени жасоо жана жаратуу кудуретине ээ дегенди туюнтат. Бул аалам жана андагы нерселер Улуу Алланын кудуретин айгинелеп тургандыгын көрсөтөт. “...Акыйкатта, Алла бардыгына кудурети жетүүчү!” (Бакара, 2/20).

*5. Самии:* Алла баардык нерсени угуп туруучу дегенди туюнтат. Алыстык менен жакындык, жашыруун менен ачыктык, караңгылык менен жарыктык деген

түшүнүктөр Алланын угуусуна жана көрүүсүнө эч кандай тоскоолдук жарата албайт. Ал, ичибиздеги шыбыр үндөрдү, жүрөктөн жана көөдөндөн кылынган дубаларды да угат. "...Акыйкатта, Алла – ар нерсени Угуучу, Көрүүчү!" (Хаж, 22/61).

*6. Басар:* Анын көрүүчүлүк сыпаты. Алыстык менен жакындык, жашыруун менен ачыктык, караңгылык менен жарыктык деген түшүнүктөр Алланын көрүүсүнө эч кандай тоскоолдук жарата албайт. Алла Таала ар убак баардык нерселерди көзөмөлдөп турат. "...Алладан корккула жана билгиле: Чындыгында, Алла силер жасаган иштериңерди Көрүүчү!" (Бакара, 2/233).

Улуу Алланын Самии жана Басар, б.а баардык нерсени кемчиликсиз уккандыгы, көргөндүгү Курани Каримде негизинен чогуу баяндалат. Анын угуусу жана көрүүсү, адамдардын угуусуна жана көрүүсүнө окшобойт.

*7. Калам:* Алла Таала, адамдарга тиешелүү болгон тамга, добуш-тыбыш, муун жана жазуу сыяктуу нерселерге муктаждык сезбестен сүйлөөсү дегенди түшүндүрөт. "... Алла Муса менен чындап сүйлөшкөн". (Ниса, 4/164). Курани Карим "Каламуллах" деп да аталат. Алла пайгамбарларына түшүргөн вахийлер жана илахий китептер, макулуктарга ыроологон илхомдор, бүт баары Анын калам сыпатына далаалат кылат.

*8. Таквин:* Алланын жаратуучулук сыпаты. Таквин, жоктон бар кылуу дегенди түшүндүрөт. Алла Тааланын жаратуучу, ырыскы жана немат берүүчү, күнөөлүүлөрдү жазалоочу, тирилтүүчү, өлтүрүүчү ж.б аракетер "таквин" сыпатынын талабы. Булар, Анын иши жана кубулушу болуп саналат. Жаратуу, пайда кылуу ж.б Алла Тааланын кудурет сыпаты аркылуу болот. "Аны алгач жараткандай эле тирилтет. Ал бардык жаралгандарды Билүүчү", – дегин". (Йа-син, 36/79).



## 3 Алланын Жаратылгандарга Болгон Мээримине жана Сүйүүсүнө Далаалат Кылган Көркөм Ысымдары (Асмаул Хусна)

*Асмаул Хусна жана Алардын Маанилери*

- Алланын көркөм ысымдарынын кээбирлери адамга жана башка жандууларга болгон мээримине ишаара кылат.
- Алланын көркөм ысымдарын көп-көп айтуу Алланы улуулоо болуп саналат. Муну жасаган адам убакуттын өтүшү менен бул ысымдардан таасирленип, мүнөзү алар менен курчалат.
- Алланын көркөм ысымдары менен курчануу, адамды жетилген, жөнөкөйлүк жана жакшы адеп-ахлактын ээси кылат.
- Алланын көркөм ысымдарындагы сыпаттарды өзүнө сиңирген адам, Алланын эң татыктуу, даанышман кулуна жана өрнөктүү пендеге айланат. "Инсаны каамил" деген сыпатка ээ болот.

“Алланын адебин курчангыла” деген сөз айкалыш, маданиятыбызга сиңген афоризм болуп саналат. Муну менен өзүңөрдү, адеп-ахлагыңарды Алла Таала талап кылган даражада өөрчүтүп, оңдогула дегенди түшүнүүгө болот. Ошондой эле Анын ысымдарында айтылган сапаттар менен курчануу талап кылынууда.

“Алланын керемет ысымдары бар, Ага ошол ысымдар менен жалбаргыла. Алланын ысымдарын булгагандардан узак болгула. Алар өздөрү кылгандарынын азабын тартышат”. (Арааф, 7/180).

“Ал Алла, Жаратуучу, Түзүүчү, Келбет берүүчү. Ал көркөм аттарга ээ. Аны асмандар менен Жердегилердин баары аруулап, даңазалайт. Ал – Ызааттуу, Даанышман!” (Хашр, 59/24).

Мусулмандар Алланын керемет ысымдарынын баш тарабына кул деген маанини берген “абд” сөзүн кошуп балдарына ушул ысымдарды берип келишет. Мисалы: Абдулла, Абдулкадыр, Абдырахман, Абдурахим, Абдысамат.

Алланын ысымдары көп болот. Алланын керемет ысымдары Исламда “Асмаул Хусна” деп аталат. Алланын 99 ысымы деп айтылса да, негизинен бул сан менен чектелүү эмес.

Адамдардын Материалдык жана Манавий (Руханий) Муктаждыктары

- Адамдардын материалдык жана маанвий (руханий) кээбир муктаждыктары да болот.
- Материалдык муктаждыктар; булар, жеп-ичүү, кийинүү, баш калкалоо ж.б
- Адамдын материалдык муктаждыктары сыяктуу эле манавий муктаждыктары да жоюлуусу керек. Манавий муктаждыктар да маанилүү болуп саналат.
- Эгер манавий муктаждыктар да жоюлбаса, адам психологиялык жактан, руханий жактан чөгүшү ыктымал; кыйратуучу абалга айланат, кала берсе убакыттын өтүшү менен акыл жана руханий саламаттыгын жоготуп алуусу да мүмкүн. Аллага ибадат кылуу, Аны эстөө, Ага чын жүрөктөн дуба кылуу ж.б аракеттер адамдын руханий муктаждыктарын жойот.
- Муну менен бирге адам баласы башкалары тарабынан таанылууну, жактырылууну, сөзүнө кулак берилүүсүн, бархталууну эңсейт, ошол нерселерге муктаждык сезет. Сүйүү жана жакшы көрүү адамдын эң негизги руханий муктаждыктарынын ичинен орун алат.
- Сүйүү; бул адамды баалуу көргөн нерсеге же жакшы көргөн адамга болгон жакындык, байлануу сезими болуп саналат.
- Сүйүү артылган нерсе аны сүйгөн адамдын көңүлүндө барктуу болот. Сүйүү аркылуу адам өзүн коомчулуктун мүчөсү экендигин жана да маанилүү экендигин сезет.
- Сүйүү бир нерсени башкалар менен бөлүшүү дегенди түшүндүрөт. Адам нан менен суудан кийин эле сүйүүгө муктаж болот. Анткени, сүйүү рухтун негизги азыгы болуп саналат.

### Аллага Карата Болгон Сүйүү

Аллага болгон сүйүү башка сүйүүлөрдөн артык жана түбөлүктүү. Улуу Алла пенделерине болгон сүйүүнүн даражасын жана аларга болгон мээримин төмөнкү аяттар менен баяндайт:

"Ал кечиримдүү жана сүйүүчү". *(Буруж, 85/14).*

"...Алла силердин ыйманыңарды жок кылбайт. Чындыгында, Алла адамдарга Ырайымдуу, Боорукер!" *(Бакара, 2/143).*

"Эгеңерден кечирим сурагыла. Ага тообо кылгыла. Чындыгында, менин Эгем абдан Мээримдүү, өзгөчө Сүйүүчү!.." *(Хиид, 11/90).*

### Алланын Сүйгөн жана Өздөрүнөн Ыраазы Болгон Пенделери

Алла Курани Каримде,

- Жакшылык жасагандарды,
- Тообо келтирип, аруулангандарды,
- Сөзүндө тургандарды,
- Аллага баш көтөрүүдөн алыс болгондорду,
- Алланын жолунда сарптагандарды,
- Үмүтсүздүккө түшпөй сабырдуу болгондорду,
- Жакшы мамиле кылгандарды,
- Аллага тобокел кылгандарды,
- Кечиримдүү болгондорду,
- Адилеттүү болгондорду,
- Жөнөкөй болгондорду,
- Таптаза болгондорду,
- Жакшы амал жасагандарды,
- Жакшылык үчүн аракет кылгандарды,
- Дурус болгондорду,
- Адилетсиздикке каршы чыгып, күчүн жана ар-амысын коругугандарды,
- Күчтүү ыйманга ээ болгондорду,
- Шүгүр келтиргендерди,
- Достукта болгондорду жана
- Аз. Мухаммедди (с.а.в.) сүйгөндөрдү, аябай жакшы көрөөрүн баяндайт.

Муну менен бирге Улуу Алла пайгамбарларын жиберүүдө аларга, адамдардын арасында сүйүүнү жана урмат-сыйды жайуу милдетин да берген. Айрыкча сүйүктүү Пайгамбарыбыз (с.а.в.) мындай деген:

"Чындыгында, силерге өз араңардан (чыккан) ызаттуу элчи келди. Ага силердин түйшүгүңөр оор келсе да, ал силерге өтө камкор. Момундарга мээримдүү, боорукер". (Тауба, 9/128).

Алла Тааланын жана өзү жиберген пайгамбарларынын да адамдарды жана башка жандууларды жакшы көрөөрүн айтуу менен бирге, адамдар да өз ара бири-бирин жакшы көрүү менен мамиле кылууларын талап кылган. Кошунасынын кайгыларын тең бөлүшпөгөн, аны жакшы көрбөгөн адамдын чыныгы момун боло албастыгы Исламдын эң негизги түшүнүктөрүнөн экендиги маалым.

Сүйүү жана ак көңүлдүүлүк болгон жерде, жүрөктөр таза, адамдардын ортосундагы байланыш да таза жана бекем достукта болот. Муну менен бирге көз бойомо мамилелер жоюлат; кек сактоого, жек көрүүгө орун берилбейт. Биздеги сүйүү сезими Алланын барлыгынын далилдеринен болуп саналат.

“Ага байыр алууңар үчүн өзүңөрдөн жубай жаратып, ортоңорго махабат жана мээримдүүлүк берип койгону да – Анын белгилеринен. Чындыгында, ой жүгүрткөн эл үчүн ушуларда белгилер бар”. (Рум, 30/21).

Адам жаралганда кошо жаралган сүйүү сезими; Алланын адамдарга болгон сүйүүсүнө далаалат кылган маанилүү далилдерден болуп саналат.

- Сүйүү, бул Алланын адам баласына тартуулаган белеги болуп саналат. Ал эми адамдын милдети, ушул сезимди өөрчүтүп, чөйрөсүнө да ушул сезим менен мамиле жасоосу болуп саналат.
- Сүйүү адамдардын мамилесин оңдойт, жек көрүү болсо байланыштарды жок кылат. Муну Алла Таала төмөнкү аятта мындай деп баяндайт:

“Алланын ырайымы менен сен аларга жумшак мамиле кылдың. Эгерде сен катуу жүрөк, орой болгонуңда, анда алар сенин айланаңдан чачылып кетмек. Аларды кечир жана алар үчүн кечирим сура. Бирок иш тууралуу алар менен кеңеш. Эгер чечим кабыл алган болсоң, анда Аллага тобокел кыл! Алла Өзүнө тобокел кылгандарды сүйөт”. (Аалу Имран, 3/159).

СҮЙҮҮ ЖӨНҮНДӨ
Адамды адам кылган бул сүйүү, бул достук,
Ишенгин, бул жолдун аягы бактылуулук.
Сүйүү менен ааламды курду Жараткан,
Ал, дүйнөнү көк, жашыл, кара менен бойоду...

Мевлана, Юнус жана Хажы Бекташ,
Сүйүүнүн, достуктун күркүрөгөн сели.
Алланын каалоосу ал-мустактан бери,
Махабат, сүйүү адамзаттын эмгеги...

Хасан Арал

**Ой Жүгүртүү**

Жогорудагы ыр саптарында сүйүүнүн кандай пайдалары айтылган?

Алланын Сүйүүсүн жана Мээримин Чагылдырган Керемет Ысымдары

Алланын сүйүүсүн жана мээримин чагылдырган кээбир ысымдары жана алардын маанилери төмөндөгүчө.

*АФУВВ:* Мээримдүү, чексиз кечиримдүү, күнөөлөрдөн жана каталардан каалаганын кечирген деген мааниде.

*БИРР:* Жакшылык жана көркөмдүүлүк, жакшылык кылуу, пенделерине жардам көрсөткөн деген маанини берген ысым. Анын жакшылыгы жана ихсаны көп. Жакшылык жана ихсан сыяктуу керемет сезимдерди берген Ал өзү.

*ГАФФАР:* Пенделеринин күнөөлөрүн көп көп кечирген Улуу Зат дегенди түшүндүрөт. Күнөөлөрдү кечүү жана кечирүү да Алланын ажырагыс сыпаттарынан болуп саналат.

*ХААДИЙ:* Хидаят берүүчү, туура жолду көрсөтүүчү; хидаятты жараткан; каалагандарды ийгиликке жеткирген, пенделерине туура жолду көрсөткөн, аларды максатка жеткирген деген мааниде.

*ХАЛИИМ:* Шашылбаган, күнөөлүүлөрдү жазалоого күчү жетип турса да аларга мөөнөт таанылган, жазалоону кечеңдеткен деген мааниде.

*РАУУФ:* Мээрими мол, адамдарга жоопкерчилик берүүдө аябай боорукер жана назик мамиле жасаган деген мааниде.

*РАЗЗАК:* Бүткүл жаратылгандардын ырыскысын берүүчү. Ар бир жандууга таандык ырыскыны жаратуучу жана мол ырыскы берген деген мааниде.

*ТАВВААБ:* Пенделерине тообо келтирүү мүмкүнчүлүгүн берген жана тооболорун кабыл кылуучу деген маанилерде.

*ВАХХАБ:* Көп-көп берген, көп-көп кечирген деген мааниде. Жаратылгандарга татыктуу болбосо да мол кылып берүүчү.

*ВАКИИЛ:* Аллага тобокел кылып, аракет кылгандарга жана Ага баш калкалагандарга жардам берүүчү; Өз ишинде эчкимге көз каранды болбогон Ишеничтүү, Коргоочу, Жардам берүүчү, баардык нерсенин ээси дегенди түшүндүрөт.

*ВАЛИЙ:* Буйрук кылуучу жана жакшылардын б.а момундардын досу, аларга жардам берип иштерин жөнгө салып туруучу деген маанилерде.

## 4 Алланын Ырайымын Чагылдырган Көркөм Ысымдары

Алланын ырайымын чагылдырган кээбир ысымдары жана алардын маанилери төмөнкүчө:

*ЫРАЙЫМ:* Бир макулуктун туш болгон ыңгайсыз абалына капалануу, боору оруу, мээрим көрсөтүү деген маанилерде.

- Курани Каримде, Улуу Алланын ырайымдын, мээримдүүлүктүн булагы экендигин баяндалат.
- Алла өзүн чексиз ихсандын, эсепсиз даражадагы мээримдүүлүктүн ээси катары таанытат.
- Раббибиз пенделерин үзгүлтүксүз колдоп, көзөмөлдөйт; нематтарын, икрамдарын алардан эч качан аябайт.
- Пенделеринин тилектерин орундатып, Өзүнө баш калкалагандарга ырайымдуулуктун эшигин ачат.

“Алла асмандар менен жерди жаратып, асмандан жамгыр жаадырат жана аны менен силердин ырыскы табууңар үчүн мөмө жемиштерди чыгарды. Деңизде Анын уруксаты менен сүзүп жүрсүн үчүн силерге кемени башкартты. Ошондой эле дарыйаларды да силерге баш ийдир-ди”. (Ибрахим, 14/32).



- Алланын ырайымын эң жакшы түшүндүргөн, ыйык китебибиз Курани Каримде да эң көп кездешкен Анын эки ысымы Рахман жана Рахиим болуп саналат.
- Ислам дининде ар бир ишке “Бисмиллаахир рахмаанир рахиим” деп баштоо чоң мааниге ээ. Бул: “ишимди Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын аты менен баштайм” дегенди түшүндүрөт. “Бисмилла” деп да айтылат.
- Алланын ырайымдуулугун даңазалаган ысымдарын айтуу менен ишке киришүү, ошол иштин берекелүү болуусуна өбөлгө түзөт. Анткени адам, ишине Алланын аты менен баштаса, Алла ал адам менен бирге деген ишеним менен аракет кылат жана жумушун эң соонун, эң пайдалуу, эң жакшы абалда аткарат. Ал иште Алланын ыраазычылыгын да үмүт кылат.

*РАХМААН:* Курани Каримде Аллах деген сөздөн кийин эң көп кездешкен ысымы болуп саналат.

- Алланын чексиз мээримдүү, аябай ырайымдуу экендигин түшүндүрөт. Бул деген, мээр, сылыктык, назиктик, боорукердик, кичипейилдик жана ихсан деген маанилерге келген “рохма” деген сөз менен тыгыз байланышат.
- Анын ырайымы, жаамы макулуктарга жакшылыкты каалоосу жана эсепсиз нематтарды берүүсү болуп саналат. Алла Таала бул боюнча мындай буюрат;

Айткын “...Ал Өзүнө ырайымдуулукту парз кылды...” (Ан’ам, 6/12).

Муну менен бирге Алланын ырайымынан эч убакта үмүт үзбөө керектиги талап кылынат. Анткени, үмүтсүздүк адамды туура эмес жолго алып бараарын белгилейт. Адам ар дайым позитивдүү жана үмүт кылуу аркылуу ырайымга бөлөнөт жана мындай үмүт адамды Раббине жакындатат.

Айткын "Эгесинин мээриминен адашкандардан башка ким үмүт үзмөк эле". (Хижр, 15/56).

Алланын мээрими, илахий берекени жана коргоону түшүндүрөт. Бул ырайым ааламды курчайт; үмүттү үзүүгө, жаман ойлонууга жол бербейт.

*РАХИИМ:* Рахиим ысымы, жасаган-кылган нерселерибиз үчүн Алла тарабынан сыйлык алуу дегенди түшүндүрөт. Алланын буйруктарын орундатуу жана ыраазычылыгын алуу максатында жасалган аракеттердин акыбетин көрүү деген мааниде.

*МАЖИД:* Улуу, көркөмдүү жана шарапаттуу, берекеси жана жалгоосу мол болгон дегенди түшүндүрөт.

*ЛАТИИФ:* Макулуктардын баардык муктаждыктарын билип, аларды билинбеген жолдор менен жоюучу.

*ШҮКҮР:* Кыпындай жакшылык үчүн көптөгөн сыйлык берүү дегенди түшүндүрөт.

*БААСИТ:* Ар бир жакшылыкты насип эткен, береке жана ырайымын пенделерине жайган Улуу Жаратуучу дегенди түшүндүрөт. Алла, адамдарга ырыскы, маанай, ырахат жана молчулук берип, аларга береке жана ырайымы менен мамиле жасайт.

*МУКИЙТ:* Ырыскыны жаратуучу.

*КАРИИМ: Жоомарттыктын, берешендүүлүктүн ээси; күчү жетип турса да кечиримдүүлүк, жоомарттык сезимдери менен мамиле кылган жана берген сөзүн (ваад) орундатуучу.*

*ВААСИЙ:* Кечиримдүүлүгү жана ырайымы мол , жаратылгандарга материалдык жана манавий кеңдик берүүчү.

*МУХСИЙ:* Ар бир нерсени өз өзүнчө эң майда деталдарына чейин билип туруучу.

*ЗУЛ ЖАЛААЛИ ВАЛ ИКРАМ:* Жалаал (каардуу) жана айбаттуулуктун ээси. Икрам жана ихсан кылуучу. Урмат сыйга жалгыз Өзү гана татыктуу жана баардык улуктуктар Ага гана таандык. Жандуулардын бүт материалдык муктаждыктарын Ал жаратат. Ал баарын көрүүчү, угуучу, билүүчү, баарына күчү жеткен. Жандуу жана жансыздын алгачкы жана соңку эгеси жана Анын теңдеши да эгизи да жок.

Раббибиз бизге берген нематтарын барктоону жана баалоону талап кылат. Аны баалай билүүнүн өзү шүгүрчүлүк болуп саналат. Алланын адамдардан талап кылган жалгыз нерсеси, бул алардын баардык нематтарга шүгүр келтирүүсү. Анткени нематтарды барктай алгандар гана шүгүр келтиришет. Эгерде илахий ырайымдуулуктун баркы сезилбесе жана ал четке кагылса, анда накта наадандык болуп саналат. Көптөгөн аяттарда куфр сөзү наадандык деген мааниде колдонулат. Себеби адам баласы Алланын жакшылыктарын баркын сезбегенде куфрга кирген болот.

"Биз анын үстүнө курма менен жүзүм бактарын өндүрдүк жана булактарды чыгардык. Алардын мөмөлөрүнөн жеши үчүн. Буларды алардын колдору жасаган жок. Шүгүр кылбайсыңарбы?" (Йа-син, 36/34-35).

## 5 Алланын Кудуретин Баяндаган Керемет Ысымдары

- Алла, Өз эрки, Өз каалоосу менен ааламды жана андагы нерселерди жаратып, бир тартипке (системага) салган.
- Күн, ай жана башка планеталар мына ушул жаңылбас жана акылга сыйбаган тартипте өз нугунда жашоосун улантышат.
- Алланын чексиз кудуретинин так билинүүсү үчүн, жерге, көккө жана бул экөөсүндө болгон нерселердин жаратылышы тууралуу ой жүгүртүүнү, аңдап-билүүнү, Алла Таала адамдан талап кылат.

"Ал жерди жайып төшөгөн, анын үстүнө тоолорду кадап, дарыйаларды жасаган. Ар бир мөмө жемишти Ал жуп кылып жараткан. Күндүздү түн менен жапкан. Акыйкатта, мында акыл жүгүрткөн адамдар үчүн белгилер бар". (Раад, 13/3).



*МУТАКАББИР:* Алланын ар бир абалда аябагандай чоң жана азамат ээси экендигин түшүндүрөт. Улуулук Анын акысы. Алла затында, сыпаттарында жана иштеринде толугу менен улуу Зат. Эч бир адам баласына мындай мааниге келген улуулук сыпаты колдонулбайт. Өзүн чоң-улуу көргөндөр, Алланын чексиз кудуретинин, чексиз улуулугунун жанында канчалык алсыз болгондугу чындык болуп саналат. Чоңдук-улуулук кызыкчылыгына суктангандарды кандайдыр бир окуянын таасири менен кала берсе кичинекей микроп сыяктуу макулуктун таасири менен жок кылып салууга жеткен.

*КАХХААР:* Баарын багындыруучу, баардык нерсе ага баш ийип турат.

Аятал Курсий

"Аятал курсий" деп аталган жана көп-көп окулган бул аятта Алла өзүн мындайча баяндайт:

"Алла! Андан башка кудай жок. Ал – Тирүү, Түбөлүк! Аны үйкусуроо да, уктоо да албайт. Асмандардагы жана жердеги нерселер Ага (гана) таандык. Анын алдында Өзүнүн уруксатысыз ким колдоочулук кыла алат?! Алардын алдындагыларды да, артындагыларды да билет. Алар Анын каалоосунан башка эч нерсе билишпейт. Анын күрсүсү (билими) асмандар менен жерди камтыйт. Ага ал экөөсүн сактоо – кыйын эмес. Ал – абдан Бийик, өтө Улуу!" (Бакара, 2/255).

*АЛИЙ:* Бийик, Алп жана Улуу; кудуреттүүлүктө, билгеликте, өкүмдарлыкта, эрктүүлүктө жана башка баардык бийик сыпаттарда жогору болгон Зат. Баардык нерсе Анын өкүмүнө, буйругуна баш ийет.

*БААРИЙ:* Макулуктарды бекем жана аруу тартипте жаратуусу, аларды өөрчүтүп бири-бирине окшобогон өзгөчөлүктөрдө пайда кылган дегенди түшүндүрөт. Мунун баары жалгыз Алланын иши экендигинде шек жок.

*БАСИИР:* Баарын кемчиликсиз жана ар тараптуу көрүп туруучу, Ал макулуктарга да көрүү сезимин берген Зат.

*ЖААМИ':* Чогултуучу, Бириктирүүчү. Ар бир нерсени кудурети менен курчап, каалаганын каалаган учурда жана каалаган жерде чогулткан Зат.

*ЖАЛИИЛ:* Чоңдугу жана улуулугу чексиз ыйык Зат. Сыпаттардагы жана ысымдардагы чоңдук Ага гана таандык.

*ХАБИИР:* Ар бир нерседен кабардар, ар бир нерсенин ички абалын жана жашыруун тарабын ар тараптуу ар тараптан кабардар болгон. Ошондой эле аларга назик мамиле жасап, жазаларын кийинкиге калтыруучу Зат.

*ХААЛИК:* Алланын жаратуучулук сыпаты. Жаратуу бул, бир нерсени жоктон бар кылуу, бул жаратууда көчүрүү жок. Б.а Алладан башка жаратуучу жок, Ал баарын жараткан. Андыктан адамдар пайда кылган нерселер жаратууга кирбейт; мурун бар болгон нерседен жаңы бир нерсе пайда кылуу дегенди түшүндүрөт.

*КААБЫЗ:* Алла, ар бир нерсени чексиз кудурети менен курчап турат, аларды Өзүнө камтыйт. Ар бир нерсени Өз буйругуна баш ийдирип кармап турган ыйык Зат.

*КААДИР:* Түгөнбөгөн кудуреттин ээси, каалаганын каалагандай жумшоого Муктадир (күчү жетет). Ал, ар түрдүү күч-кубаттын булагы.

*КАВИЙ:* Кудуреттүү, күчтүү жана чексиз күчтүн ээси. Бут баары Анын кудуретинин жана күчүнүн маңдайында алсыз болот; Ага моюн сунууга мажбур.

*КАЙЮМ:* Бакий жана абадий (түбөлүктүү); кудурети жана эрки менен баарын жашатуучу.

*КАБИИР:* Улуу, Ыйык зат. Өкүмү жана кудурети менен ааламды, ааламдагы нерселерди башкаруучу, баарына өкүмдарлык кылуучу.

*МАТИН:* Чыдамкай, айабай күчтүү, эч бир жагдай Ага оор келбейт.

*МУХЙИЙ:* Тирилтүүчү, жан берүүчү жана жашатуучу. Ал өлтүргөн нерсеге башка эч ким жан бере албайт (тирилталбайт).

*МУКТАДИР:* Баарына күчү жеткен, баарын Өзү каалагандай абалдан абалга киргизген, күчтүүлөрдү-кубаттууларды Өзү каалагандай жумшаган Зат.

*ШАХИИД:* Баарына күбө болгон, өз ордунда байкаган, билүүчү Зат. Ушул абалга жараша мамиле жасайт.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Асмаул хуснадан Алланын Жалаал сыпатына тийиштүү ысымдарын изилдегиле!

"Ал жерди жайып төшөгөн, анын үстүнө тоолорду кадап, дарыйаларды жасаган. Ар бир мөмө жемишти Ал жуп кылып жараткан. Күндүздү түн менен жапкан. Акыйкатта, мында акыл жүгүрткөн адамдар үчүн белгилер бар". (Раад, 13/3).

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

- Момун болуунун алгачкы шарты Жалгыз Алланын барлыгына ишенүү. Алланын барлыгын жогорку деңгээлде аңдап-билүү үчүн, ааламга, табиятка жана табияттагы нерселерге көз салуу, алар жөнүндө ой жүгүртүү Алланын адам баласына койгон талабы.
- Бул ааламдагы гармония, тартип, ар бир нерсенин өз ордунда жаратылуусу, жандуу менен жансыздын баары өз максатында болуусу, Анын барлыгынын жана бирлигинин далаалаты болуп саналат.
- Алла сыпаттары аркылуу гана таанылат. Ал, бул дөйнөдөгү барлыктардын бирине да окшобойт.
- Адам өзүнө таандык болгон сезимдери менен гана Алланын затын аңдап-билүүсү мүмкүн эмес.
- Алланын сыпаттары Затий жана Субутий болуп экиге бөлүнөт.
- Алла, жаратылгандарды аябай жакшы көрөт. Анын сүйүүсү башка сүйүүлөрдөн жогору жана чексиз.
- Куранда көп кездешкен Алланын эки ысымы Анын сүйүү жана ырайымын эң татыктуу баяндайт.
- Алла, чексиз улуу жана азамат ээси жаратуучу Зат. Улуктук жалгыз Ага гана таандык. Макулутардын эч бири улуктук кылганга укугу жок. Улуктук Алланын затында, сыпаттарынад жана иштеринде тоолугу менен Ага таандык.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Алланын барлыгын жана бирлигин кантип билебиз?
2. Алланын сыпаттары канчага бөлүнөт? Атагыла.
3. Алланын ырайымын түшүндүргөн беш ысмын жана алардын маанилерин айткыла.
4. Алланын ырайымын түшүндүргөн беш ысымын атагыла жана алардын маанилерин айткыла.
5. Алланын улуулугун баяндаган беш ысымын атагыла жана алардын маанилерин айткыла.

# Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. “Эгер жербетинде жана көктө Алланын тышында башка кудайлар болгондо, сөссүз түрдө экөөнүн да тартиби бузулмак” деген аят төмөнкүлөрдөн кайсынысын түшүндүрөт?**

А) Бир экендигин Б) Кудуреттүүлүгүн В) Каламын

Г) Мээримдүүлүгүн Д) Жаратуучулугун

**2. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Алланын затий сыпаттарына кирет?**

А) Хайат Б) Илим В) Кыдам

Г) Таквин Д) Кудурет

**3. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Алланын сүйүүсүн баяндаган сыпаттарынан эмес?**

А) Вадууд Б) Гафуур В) Мунтаким

Г) Рахман Д) Халиим

**4. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Алланын мээримдүүлүгүн баяндаган сыпаттарынан эмес?**

А) Рахман Б) Хаалик В) Рахиим

Г) Кариим Д) Афувв

**5. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Алланын кудуретин баяндаган сыпаттарынан эмес?**

А) Ваасий Б) Мутакаббир В) Каабыз

Г) Хаалик Д) Хабиир

# V БӨЛҮМ

## ишеним

# Периштелерге Ыйман Келтирүү

1. Периштелердин Өзгөчөлүктөрү
2. Периштелердин Милдеттери
3. Периштелерден Сырткары Көзгө Көрүнбөгөн Барлыктар

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө;

- Биз жашап жаткан бул планетаны көптөгөн башка барлыктар менен да бөлүшүп жашайбыз. Булардын кээбири көзгө көрүнсө кээбирлери көрүнбөйт. Бул бөлүмдө көзгө көрүнбөгөн барлыктар жөнүндө сөз болмокчу.
- Көзгө көрүнбөгөн макулуктардын ичинен периштелердин өзгөчөлүктөрүнө жана милдеттерине токтолмокчу.
- Мындан башка жин, шайтан сыяктуу көзгө көрүнбөгөн барлыктар жөнүндө маалымат берилип; жиндерге тиешелүү кандай туура эмес ишенимдер бар экендиги жана алардын зыяндуу жактарынан кабар берилмекчи.
- Куранда шайтан кандайча баяндалат жана шайтанга сыйынуунун терс жактарына ишаарат кылынмакчы.



## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Көзгө көрүнбөгөн макулуктарды айтып берүүгө,
2. Көзгө көрүнбөгөн макулуктардын ортосундагы айырмачылыктарды айтып берүүгө,
3. Периштелердин өзгөчөлүктөрүн атап берүүгө,
4. Периштелердин милддеттерин айтып берүүгө,
5. Куранда жиндердин өзгөчөлүктөрү кандай баяндалгандыгын айтып берүүгө,
6. Жиндер жөнүндөгү туура эмес түшүнүктөрдү айтып берүүгө,
7. Бул түшүнүктөрдүн эмне үчүн туура эмес экендигин баяндоого,
8. Жиндер жөнүндөгү туура эмес ишенимдерди сындоого,
9. Куранда шайтан кандай каралгандыгын айтып берүүгө,
10. Шайтандан кантип корунуу керек экендигин айтып берүүгө,
11. Сатанизм неге туура эмес ишенимдерге кирет, аны айтып берүүгө, жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бөлүмдү окууда;

1. План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
3. Китептин соңунда берилген булактардан пайдалануу.

"...Алар (Периштелер) Алланын буйругуна эч каршы болушпайт жана өздөрүнө буйрулган нерселерин кынтыксыз орундатышат". (Тахрим, 66/6).

## 1 Периштелердин Өзгөчөлүктөрү

Периштелердин бар экендигине ыйман келтирүү: Чөйрөбүздө көптөгөн макулуктар бар. Булардын кээбирлери көзгө көрүнгөн (м: таш, топурак, үй-жай ж.б), кээбирлерин атайын приборлордун жардамы менен көрө алабыз (м: мироп, бактерия, планеталар ж.б). Ал эми кээбир макулуктарды көз менен да приборлордун жардамы менен да көрүүгө болбойт. Бирок, алардын бар экендигине ыйман келтиребиз, аларга ишенебиз. Периштелер мына ушундай макулуктардын катарына кирет.

Периштелердин барлыгына ишенүү, ыйык динибиз Исламдын негизги ыйман принциптерине кирет. Курани Каримде Аллага ыйман келтирүү менен Анын периштелерине ыйман келтирүү чогу берилет. (Бакара, 2/285; Ниса, 4/136).


Периште; элчи, кабарчы, күч-кубат деген сыяктуу маанилерге келет.

- Периштелер нурдан жаралышкан.
- Курани Каримде адамдар топурактан, жин-шайтандар оттон жаратылгандыктары айтылган. Бирок периштелер эмнеден жаратылгандыгы так айтылган эмес.
- Периштелердин нурдан жаратылгандыгын Сүйүктүү Пайгамбарыбыз айтып кеткен. (Ахмад, Муснад, VI/158; Муслим, Зухд, 10, (60), III/2294).

"Пеириштелер жеп-ичүүдөн, уктоодон, үйлөнүүдөн, эркектик жана урга-ачылык сыяктуу сыпаттардан оолак болушат (Исра, 17/40; Саффат, 37/150; Зуңруф, 43/19).

"Алар Алланын кулдары болгон периштелерди ургаачы кылышты. Алар эмне, алардын жаралышына күбө болушуптурбу? Алардын бул күбөлүк-төрү жазылып, анан суракка алынат". (Зухруф, 43/19).

Төрт чоң периште жана алардын милдеттери





ПЕРИШТЕЛЕР
Алланын периштелери,
Ар бири нурдан жаралган.
Аршты, жерди курчаган,
Чынчыл болот ишинде.

Жешпейт да ичишпейт,
Эркек-ургаачылыктан алыс.
Акыйкат чегин өтүшпөйт,
Вазыйпалары абдан көп.
(Тунчалп, 36)



**Ой Жүгүртүү**

Жогорудагы ырды эске алып, периштелердин өзгөчөлүктөрүнө токтолгула.



# 2 Периштелердин Милдеттери

- Баарынан мурда периштелер Алла Тааланын берген милдеттерин так жана күмчиликсиз түрдө орундатышат.
- Бул милдеттердин эң башкысы адамдарга жардам көрсөтүү, ааламдын ишке ашуусунда өздөрүнө таандык милдеттерди орундатуу.
- Алла Тааланын адамдар менен болгон байланышын куруу негиздеринин бири бул периштелер болуп саналат.
- Периштелер Алланын вахийин пайгамбарларга жеткирет.

## Жабрейил

Жабрейил вахий алып келген периште.

“Алла Өз пенделеринен каалаган адамга Өз буйругу менен периштелерди: «Чындыгында, Менден башка эч бир кудай жок. Ошондуктан Менден гана коркушсун деп эскерткиле!», – деген кабар менен түшүрөт”. *(Нахл, 16/2).*

Жабрейил
Аллага эң жакын болгон,
Төрт периштенин бири.
Алланын буйруктарын,
Пайгамбарларга жеткирет.
Дүйнө мейкиндигин, мээримге бөлөгөн булак.

(Тунчалп, 41-б)

## Микайил

Алланын амири менен жер бетиндеги жараяндардын ишке ашуусунда милдеттүү болгон периштелер бар. Бул иштер менен милдеттүү болгон чоң периште Микайил периште болуп саналат.

MÎKÂİL
Берекелүү шамал, жамгыр,
Анын кызматына кирет.
Жашарат жер бети,
Жашылдандырат талааны.

Ырыскыга өкүм кылган,
Бул шексиз Алла Таала.
Бөлүштүрүү ишин аткарган,
Микайилдин дал өзү.

(Тунчалп, 43-б)

Азрейил

Алланын амири менен ажалы жеткендердин жанын алууга милдеттүү болгон периштелер болот. Бул милдетти чоң периште Азрейил аткарат.

Курани Каримде мындай баяндалат: “Силерди, силерге атайын дайындалган өлүм периштеси жаныңарды алат. Андан соң Эгеңерге кайтарыласыңар”, – дегин”. ***(Сажда, 32/11).***

**АЗРЕЙИЛ**
**Ар бир жандуу, өлүмдүн**
**Даамын татат албетте.**
**Бул Аллага кайтууну,**
**Акыйкат Алла буюрат.**
**Өлүм эч шексиз Алланын,**
**Чыныгы буйругу деп билгин.**
**Мындай кыйын кызматтан,**
**Жооптуу Азрейил периште.**
**(Тунчалп, 41-б)**



Исрафил

Алла тарабынан периштелерге берилген милдеттердин бири, бул кыямат күндүн убагын кабарлоо болуп саналат. Бул милдетти Исрафил периште аткарат.

“Сурнай тартылганда Алланын каалаганынан башка асмандардагы жана жердеги жан ээлери (баары) өлүшөт. Андан соң экинчи жолу сурнай тартылганда, алар (тирилип) күтүп калышат”. ***(Зумар, 39/68).***

**ИСРАФИЛ**
**Исрафил да периште,**
**Барктуу жана кадырлуу.**
**Кыяматка таандык,**
**Милдеттерден жооптуу.**
**Буйрук менен соңунда,**
**Сурнайын чалат албетте.**
**Кыямат болот ошондо,**
**Бул акыйкат, бул чындык.**
**(Тунчалп, 44-б)**

## Башка Периштелер жана Алардын Милдеттери

Жогоруда айтылган төрт чоң периштелерден башка Алла Таала тарабынан милдеттендирилген периштелер да бар.

### *Куткаруучу (Коргоочу) Периштелер (Хафаза)*

Булар адамдарды коруугa милдеттүү, адамдарды жакшылыкка багыттап, жамандыктан кайтарууга аракеттенишет. Ардайым жаныбызда бизди коргоп жүргөн периштелер бар экендгин сезүү, бизде күчтүү ишеним туудурат. Кыймыл-аракеттерибизге көңүл буруубузга түрткү болот. Периштелер Алланын уруксаты менен пенделерге жардам берүү үчүн шашылышкан курбулар болуп саналат.

"Чындыгында: "Эгебиз Алла", – деп, бекем тургандарга[24] периштелер түшүп: "Коркпогула! Кайгырбагыла! Силерге убада кылынган Бейиш аркылуу кубанычка бөлөнгүлө", дешет.

"Биз дүйнө тиричилигинде да, акыретте да досуңарбыз..." (Фуссилат, 41/30-31).

### *Жазып Туруучу Периштелер (Кирамин Катибин)*

Адамдардын жүрүм-турумдарын көзөмөлдөп, жакшылыктарын жана жамандыктарын жазып турушат.

"Силердин үстүңөрдө көз салып карап туруучулар, ардактуу жазуучулар бар". (Инфитар, 82/10-11).

"Оңдон жана солдон эки жазуучу олтуруп жазып турат". (Каф, 50/17).

### *Суракка Алуучу Периштелер (Мункар-Накир)*

Суракка тартуучу периштелер, адамдарды кабырда суракка алуу милдетин аткарышат.

**Ой Жүгүртүү**

Периштелердин бар экендигине ишенүү, жүрүм-турумдарыбызга кандай таасир калтырат?

# 3 Периштелерден Сырткары Көзгө Көрүнбөгөн Болмуштар

## Куранда Жиндердин Баяндалуусу

- Жиндер да бул көзгө көрүнбөгөн макулуктардын бири. Көзгө көрүнбөгөн мындай барлыктар тууралуу көптөгөн түрдүүчө ишенимдер жана көз караштар бар.
- Ыйык китебибиз Курани Карим жиндердин бар экендигин бизге кабар берүүдө; бирок кандай макулуктар экендиги жөнүндө деталдуу маалымат берилген эмес.
- Курани Каримде жиндер жөнүндө айтылат, кала берсе “Жин” деген сүрө да бар.
- Жиндер, Алла тарабынан жаратылган болмуштар болуп саналат. Куранда “Жиндерди түтүнсүз (таза) жалындан жаратты” (Рахмаан, 55/15) деп буйрулат. Мында айтылгандай эле жиндердин оттон жаратылган макулуктар экендигин билсек болот.

Жиндер да адамдар сыяктуу эле Алланын таанып-билүүгө, Ага ибадат кылууга милдеттүү. “Мен жин жана адамдарды Өзүмө сыйынуулары үчүн гана жараттым” (Заарийат, 51/56).



## Жиндер жана Пайгамбарлар

Жиндерге да пайгамбарлар жиберилген.

“Эй жиндердин жана адамдардын топтору! Чын эле силерге Менин айаттарым жана ушул Күн тууралуу айтып эскерткен силердин өзүңөрдүн араңардан элчилер келген жок беле?” (Ан’ам, 6/130).

Жиндердин арасында да өздөрүнө келген пайгамбарларга ишенгендери да бар ишенбегендери да.

“Айт! «Мага кабар берилди. Жиндердин бир тобу китептин окулганын угуп алышып: «Биз чындыгында кереметтүү Куранды уктук», – дешти. Ал чыныгы түз жолго баштайт. Биз ага ишендик”. (Жин, 72/1-2).

Жиндердин да жакшылары жана жамандары болот. Алардын жамандыктарынан Аллага баш калкалоо керек.

**Ой Жүгүртүү**

- Жиндердин зыяндарынан коргонуу үчүн эмне кылуу керек?
- Нас сүрөсүнүн маанисин айткыла.

Жиндер Жөнүндөгү Туура Эмес Ишенимдер

*Арбакты Чакыруу*

- Жиндер көзгө көрүнбөгөн барлыктр болгондугу үчүн, алар жөнүндө көптөгөн ишенимдер жана айтылган сөздөр бар, бирок, бул ишенимдердин көпчүлүгү туура эмес . Биз жиндер тууралуу бир гана Куранда айтылгандарга гана ишенебиз.
- Жиндерге тиешелүү туура эмес ишенимдердин кээбирлери бул, арбак чакыруу, төлгө ачуу, сыйкыр жана көз боёмо болуп саналат.
- Кээбир адамдар чогулуп алып, арбактарды чакыргандыгын жана арбактар менен сөйлөшүшкөндүгүн, алардан бүгүн жана келечек тууралуу маалымат алгандыгын айтышат. Ушул маалыматтарга таянып жашаганга жана чечимдер чыгарууга аракет кылышат.
- Өлгөн адамдардын арбактары кайра дүйнөгө кайтып келбестиги Куранда баяндалат.
- Арбактар, тирүү адамдар менен кандайдыр бир байланышта болооруна ишаарат кылган эч кандай аят же хадистер жок. Андыктан арбакты чакыруу жолу менен алынган маалыматтарга ишендирүү жана ошол маалыматтарга таянып чечим чыгарууга, аракет жасоого тыю салынат.





### *Сыйкыр жана Көз Боёмочулук*

- Ыйык динибизде сыйкыр жана көз боёмочулук менен алек болуу, аларды жасатуу кескин түрдө тыю салынган.
- Сүйүктүү Пайгамбарыбыз сыйкыр жана көз боёмо менен алек болууну чоң күнөөлөрдүн катарына кошкон.
- Сыйкыр жана көз боёмочулук сыяктуу туура эмес ишенимдерден алыс туруубуз керек.
- Күч жетпеген кооптуу жана боло турган жамандыктардан ар дайым Аллага баш калкалообуз керек.

“Айткын: “Сактанам таңдын Эгеси менен. Ал жараткан нерселердин жамандыгынан, Караңгылык каптагандагы анын жамандыгынан, Түйүндөргө сыйкырлоочулардын кастыгынан, Көрө албастардын кызгангандагы жамандыгынан”. (Фалак, 113/1-5)

“Биз дүйнө тиричилигинде да, акыретте да досуңарбыз...” (Фуссилат, 41/31).

### *Төлгө Ачуу (Палчылык)*



- Адамдардын ортосунда кеңири таралган туура эмес ишенимдердин бири да, бул төлгө ачуу болуп саналат. Төлгө ачуу, келечекти билүү, шанс же буйрукту алдын ала билүү максатында жасалат. Андыктан оюн кагаздары (карталар), кофенин идишинен төлгө ачуу, алакандын ичине ж.б нерселерге карап бир нерселерди айтып берүүгө аракеттенишет. Мындай иштер менен алектенгендерге “төлгөчү” деп айтылат.
- Төлгөчүлөр (көзү ачыктар), адамдардын күнүмдүк жашоосун жана келечегин айтуу, баштан өтө турган нерселерди билүүгө болгон кызыгууларын колдонот. Ушундай кызыгууларын колдонуп, адамдарды алдашат. А чындыгында адамдардын келечекте боло турган окуяларды билүүсү эч качан мүмкүн болбойт.
- Кала берсе пайгамбарлар дагы Алла бирлдирген нерселерди гана биле алышат, айта алышат. Ушул сыңары Аз. Нух чөйрөсүндөгү адамдарга;

“Мен силерге: “Жанымда Алланын казыналары бар деп айтпаймын жана көмүскө-кайыпты да (ал маалыматтарды) билбеймин... “ деп айтпайм дейт. (Хууд, 11/31).

- Төлгөчүлүк (көзү ачыктык) “чындыкты” түшүнүүгө тоскоолдук кылган абалга айланган. Ушундан улам балким, төлгөчү-көзү ачыктардын айткандарына таянып иш жасаган адамдар, кийинчерээк зыянга түшүгүп калуусу мүмкүн.

*Төлгө Ачуу жана Башканын Акысын Жегендик*

- Палчылар, адамдардын акчасын, убактысын жана сезимдерин колдонушат. Ушундай жол менен адал эмес пайда көрүп, күч топтошот.
- Динибиз төлгө өчүу, көзү ачыктык кылуу жана ушул сымал иштер менен алек болууну, муну менен бирге алек болгондорго маани берүүгө да тыю салган.

"Эй, момундар! Арак, кумар, (сыйынуу үчүн) кадалган таштар жана жаанын огу менен төлгө ачуу – шайтандын ыплас иштери. Андан сактангыла! Мүмкүн кутулаарсыңар". (Маида, 5/90).

**Ой Жүгүртүү**

Сыйкыр жана көз боёмочулуктун зыяндары кайсылар?

Куранда Шайтандын Баяндалуусу

- Көзгө көрүнбөгөн барлыктардын бири, бул шайтан.
- Шайтандын Курани Каримде айтылган аттарынын бири Иблис.
- Шайтан; анын барлыгы Куранда кабар берилген жана ал адамдарды туура жолдон адаштырган макулук деп баяндалат.
- Шайтан жамандыктын символу.
- Шайтан адамдарга алар жасаган иштерин кызыктуу көрсөтүп , аларды туура жолдон адаштырат.
- Кээбир адамдар, кээбир учурда шайтандашып кетет.

"...Шайтан алардын иштерин кооз көргөзүп, аларды жолдон чыгарды..." (Анкабут, 29/38).

- Шайтан, адамдарды бири-бири менен уруштуруп, алардын ортосунда душмандыкты пайда кылып, мамилелерин бузат жана жакшы иштерди жасоодон алыс кармоо үчүн болгон аракетин жумшайт.

"Чындыгында, шайтан аракта, кумарда ортолоруңарга душмандык, же кек салып, Алланы эскерүүдөн жана намаздан тосууну каалайт..." (Маида, 5/91).

"...Анткени ал (шайтан) даана адаштыруучу душман". (Касас, 28/15).

- Жамандыктар аркылуу адамды жолдон чыгарууга аракет кылган шайтан, өзүн Жаратканга карата да наадан жана баш ийбөөчү болуп саналат. "...шайтан өз Эгесине каапыр болгон". (Исра, 17/27).

**Ой Жүгүртүү**

Жогорудагы аяттарды эске алганда, шайтандын өзгөчөлүктөрү кайсылар? Ачыктагыла.

“Пенделериме айт: “Жакшы гана (сөздөрдү) сүйлөсүн”. Акыйкатта, шайтан алардын ортолоруна кастык салат...” (Исра, 17/53).

Шайтандан Аллага Баш Калкалоо (Коргонуу)

Шайтандан коргонуу үчүн Аллага ишенүү; Адамга кастык кылган шайтандан коргонуу үчүн алгач улуу Раббибиз болгон Аллага ишенүү жана Ага таянуу зарыл. Анткени, Аллага ишенип, ишеним көрсөткөндөргө шайтандын жамандыгы зыян алып келбейт. Бул абал китебибиз Курани Каримде мындайча баяндалат:

“Чындыгында, ыйман келтирип, Эгесине тобокел кылгандарга шайтандын өкүмү өтпөйт. Чынында, анын өкүмү – аны дос кылып, Аллага шерик кошуучуларга гана өтөт”. (Нахл, 16/99-100).

Шайтандан коргонуу үчүн жакшы иштерди (амалдарды) жасоо; Мындайча айтканда, биз жасаган баардык иштерде жакшы жана пайдалуу иш-аракеттерди жасоого жана Алланын буйруктарына жана тыюларына моюн сунууга аракет кылышыбыз керек.



“Эй, адамдар! Жер жүзүндө болгон адал нерселерден гана жегиле, шайтанды ээрчибегиле. Чындыгында ал силерге анык душман”. (Бакара, 2/168).

Шайтандан коргонуу үчүн акыл менен эркти колдонуу; Алла адам баласына акыл менен эркти ыроологон, пайгамбарларды жана китептерди жиберип, ага эскертүүлөрдү жасаган. Инсан, акылы менен эркин колдонуп, жакшы жана пайдалуу иштерди жасай алат жана шайтандын жамандыктарынан, анын багыттоолорунан оолак болууга мүмкүнчүлүгү болот. Шайтандын зыяндуулугунан коргонуу үчүн бизге берилген милдеттерди так аткарып, Аллага баш калкалообуз керек.

“Айткын: “Сактанам адамдардын Эгеси менен, (Ал) адамдардын падышасы, (Ал) адамдардын Кудайы. Жашырынган азгыруучунун жамандыгынан, ал адамдардын жүрөктөрүн азгырат, (Алар) жиндер жана адамдардан (болот)”. (Нас, 114/1-6).

Шайтанга Сыйынуу (Сатанизм)

*Шайтан*

Шайтан, адам баласы жаратылып жатканда менменсинип, Алланын сажда кыл деген буйругун орундатуудан баш тарткандыктан, илахий бейпилдиктен (хузур) кубаланган.

Ушундан улам адамдын душманына айланган. Бирок, шайтан “теңирчиликти” талап кылган эмес. Ошентсе да ага карабастан кээбир адамдар, шайтанды теңирге айлантып, ага сыйына башташкан.

“Эй адам урпактары! Мен силерге: “Шайтанга сыйынбагыла, акыйкатта, ал силер үчүн анык душман” – деп буйрубадым беле? Мага гана сыйынгыла – бул эң туура жол! Ал силерден көптөгөн муундарды жолдон адаштырган. Акыл жүгүрткөндөрдөн болбойсуңарбы?” (Йа-син, 36/60-62).

*Сатанизм*

Учурубузда шайтанга сыйынууга “сатанизм”, ал эми ага сыйынгандарга “сатанист” деп аталат. Сатанисттер шайтанды теңир катары кабыл алышып, ага сыйынышат. Сатанизмдин тарыхы Орто кылымдарга барып такалат.

Орто кылымда сыйкырчылар 14-16-к.к ортосунда, шайтанга сыйынуу кинеси менен айыпталган. Сатанизм мурунку кездерде Християн чиркөөлөрүнө карата болгон баш көтөрүү жана күч колдонуу жолу менен пайда болгон.

Сатанизм, эң оболу Християндык менен бирге башка баардык диндерге жана ыйык баалуулуктарга каршы болуп, аларга баш көтөрөт. Заманыбыздагы Сатанизм түшүнүгүн 1960- жылдарда түптөгөн адам бул, Америкалык Ла Вей болгон.

*Сатанисттер жана Алардын Кылык-Жоруктары*

Сатанизм адамдарды туура эмес ишенимдерге жана зыяндуу көрүнүштөргө баштаган туура эмес агым болуп саналат. Сатанисттер, адамдарды алкаголдук жана наркотикалык заттарды колдонуу, жандуу макулуктарды өлтүрүү, аларды курмандыкка чалуу сыяктуу адамдык сапатка туура келбеген иштерге түртөт.



Сатанисттик жоромолдордо айбандарга жана адамдарга азап чектирүү жана кордук көрсөтүү орун алат. Калаберсе өлүмгө да алып барат. Негизинде диндердин орток максаттарынан болуп эсептелген бирдей түшүнүк, бул адамдарды коргоо жана коомчулуктун өнүгүүсүнө салым кошуу болуп саналат.

**Ой Жүгүртүү**

Сатанизм сыяктуу зыяндуу агымдардан коргонуу үчүн эмнелерди жасоо керек?

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Чөйрөбүздө көптөгөн макулуктар бар. Алардын кээбирин көз менен көрүүгө болсо да кээбирин көрүүгө болбойт. Бирок, көзгө көрүнбөсө да алардын бар экендигине ишенебиз.

Алардын бири бул периштелер. Периште; элчи, кабарчы, күч-кубат сымал маанилерди туюнтат. Периштелер, нурдан жаралышкан. Периштелер жеп-ичүүдөн, уктоодон, үйлөнүүдөн, эркектик жана ургаачылык сыяктуу өзгөчөлүктөрдөн оолак, руханий макулуктар болуп эсептелинет.

Периштелер, Аллага эч бир убакта баш көтөрүшпөйт жана Анын буйруктарын эринбестен аткарышат. Алар өздөрүнө берилген чоң жана оор милдеттерди эң кыска мөөнөттө аткарууга жана эң алыскы жерлерге эң кыска мөөнөттө барууга жөндөмдүү болушат.

Периштелер жана алардын милдеттери: Периштелерге ишенүү, Курани Каримге жана пайгамбарларга ишенүү менен тыгыз байланыштуу. Периштелердин түрдүү милдеттери бар. Алар эң башта Улуу Алланын өздөрүнө берген милдеттерди кемчиликсиз орундатышат. Бул милдеттердин эң башкысы адамдарга жардам берүү, ааламдын айлануусунда өздөрүнө тиешелүү болгон милдеттерди орундатышат. Алла Тааланын вахийин пайгамбарыбызга жеткирген периште, бул Жабрейил периште болуп саналат. Микайил периште жер бетиндеги жараяндардан жооптуу периште. Азрейил периште жан алуу милдетин аткарат. Исрафил периште кыяматтын болоорун кабар берет. Ал эми булардан сырткары Алла Таала тарабынан жооптуу кылынган башка периштелер дагы бар. “Коргоочу периштелер” (хафаза), адамдарды корууга милдеттүү. Периштелер, адамарга жакшы багытты көрсөтөт, жамандыктардан тыюга аракет кылышат. Ар дайым жаныбызда бизди коргоп жүргөн периштелер бар экендигин сезип-билүү, бизде ишенимди (коопссуздукту) пайда кылат, жүрүм-турумдарыбызга көңүл бөлүшүбүзгө өбөлгө түзөт.

Көзгө көрүнбөгөн макулуктардын бири бул, жиндер. Көзгө көрүнбөгөн мындай барлыктарга тиешелүү башкача ишеним жана ой-жүгүртүүлөр бар. Ыйык китебибиз Курани Карим  жиндердин чындык экендигин бизге кабарлоодо; бирок алардын

түспөлдөрү жөнүндө деталдуу маалымат берилген эмес. Жиндер, Алла тарабынан жаратылган барлыктар болуп эсептелинет. Куранда жиндердин оттон жаратылгандыгы айтылат. Жиндер да адамдар сыяктуу эле Алланы таанып-билүүгө, Ага ибадат кылууга милдеттүү. Жиндердин арасында өздөрүнө келген пайгамбарлардын эскертүүлөрүнө ишенгендери да ишенбегендери да бар. Алардын ичинде жакшылары да жамандары да болот. Жиндердин жамандыктарынан Аллага баш калкалоо керек.

Жиндер көрүнбөгөн барлыктар болгондуктан, алар тууралуу көптөгөн ишенимдер жана имиштер бар. Биз болсо жиндер туурасында бир гана китебибиз Курандын айткандарына ишенебиз. Жиндерге тиешелүү туура эмес (баатыл) ишенимдердин кээбири бул, арбак чакыруу, палчылык, сыйкыр жана көз боёмочулук ж.б болуп саналат.

Арбак (рух) чакыруу жолу менен алынган маалыматтарга ишеним көрсөтүү жана алар менен чечим чыгаруу, анын негизинде кыймыл-аракеттерде болуу, туура эмес ишенимдин негизинде кыймыл-аракетте болуу деп саналат. Төлгө ачуу дагы адамардын арасындагы туура эмес ишенимдердин бири болуп саналат. Төлгөчүлөр, адамдарда болгон учурдагы жана келечекте боло турган нерселерди билүүгө болгон кызыгууларын колдонушат. Динибизде, сыйкыр жана көз боёмочулук менен алек болуу жана ушундай нерселерди башкаларда жасатуу сөссүз түрдө тыю салынат.

Шайтан да көзгө көрүнбөгөн барлыктардан болуп саналат. Шайтан; Куранда сөз болгон, адамдарды туура жолдон алаксыткан макулук болуп саналат. Ал жамандыктын символу. Адамга душмандык кылган шайтандан коргонуу үчүн эң оболу Аллага ишенүү жана Ага таянуу керек. Анткени Аллага ишенип, Ага ишеним көрсөткөндөргө шайтандын жамандыгы эч кандай зыян келтирбейт. Ошого карабастан адамдардын кээбирлери убакыттын өтүшү менен шайтандашып кетээрин унутпоо керек.

Текеберлигинен улам шайтан Алланын сажда кыл деген буйругун орундатпастан илахий бейпилдиктен айдалган. Ал эми буга себеп болгон адам баласы үчүн душманга айланган. Бирок шайтан “теңирдикти” талап кылган эмес. Ага карабастан кээбир адамдар, шайтанды теңирдин ордуна койгон, ага сыйына башташкан. Мына ушинтип шайтанга сыйынууга “сатанизм”, ага сыйынгандарга болсо “сатанист” деп аталат. Сатанисттер шайтанды теңир катары кабыл алышып, ага сыйынышат.

Сатанизмдин тарыхы орто кылымдарга барып такалат. Орто кылымдарда сыйкырчылар 14-16- к.к арасында, шайтанга сыйынуу деген кине менен айыпталган. Сатанизм Християн чиркөөлөрүнө баш көтөрүү жана каршы чыгуу катары пайда болгон. Сатанизм адамдарды туура эмес ишенимдерге жана жоромолдорго түрткөн туура эмес агым болуп саналат. Сатанисттер, адамдарды алкаголдук жана наркотикалык заттарды колдонууга, жандуу макулуктарды өлтүрүүгө, аларды курмандык чалуу сымал зыяндуу аракеттерге багыттайт. Сатанисттик жоромолдордо айбандарга жана адамдарга кордук көрсөтүлүп, зордук-зомбулук жасалат. Кээде бул көрүнүш өлүмгө да алып барат. Ал эми негизинен диндердин орток максаттарынын катарына кирген кеңири жайылган түшүнүк бул, адамдарды коргоо, анын жана коомдун өнүгүүсүнө салым кошуу болуп саналат.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Жаратылган нерселердин (Болмуштардын) түрдүү жана окшоштук жактарын көрсөткөн таблица даярдагыла.
2. Жаратылган нерселерди (Болмуштарды) кантип классификациялоого болоорун ойлонуп көргүлө. Көзгө көрүнбөгөн барлыктардын аттарын атагыла. Неге аларды көз менен көрүүгө болбойт?
3. Периштелердин өзгөчөлүктөрү кайсылар?
4. Периштелерге ишенүү, жүрүм-турумдарыбызга кандай таасир калтырат? Ачыктагыла.
5. Чөйрөңөрдө жиндерге тиешелүү кандай ишенимдер бар? Адамдар эмне үчүн мындай туура эмес ишенимдерге барышат? Изилдегиле.
6. Эмне үчүн Сатанизм туура эмес ишеним болуп саналат? Ачыктагыла.

# Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы периштелердин өзгөчөлүктөрүнөн болуп саналат?**

А) Нурдан жаралуу  Б) Жеп-ичүү

В) Эркек жана ургаачы болуу  Г) Үйлөнүү

Д) Карылык

**2. Адамдардын жакшылыктарын жана жамандыктарын жазууга милдеттүү периштелер төмөнкүлөрдүн кайсынысы?**

А) Мункар-Накир  Б) Коргоочу  В) Кирамин-Катибин

Г) Жабрейил-Исрафил  Д) Микайил-Азрейил

**3. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы периштелердин милдеттеринен эмес?**

А) Аллага ибада кылуу

Б) Вахий алып келүү

В) Адамдарды жоопко тартуу

Г) Адамдарга жардам берүү

Д) Аллага баш ийүү

**4. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы жиндердин өзгөчөлүгүнөн эмес?**

А) Көрүнбөстүк  Б) Ээрчигендери бар  В) Ээрчигендери жок

Г) Оттон жаралышкан  Д) Вахий жеткиришет

**5. Төмөнкүлөрдөн кайсынысы туура эмес ишенимге кирбейт?**

А) Төлгө ачуу  Б) Сатанизм  В) Сыйкырлоо

Г) Назар үчүн дуба окуу  Д) Көз боёмочулук жасоо

# VI
# БӨЛҮМ



# Китептерге Ыйман Келтирүү

1. Вахий жана Вахийге Болгон Муктаждык
2. Илахий Китептер
3. Курани Каримдин Түшүрүлүшү
4. Курани Каримдин Жазылуусу жана Мусхаф (Китеп) Калыбына Келтирилүүсү
5. Курани Каримде Белгиленген Билге (Үлгүлүү) Адам
6. Ыймандын Алкагында Курани Каримде Белгиленген Өрнөктүү Адам
7. Жүрүм-Турумдун Алкагында Курани Каримде Белгиленген Өрнөктүү Адам

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө;

- Ыйык динибиздин ишеним негиздеринин бири болгон китептерге ыйман келтирүү маселеси каралмакчы.
- Вахийдин мааниси каралып, эмне үчүн адамдар вахийге муктаж болоору түшүндүрүлмөкчү.
- Илахий китептер; Тоорат, Забур, Инжил (Библия) жана Курани Карим жөнүндө таанытуучу жалпы маалыматтар берилмекчи.
- Ыйык китебибиз Курандын, пайгамбарыбызга түшүрүлүшү, жаздырылуусу жана китеп (мусхаф) абалына келтирилүүсү негизги түшүнүктөрү менен берилмекчи.
- Курани Каримдин максаты, адам баласына жол көрсөтүү жана анын Алланын ыраазычылыгына жараша өмүр сүрүүсүн камсыздоо болуп саналат. Ушуга байланыштуу маалымат, ишеним жана жүрүм-турумдар боюнча Куран максат кылган адамдын профилинин өзгөчөлүктөрү да ушул бөлүмдө берилгенге аракет жасалган.



## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Вахийдин маанисин айтууга,
2. Вахийге болгон муктаждыкты түшүндүрүп берүүгө,
3. Илахий китептердин өзгөчөлүктөрүн айтып берүүгө,
4. Маалымат жагынан Курани Карим самаган киши профилинин өзгөчөлүктөрүн айтууга,
5. Ыйман  жагынан Курани Карим самаган киши профилинин өзгөчөлүктөрүн айтууга,
6. Жүрүм-турумдар боюнча  Курани Карим самаган киши профилинин өзгөчөлүктөрүн айтууга, жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бөлүмдү окууда;

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
3. Китептин соңунда берилген булактардан пайдалануу.

"Эй ыймандуулар! Аллага, Анын элчисине, Ал Өзүнүн элчисине түшүргөн Китепке жана Ал андан мурун түшүргөн Китепке ишенгиле!.." (Ниса, 4/136).

# 1 Вахий жана Вахийге Болгон Муктаждык

## Вахий

Вахий деген сөз, сөздүктө; жашыруун сүйлөшүү, жашыруун жана ылдам билгизүү, жиберүү, ишаара сыяктуу маанилерди берет.

- Вахий, Алла Тааланын адамдар үчүн керектүү болгон маалыматтарды пайгамбарларына жеткирүү жолу деп аталат.
- Ошол эле учурда, жеткирилген мындай маалыматтарга да вахий деп аталат.

Курани Каримде вахий жөнүндө мындайча баяндалат:

"Алла айан аркылуу, же көшөгөнүн артынан, же Өз уруксаты менен пайгамбар жөнөтүп Өз каалаганын кабар кылбай туруп, адамга сүйлөгөн эмес..." (Шуура, 42/51).

## Вахий жана Илахий Үндөө

Алла, адамдардын ичинен тандап алган пайгамбарлар аркылуу адамдарга кайрылган, маалыматтарын; буйруктарын жана тыйууларын ушундай жол менен жеткирген. Пайгамбарлар Алладан кандай алган болсо ошондой абалда өз коомдоруна жеткиришкен, аны ачыктап-түшүндүрүшкөн жана жүзөгө ашыруу жолдорун да көрсөтүшкөн.

**Ой Жүгүртүү**

Алла эмне үчүн вахий аркылуу адамдарга үн каткан?

## Вахийдин Пайдалары

Алла вахий аркылуу адамдарга кеңпейилдик, жардам жана колдоо көрсөткөн.

Вахий аркылуу келген маалыматтар, адам баласынын бул жашоодо туура жолду тандап, каталардан оолак болуусуна өбөлгө болот; коопсуз, бактылуу жана Алланын эркине төп келген жашоонун принциптерин сунат.

Адам өзүнүн таза жана аруу табиятын сактоо үчүн Алланын жардамына жана жол көрсөтүүсүнө муктаждыгы бар. Алла, вахий менен адамдын өзүн жана анын Жаратканын тааныткан; адамдын Алла менен жана аалам менен болгон байланышында жол көрсөтүп, ага жашоонун маңызын үйрөткөн.

**Ой Жүгүртүү**

Алланын, вахий аркылуу адам менен Алланын байланышы, адам менен ааламдын ортосундагы байланыш жана адамдардын бири-бири менен болгон байланыштары жөнүндө маалымат берүүсүнүн себебин айткыла.

Вахий жана Адамдын Акылы

- Адам акылга ээ болгон жаратык. Акылдын жолу аркылуу жакшы менен жаманды, туура менен туура эмести айырмалай билет.
- Алла, өз вахийи аркылуу адамдын акылын, жакшы, туура жана көркөмдүү нерселерге багыттаган, адамдын акылы менен жетпеген керемет хикматтарды да билгизген.
- Адам бул дүйндө кээбир нерселерге акылы жана тажрыйбалары менен ээ болуп, аларды өздөштүрүүсү мүмкүн.
- Вахий, жашоодо жол көрөтүүчү катары; өмүрдүн илахий эркке төп келе турган абалда болуусуна керектүү болгон жогорку баалуулуктардын топтому болуп саналат.
- Вахий, жеке адамдын жана коомчулуктун айткандары, жүрүм-турумдары калаберсе ниеттери жөнүндө баалуулуктарын таанытат; Алланын даргөйүндө жакшы же жаман, туура же туура эмес экендигин билгизет.
- Адам баласы вахий көрсөткөн мындай баалуулуктардын ортосунда өзүн, башка макулуктардан айырмалап турган жакшы кулк-мүнөз (ахлак-и хаамида) ээси, изги жандууга айланат.



**Ой Жүгүртүү**

Адамдын изги сапаттарга ээ болуусунда вахийдин кандай пайдасы бар?

Вахий, Дүйнө жана Акыреттин Ортосундагы Байланыш

- Вахий, Алланын барлыгы, ааламдын жаратылышы, өлүмдөн кийинки жашоо жана руханий барлыктар жөнүндө да маалыматтарды берет.
- Адамдын кабыл алуу күчүнүн чегин ашкан мындай маселелер, вахийдин жардамы менен тагыраак түшүнүүгө болот. Ушуну менен адам, акыйкаттын дагы да жогору экендигин түшүнөт жана жашоосун илахий эркке төп келген абалда, чыныгы маанисине жана максатына жетүү жолунда илгерилейт.
- Адамдын дүйнөдөн башка акырет жашоосу да бар. Акыретте эмнелер болоорун жана ал жерде адамдын дүйнөдө тапкандарына жараша мамиле көрөөрүнө тиешелүү маалыматтарды адамдын акылы менен баамдоосу мүмкүн эмес.
- Өлгөндөн соң кайра тирилүү, кыямат, эсеп, бейиш, тозок ж.б.у.с маселелерде маалымат алуучу булагыбыз, бул вахий болуп саналат.
- Дүйнө жашоосунда вахий арклуу маалымдалган адам, ага жараша жашагандыгы менен дүйнөсүн коздоп, аны менен бирге бүтпөс жашоо болгон акыреттеги бактылуулугун да таба алат.


# 2 Илахий (Теңирдик) Китептер

Китептерге Ыйман

- Китептерге ыйман келтирүү, ыйык динибиздин негизги ыйман принциптеринен бири болуп саналат.
- Китептерге ишенүү, Алланын пайгамбарларынын бир бөлүгүнө китеп жибергендигине жана булардан бүтүм чыгарып, алардын туура жана чындык экендигине ишенүү дегенди түшүндүрөт.
- Аллага, пайгамбарга ыйман келтирүү менен китептерге ыйман келтирүүнүн ортосунда жакын байланыш бар. Анткени пайгамбарлар, китептерди түзгөн вахийди Алладан алышкан.
- Илахий китептер, Алланын пайгамбарлар аркылуу адамдарга жиберген китептер болуп саналат жана Алланын адамдарга билдирген амирлерин жана тыюларын камтыйт.
- Булар самавий (асманга тиешелүү) китептер деп да аталат. Бул китептерде, пайгамбарлардын жашаган коомдун тили колдонулган. (Ибрахим, 14/4).
- Илахий китептердин негизги максаттары, адамдарды дүйнө жана акырет жашоосунда, Алла Тааланын ыраазычылыгын алып, бактылуу кылуу болуп саналат. Алардын ар бири адамдарга туура жолду көрсөткөн жол башчылар болуп саналат.
- Илахий китептер, түрдүү убактарда жана түрдүү коомдорго жиберилген болсо да, коомчулук тарабынан бурмаланбаган китептердин баары бирдей багытка чакырат.
- Адамдарды күчтүү ыйман, туура жүрүм-турум, акыйкат жана адилеттүүлүккө таянган мамиледеги түшүнүктүн жана жакшы кулк-мүнөздүн ээси кылуу, китептердин эң акыркы максаты болуп саналат.
- Куран, өзүнөн мурун да самавий китептер келгендигин кабыл кылат. Бул китептер тууралуу да маалымат берет.
- Алланын вахийлери болгондугу үчүн самавий китептердин түп нускаларынын арасында айырма болбойт.
- Аларды ээрчигендер кийинчерээк бул китептерди бурмалап салгандыгы тууралуу кабар берет.
- Алладан кандай келген болсо, ошондой баарына ишенүүнү буюрат:

"...Андан мурун адамдарга туура жол кылып Тоорат менен Инжилди түшүрдү. (Эми чындык менен жалгандын арасын) ажыратып берүүчүнү (Куранды) түшүрдү..." (Аалу Имран, 3/3-4).

Илахий китептер чоңдугуна (калыңдыгына) карата сухуф (кагаздар) жана китеп деп экиге бөлүнөт.






Сухуф (Барактар)

Бир китептин барактары же болбосо кагаздардын жыйыны деген мааниге келет. Куран Аз. Ибрагимдин сухуфуна да ишаара кылат. (Нажм, 53/37; Аала, 87/19).


Кээбир пайгамбарларга берилген кагаздардын топтому 100 барак экендиги жана алардын 10 бети Аз. Адамга, 50 барагы Аз. Шитке, 30 барагы Аз. Идриске ал эми Аз. Ибрахимге 10 бет берилгендиги риваят кылынган, бирок бул барактардан эч бири бүгүнкү күнгө чейин жеткен эмес. (Суйутий, ад-Дуррул'Мансуур, VIII/489).

Китеп

Сухуфка карагнда кеңири географиялык аймак жана социалдык чөйрөдө жашаган, калктын саны жагынан да жыш жайгашкан коомчулуктардын муктаждыктарына жооп бере алган, көп барактан турган вахийлердин топтомуна китеп деп айтылат. Сөздүктө китеп, жазуу жана жазылган документ деген мааниге келет. Еврейлерге жана Християндарга китеп түшүрүлгөндүгү үчүн аларга Ахли китап (китеп ээлери) деп аталган. бул китептердин саны төрттөн туруп, булар келишине карата Тоорат, Забур, Инжил (библия) жана Курани Карим деп аталат. Самавий китептер деп айтылганда, эң оболу ушул төрт китеп эске келет.

**Ой Жүгүртүү**

Алла, адамдарга эмне үчүн белгилүү мөөнөттөрдө китеп жиберген?




Тоорат

- Тоорат, Аз. Муса аркылуу Жөөттөргө (Исрайилуулдарына) жиберилген китеп болуп саналат.
- Тоорат деген сөз мыйзам, ыйык мыйзам, буйрук жана жол көрсөтүүчү деген сыяктуу маанилерди туюнтат. Буга Эски Ахит (эски келишим) деген маанидеги Ахди Атиик деп аталат.
- Тоорат Иврит тилинде болуп, башка тилдерге да которулган.

*Тоораттын Бөлүмдөрү*

Тоорат, төмөндө корутундулап берилген беш бөлүмдөн турат:

*1. Таквин:* Бул бөлүмдө алгачкы адамдын жана ааламдын жаратылуусу, Нухтун топонсуусу, Аз. Жусуп пайгамбардын Мисирдеги жашоосу. Жөөттөрдүн (Исрайилуулдарынын) Мисирге (Египетке) келиши жана адам жасаган алгачкы күнөө деген маселелердин тегерегинде сөз козгогон.

*2. Хурууж (чыгуу):* бул жерде Исрайилуулдарынын башынан өткөргөн кыйынчылыктары, Аз. Мусанын пайда болуусу жана Мисирден Синага (чөл) баруулары баяндалат.

*3. Лавилийлер:* Жөөт дин адамдарынын милдеттеринин, диний жана этикалык мыйзамдардан сөз болот. Күнөөлөрдүн кафаараты, арам болгон азыктар, тазалык, үйлөнүү (үй-бүлө), диний жоромолдор (ритуалдар), майрамдар жана адактар (арноо) жөнүндө маалымат берилген.

*4. Сандар:* Жөөттөрдүн (Исрайилуулдарынын) чөлдө өткөргөн жашоосу жана окуялары баяндалат.

*5. Тасния:* Аз. Мусанын өлбөстөн мурун Еврейлерге айткан насааттары, Аз. Мусанын өлүмү, жерге берилүү аземи жана аза күтүүсү баяндалат.

Курани Каримде, Алланын адамдарга жол көрсөтүү үчүн жиберген китептеринен бири Тоорат экендиги айтылат. (Маида, 5/44).

Забур

- Забур, Аз. Давудка жиберилген китеп. (Исра, 17/55).

- Забур деген сөз китеп жана кат деген маанини түшүндүрөт.
- Забур Иврит тилинде түшкөн.
- Көлөмү жагынан ыйык китептердин эң кичинеси болгон Забур, Тоораттан айырмаланып жаңы диний өкүмдөрдү алып келген.
- Забур, Аллага мактоо, шүгүрчүлүк сезимдери, хикматтуу сөздөр, этикалык насааттар жана диний ырлардан (илахий) турат.
- Учурубузда Забур, Мазмурлар деген ат менен Эски Ахиттин (келишим) ичинен орун алган. Мазмур, Забурдун сүрөлөрүнөн ар бирине берилген ат жана алар диний ырлар (илахий) сымал окулат.
- Еврейлер жана Християндар ибадаттарында Мазмурлардан окушат.

**Инжил (Библия)**

- Инжил Аз. Исага жиберилген.
- Инжил деген сөздүн мааниси жакшы кабар, сүйүнчү, үйрөтүүчү деген маанилерди түшүндүрөт.
- Христиандардагы эң эски Инжилдин нускасынын тили Грекче болгон.
- Убакыттын өтүшү менен Инжилдин жүздөгөн нускасы пайда болгон. Азыркы кезде Християн дүйнөсүнүн көпчүлүгү кабыл алган 4 Инжил бар. Алар: Матта, Маркос, Лука жана Юханна Инжилдери.
- Инжилдерде Аз. Исанын өмүр баяны, мужизалары жана сүйүү, чынчылдык, кичипейилдик сыяктуу маселелер орун алган.
- Инжилдеги ушул сөздөр вахий салтынын бүтүмдүгүнө басымдуулук жасоодо маанилүү болуп саналат.

“Куттуу мыйзамды же болбосо пайгамбарлардын айткандарын жокко чыгаруу үчүн келди деп ойлобогула. Мен жокко чыгаруу үчүн эмес, толуктоо (бышыктоо) үчүн келдим”. (Матта, 5:17).

- Курани Карим, Инжил келген доордо туура жолдо жүрүүнү каалагандар үчүн жол көрсөтүүчү жана насаат болгондугун баяндаган. (Мааида, 5/46).

Курани Карим

- Куран деген сөз окуу, чогултуу, топтоо, деген маанилерди берет. Ошондой эле ыйык китебибиздин аты да болуп саналат. “Албетте, бул – Ыйык Куран”. (Вакиа, 56/77).
- Ал, динибиздин эң негизги булагы жана самавий китептердин эң акыркысы.
- Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед жашаган коомдун тили Арапча болгондуктан Куран дагы Арапча түшүрүлгөн.

"Оо Мухаммед! Ушинтип Мекке жана анын чөйрөсүндө жашагандарды эскертүүң үчүн сага Арапча Куран түшүрдүк..." (Шуура, 42/7).

### *Неге Куран Деп Аталат?*

Китебибиздин Куран деп аталуусунун бир себеби, өзүн түзгөн вахийлерди бириктирип тургандыгы үчүн болсо, дагы бир себеби да Алланын буга чейин жиберген китептердин маңызын ичине камтыгандыгы үчүн болуп саналат.

### *Курани Каримдин Башка Ысымдары*

Китеп, Фуркан, Худаа, Танзил, Каламуллах, Байаан, Шифа, Мубиин болуп саналат.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Эмне үчүн Куранга бул ысымдар берилген? Изилдегиле.

### *Курани Карим жана Анын Мазмуну*

Ыйык китебибиз Курани Карим, сүрө жана аяттардан турат. Сүрө жана аяттардын узундугу ар кандай болот.

### *Курандын Негизги Темалары*

Алла, аалам, жаратылуу, ыйман, адеп-ахлак, ибадат, маалымат (билги), өткөн пайгамбарлар жана эски коомдордун окуялары, акырет жашоосу, адамдардын жүрүм-турумдарына тиешелүү буйруктар менен тыюлар жана насааттарга орун берген.

- Курани Карим Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын эң чоң мужизасы болуп саналат.
- Курани Карим бул жашоодо жол көрсөтүүчү катары адамга Алла менен болгон байланышында, аалам менен болгон байланышында жана башка адамдар менен болгон мамилелери тууралуу жол көрсөтөт. Куран адамдарды жакшыга жана коолдукка багыттайт, насаат берип, эскертүү жасайт. Чындыктарды баяндап, жарыкка чыгарат жана жашоону маанилүү кылууга жол ачат.

"Чынында, Куранды Биз түшүрдүк. Эми аны өзүбүз сактайбыз". (Хижр, 15/9).

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Курандын мужиза болуусун жана көркөмдүгүн изилдегиле! Мусулмандардын Куранга болгон сүйүүсүн жана кубанычын изилдегиле!

## 3 Курани Каримдин Түшүрүлүшү

- Курани Карим, Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммедге вахий жолу менен келген.
- Меккеде түшүп баштаган вахий, Мадинада да уланып, Пайгамбарыбыздын өлүмүнө чейин 23 жылга созулган.
- Ошол убакытта Курандын аяттары; бир окуя, бир суроо, Пайгамбарыбыз туш болгон кыйын абалдан чыгаруу же болбосо мусулмандар үчүн чечилүүсү керек болгон кандайдыр бир маселе боюнча түшүп турган.

Меккеде Түшкөн Аяттар

- Меккеде түшкөн аяттар негизинен кыска жана нуска болгон. Бул аяттар, көптөгөн маанилерди камтыган.
- Бул аяттарда негизинен ыйман принциптери, Алланын бирлиги, жардамдашуу, путтардан жана ширк түшүнүгүнөн алыс болуу, кайра тирилүү, адам жасагандары үчүн жоопко тартылуусу сыяктуу маселелер да камтылган.
- Мушриктердин туура эмес ишенимдери жана түшүнүктөрү мына ушул аяттарда баяндалган.
- Муну менен бирге мурунку пайгамбарлардын окуялары, кыямат, бейиш жана тозоктун абалдары да баяндлган.
- Меккеде түшкөн аяттар негизинен: "Оо адамдар!" деген кайрылуу сөзү менен башталат.

Мадинада Түшкөн Аяттар

- Мадина доорунда түшкөн аяттар, Меккеде түшкөн аяттарга салыштырмалуу узунураак жана ачык-айкын таризде болгон.
- Бул аяттарда көбүнесе, мусулмандарга таандык болгон ибадаттар, адамдар менен болгон мамилелерде көңүл буруулары керек болгон мыйзамдар баяндалган.
- Бул аяттардагы чакырыктар негизинен: "Эй ыйман келтиргендер!" деген үндөө менен башталат.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Курани Карим канча беттен, канча аяттан жана канча сүрөдөн тураарын изилдегиле!

"Албетте, бул – Ыйык Куран". (Вакиа, 56/77).

Курани Каримдин Аят-Аят Болуп Түшүрүлүүсү

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин өмүрүнө жайылган бул билдирүү менен коом агартылган (тарбияланган). Бул абал, Куран алып келген принциптерди түшүнүүдө жана ишке ашырууда маанилүү жеңилдиктер сунган. Эгер Куран дүңүнөн бир эле жолу түшүрүлгөн болгондо, анда мусулмандар заматта чоң жоопкерчиликтин жана көтөрө алгыс жүктү мойнуна алышмак.

“Каапырлар: “Эмне үчүн Куран бир эле жолу (толук) түшүрүлбөдү?” – дешет. Муну ушинтип, сенин жүрөгүңдө бекемдөө үчүн Биз аны бөлүп түшүрдүк”. (Фуркан, 25/32).

**Кезек Сизде**

Куранды бөлүп-бөлүп түшүрүүнүн пайдасын ачыктагыла.

Курандын түшүрүлүү жараянын билүү, аяттарын туура түшүнүүгө чоң салым кошот. Кээбир аят же сүрөлөр, бир окуя же болбосо суроого карата түшкөн. Андыктан аяттар кандай гана абал, кандай гана окуя, кандай гана кыймыл-аракет болбосун,  мына ошолор жана адамдар үчүн түшүрүлгөндүгүн билүү маанилүү болуп саналат.



## 4 Курани Каримдин Жаздырылуусу жана Мусхаф Абалына Келтирилүүсү

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед жана Вахий Түшкөн Убакыт

- Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өзүнө түшкөн вахийлерди жаттоого жана аларды жаздырып калууга көп көңүл бурган.
- Ал, вахий келгенде сахабалардан сабаттуу болгондорун дароо чакырып, буларды жаздырып турган.
- Куранды жазып турган бул адамдарга “вахий катиптери-вахийди жазып туруучу-лар” деп аталган.
- Пайгамбарыбыз Курани Каримди жаттап коюп эле тим болбостон, ар бир түшкөн вахийди жаздырып алып, аларды сактаган.
- Вахий катчылары да ар бир түшкөн аят жана сүрөлөрдүн бир нускасын өздөрүндө сактаган жана жаттап алган.
- Курани Карим түшүп турган учурда бөлүм-бөлүм болуп келип турган бул вахийлер, бир канча сахаба тарабынан жазылып алынган жана жатталып турган. Мына ушун-дай жол менен Пайгамбарыбыз көзү тирүү кезинде Куранды толугу менен жат-тап-жаттатып, көптөгөн каары (хафиз-капыз) сахабаларды тарбиялаган. Жаздыруу жана жаттоо жолу менен китебибиз Курани Карим эки тараптуу коргоого алынган.



Курани Каримдин Жаздырылуусу

•Хижаз аймагында жашаган , ошол доордогу Араптардын арасында сабаттуулук аз болгондуктан жазуу шаймандары да көп өнүккөн эмес эле. Шаймандар бар болсо да абдан чектелүү болгон.

•Курани Карим, ошол убактагы мүмкүнчүлүктөргө жараша кагаздын ордуна, жазганга ыңгайлуу болгон жупжука терилер, кабыгы сыйрылган курмалардын бутактары, ак жана жалпак таштар, дал сөөктөрү, тактайлар колдонулуп, ошолордун бетине жаздырылып турган.

•Курани Карим Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын көзү тирүү кезинде толугу менен жаздырылып алынган. Аят жана сүрөлөрдүн орундары Ал айткандай кылып жайгаштырылган. Вахийдин келиши дээрлик Анын жашоосунун аягына чейин уланып тургандыгы үчүн, Куран Анын көзү тирүү кезинде Мусхаф абалында чогултуп, китеп абалына келтириле алган эмес.

Курани Каримдин Чогултуусу

- Аз. Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин, түрдүү жазуу буюмдарынын үстүнө жаздырылып алынган Курандын бөлүмдөрү бириктирилип, алгачкы халифа Аз. Абу Бакирдин доорунда Мусхаф абалына келтирилип, бирдей болгон жазуу шаймандын бетине түшүрүлүп, матин (текст) абалында коргоого алынган.

Кураны Каримди Китеп Абалына Келтирүү

- Вахий катиптеринин бири болгон Зайд бин Саабиттин башчылыгында аябай кылдаттык менен китеп абалына келтирилген Курандын нускасы, Аз. Абу Бакирден кийин экинчи халифа Аз. Умарга жана андан кийин Пайгамбарыбыздын жубайы Аз. Хафзага тапшырылган.

Курани Каримдин Нускасын Көбөйтүү

- Куранды көбөйтүү (нускоолоо) үчүнчү халифа Аз. Осмон учурунда жүзөгө ашкан. Бул учурда Арапча жазуу түрдүүчө окууга жол ачкандыгы үчүн, Ислам географиясынын кеңейиши менен жана мусулмандардын саны арткандыгынан улам Арапчаны окууда айырмачылыктар чыга баштаган. Ушул жана ушуга окшогон себептерден улам мусулмандар Курандын бир нускасынын тегерегинде биригүүсү, коомдук тартиптин орноосунда мажбурий абалга айланган.

Курани Каримдин Жаздырылуусу

- Аз. Осмон мусулмандардын ортосунда бирдей типтеги окууну камсыз кылуу үчүн Аз. Хафсадагы Курандын нускасын негиз алып, Зайд бин Саабит баш болгон тандалма камиссияга Куранды жаздыруу ишин тапшырган. Жаздырылган нускалардын саны 7 экендиги айтылат. Бул нускалардын бири Аз. осмондун жанында мадина шаарында калтырылган.

Курани Каримдин Таркатылуусу

- Курандын калган нускалары ошол доордун белгилүү борборлорунан болгон Мекке, Басра, Куфа, Шам (Дамаск), Йемен жана Бахрейнге жиберилген. Бул нускалардан көбөйтүп бастырылып, мусхафтардын саны кыска убакытта көбөйгөн. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн төрт тарабында мусулмандардын колундагы Куран китеби мына ошол Аз. Осмондун жаздырып, көбөйткөн нускалардан болуп саналат. Булар эч кандай өзгөөртүүгө кабылган эмес.



## 5 Курани Каримде Белгиленген Билге (үлгүлүү) Адам

Алла адам баласына ааламда өзү менен чогуу жашаган башка макулуктарда болбогон акыл сыяктуу өзгөчө нерселерди берген. Курани Каримде адамдын жогорку жана баалуу деп айтылуусунун негизги себеби, анын ой-жүгүртүү, аңдоо, кабыл алуу жана маалымат алуу сыяктуу өзгөчөлүктөргө ээ болуусуна байланыштуу болгон.

Адамды өзгөчө кылган маалымат өзгөчөлүгүнүн натыйжасында чөйрөсүндөгү жандуу жана жансызды өзүнө кызмат кылдырып, аларды пайдаланган. Так маалымат, билинген зат менен адамдын ортосундагы байланыштан улам келип чыгат. Так маалымат акыйкатты издөө, адамдардын жашоосун жеңилдетүү, аны ар тараптуу өөрчүтүү үчүн колдонулат. Мунун натыйжасында адам баласы да, коом да изги сапаттарга жетет.

Маалыматтын Хикматтары

- Адамды билге кылган маалымат бул, адамдын өзүн жана Раббин таанууда тоскоолдук жараткан нерселерди жокко чыгарат,

- Аны макулуктардан жана нафсиге таандык каалоолордун зынданынан азаттыкка чыгарып, чыныгы акыйкатка багыттайт,
- Адам көп маалымат алган сайын, барлыкты жана бар болууну туура баалаганга жетишет,
- Так маалымат жеке маселелерди, коомдук маселелерди жана жаралууга тиешелүү маселелерди аңдоодо жардамчы болот,
- Так маалымат адамды көрөгөч кылат,
- Курани Карим, ар тарапту акыл калчоого үйрөткөн так маалыматка кулак берүүгө үндөйт, так маалыматка таянбаган ишеним, түшүнүк жана аракет аркылуу ширкке түшүккан ээрчиме коомдорго ишаара кылат. (Караыла, Бакара, 2/170).

### Куран Билгеликке Үндөйт

Курани Карим, адамды акыйкатка жеткирген, анын адеп-ахлагынын өөрчүүсүнө салымын кошкон маалыматка чакырат жана так маалыматка ээ болгон адамдын жоопкерчилигине көңүлдү бурат:

“...(Эй, Мухаммед!) Аларга: «Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?», – деп айт. Чындыгында, акыл ээлери гана (Курандан) насаат алат”. (Зумар, 39/9).



Билгинин этикалык маанисине басымдуулук жасаган Куран, маалыматты кандай максат менен алуу керек экендигин өзгөчө белгилейт.

“Алар сага түшүрүлгөнгө да, сенден мурунку түшүрүлгөндөргө да ишенишет...” (Бакара, 2/4).

Куран так маалыматты мактайт; караңгылыкты жээрийт. Курани Карим так маалыматты, билгеликти мактайт. Алгачкы түшкөн аяттар так маалыматты жана билүүнү, окуп-үйрөнүүнү буйруйт. Маалыматты жана билим алуунун символу болгон калемге өзгөчө басымдуулук кылат. (Алак, 96/3-4). Курани Карим, адамдардын ортосундагы жогорку сапаттардын башында так маалымат жана билимдүү такыбаалык тураарын белгилеп, караңгылыкты жээрийт.

Курани Карим караңгылыктан (жахилдиктен) тыйат. Карңгы болуудан, билимсиз болуудан Аллага баш калкалоо керек экендигин, караңгы адамдар менен чогу болбоого жана алардан жүз буруу керектигин куран түздөн-түз белгилейт. (Карагыла; Бакара, 2/67; Хууд, 11/46; Ан’ам; 6/35; Аараф, 7/199). Караңгылык деген, билимсиздиктен жана этикалык баалуулуктардан алыс болуу менен бирге, акыйкатты да кежирдик менен укмаксан болуу жана көрмөксөн болуу дегенге барабар. Акыйкатка жеткирген маалыматка кулакты бекитүү да караңгылык болуп саналат.

### Курани Каримде Так Маалымат менен Жүрүм-Турумдун Уйкаштыгы

Китебибиз Курнани Карим, так маалымат менен жүрүм-турумдун кынтыксыз уйкаштык болуусу керек экендигине басымдуулук жасайт. Билге инсан, билимин колдонуп өмүр сүргөн адам дегенди түшүндүрөт. Куран билимдүүлүк жагынан модел катары көрсөткөн адам, билгисин өздөштүргөн адам деп саналат. Билим көрсөткөн жол менен кетпеген адамдар, билимдүүлүк берген жоопкерчиликти сезбегендиги үчүн жана билген нерселери менен амал кылбагандыгы үчүн Куранда сынга алынган. (Тауба, 9/34).

Курани Карим, Алланы толугу менен таанып-билгендердин гана билге адамдар экендигин айтат. Ушудан улам адамдын Аллага болгон ишеними артат жанан Ага көбүрөөк жакындайт: "...Чындыгында, пенделердин илимдүү-билимдүүлөрү гана Алладан коркушат..." (Фаатир, 35/28).

### Курани Каримде Так Маалымат менен Ыймандын Байланышы

Билги менен ыймандын ортосундагы байланышка жана билгинин ыйманды талап кылаарына ыйык китебибиз Курани Карим өзгөчө басымдуулук жасайт: " Бирок алардын ичинен илимин тереңдеткендер жана момундар, сага түшүрүлгөнгө жана сага чейин түшүрүлгөнгө ыйман келтиришет". (Ниса, 4/126; Аалу Имран, 3/7).

Алла Таалага болгон жоопкерчилигин сезгендерге жол көрсөткөн Курандын насааттарын да, сабактрын да чыныгы илимдүү-билимдүүлөр  гана түшүнө алышат.

"Бул мисалдарды Биз адамдарга келтиребиз, бирок муну билгелер гана түшүнөт". (Анкабут, 29/43);

"Асмандар менен жердин жаратылышы, силердин тилиңердин, түсүңөрдүн ар түрдүүлүгү да – Анын белгилеринен. Акыйкатта, буларда билимдүүлөр үчүн белгилер бар". (Рум, 30722).

"...Чындыгында, пенделердин илимдүү-билимдүүлөрү гана Алладан коркушат..." (Фаатир, 35/28).

## 6 Ыймандын Алкагында Курани Каримде Белгиленген Өрнөктүү Адам

### Курандын Эскертүүлөрү

- Курани Карим, адамдардын хидаятка жана кутулууга жетүүсү үчүн туура ишенимди тандоосу, ар түрдүү туура эмес жана бузук ишенимдерден алыс болуусу керек экендигин көптөгөн аяттарында баяндайт.
- Адамзаттын тарыхында баардык пайгамбарлардын жасаган чакырыктарынын максаты, адамдарды акыйкат ишенимге жеткирүү болуп саналат.

- Сапаттуу, туура жана ишеничтүү маалыматка таянган ыйман, адамды туура жүрүм-турумга жеткирет.

Сапаттуу Маалымат жана Ыйман

- Туура ой жүгүрткөн, сапаттуу маалымат менен сапаттуу ыйманга ээ болгон адамдар чындык жана акыйкатты көрө алышат. Ал эми мындай абалга бир гана ыйман менен билимдин биригүүсү менен жете алат.
- Баарынан мурун ыйман келтире турган нерселерди блүү керек, андан кийин ыйманга орун берилет. Ошон үчүн Куран адамдарды барлыктар жана окуялар тууарасында ой жүгүртүүгө, изилдөөгө жана маалымат алууга чакырат.. (Карагыла. Жасийа, 45/3-4). Ошентсе да ыйман келтирүүдө билимге муктаждык болсо да жалгыз гана маалыматтын өзү жетишсиз экендиги жалпыга маалым.

Ыйман жана Эрктүүлүк (Эркиндик)

- Ыйман келтирүүдө маалыматка кошумча эркин тандоо да маанилүү орунга ээ. Анткени Алла менен адамдын ортосунда өзгөчө байланышты түзгөн ыйман түшүнүгү, толугу менен адамдын жеке тандоосуна, жеке чечимине жана моюн сунуусуна байланыштуу.



Ишенимдер жана Жоопкерчиликтер

- Ишенимибиздин бизге берген милдеттерин жана жоопкерчиликтерин сезүү жана аларды орундатууга мажбурбуз. Эгер андай кылбасак, анда ишенимибизди тил менен айтуу менен гана чектелип калган болобуз. Адеп-ахлагыбызга эч кандай пайдасы болбойт. Тагыраак айтканда ишенимдин жүрөккө толук жайгашусунун мааниси байкалат. (Карагыла, Хужурат, 49/14).
- Чыныгы ыймандын ээси болуу, ыймандын сөз менен жана кыймыл-аракеттер менен уйкаш болуусунан көз каранды. Бул жагынан алганда Куран, ыйман менен салих амалдын ортосундагы тыгыз байланышка басымдуулук жасайт. (Карагыла. Буруж, 85/11; Фуссилат, 41/33; Аср, 103/3).

**Ой Жүгүртүү**

Жогоруда номурлары берилген аят жана сүрөлөрдү окугула!

Курани Карим, ыйман жагынан максат кылган момун адам моделин ачык-айкын түшүндүргөн. Илим-ыйман-амал багытын коруй алган адам жана аны жашоо стилине айланткан адам, өрнөктүү адам болуп саналат. Куранда чыныгы момундардын кээбир таанымал өзгөчөлүктөрүн баяндаган аяттарга төмөнкүлөрдү мисал көрсөтүүгө болот:

Курани Каримде Белгиленген Өрнөктүү Адам

“Алар Аллага, акырет Күнүнө ишенишип, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосуп, жакшылык иштерде атаандашат. Мына ошолор чынчылдар жана изги сапаттын ээлри”. (Аалу Имран, 3/114).

“Чынында момундар, Алла(нын аты) эскерилгенде жүрөктөрү титирейт, аларга Анын аяттары окулганда, ыймандары күчөйт жана өздөрүнүн Эгесине гана тобокел кылышат”. (Анфал, 8/2).

“Чындыгында, момундар – ийгиликке жетишти. Алар намаздарында коркуу менен (окушат). Алар маанисиз иштерден (сөздөрдөн) жүз үйрүшөт, алар зекетин да беришет, алар намыстарын (уйаттуу жерлерин) сакташат”. (Му’минуун, 23/1-5).

## 7 Жүрүм-Турумдун Алкагында Курани Каримде Белгиленген Өрнөктүү Адам



### Курани Карим Дурустукту жана Жакшылыктарды Насаат Кылат

Курани Карим, түшүнүктөрүбүздү, сезимдерибизди, жана кыймыл-аракеттерибизди туура, кооз жана пайдалуу кыла турган буйрукарды жана насааттарды берет.

Анын аныктамалары, эскертүүлөрү жана буйруктарынын натыйжасында кыймыл-аракеттерин жөнгө салган адам гана Алланын махабатын таба алат жана чыныгы бактылуулукка жете алат.

Динибиз өзү, айткандары, жүрүм-турумдары түз болгон, акыйкаттуулуктун, изги сапаттардын символу болгон жана өзүнө-өзү карама каршы болбогон өрнөктүү адамды пайда кылууну максат кылат. Анткени, ишеними менен жүрүм-турумдарынын ортосунда карама-каршылык бар болсо, ички дүйнөсүндө бейпилдикке жете албайт. Адамдардын алдында да сый-урматын жана ишенимдүүлүгүн жоготот.

**Ой Жүгүртүү**

Ишеними менен жүрүм-турумдары келишпеген адам неге бактысыз болот?

Жүрүм-туруму менен өрнөк көрсөтүлгөн адам, Курани Каримдин баяндамасында салих амалдын ээси болгон, салих адам болуп саналат жана көптөгөн аяттарда макталат:

“Акыйкатта, мен – мусулмандарданмын” – деп, (адамдарды) Аллага чакырып, өздөрү да жакшы иштерди жасаган адамдан жакшы сөздүү ким бар?” (Фуссилат, 41/33).

Ыйык китебибиз Курани Каримдин көптөгөн аяттарында ыйман жана салих амал бирге каралган. Себеби, ишенимдин багыты менен жасалган аракеттер адамдын ишенимине көрсөткөн байланышын жана ак ниеттүүлүгүн айгинелейт. Мындай адамдарды Алла өз махабаты менен курчап, алардын көөдөндөрүнө сүйүү орнотот. (Карагыла. Марйам, 19/96). Алар, Алланын сыйлыгына татыктуу адамдар:

“Ыйманга келип, жакшылык кылгандарга “жакшылык” жана сонун жай ыроолонот”. (Раад, 13/29).

“Аллага ишенип жакшылык иштерди кылгандарга сыйлык катары алдынан дарыйалар агып турган Бейиш бактары берилет. Ал өзү чоң сыйлык!” (Буруж, 85/11).

### Мунафыктар

Алла, Куранда мунафыктарды да ишенимдери менен кыймыл-аракеттеринин ортосунда карама-каршылыктан улам жээрийт. (Карагыла. Мунафикун, 63/1-3). Алла, ишенимине туура келген аракетте болбогон адамга эскертүү жасап, андан ишеними жүрүм-турумдары жана айткандары менен кыймыл-аракеттери бири-бирине уйкаш болуусуна көңүл буруусун талап кылат.

Куран жүрүм-турумда өрнөктүү адам катары эсептеген адамды Пайгамбарыбыз мындайча баяндаган:



“Кимде ким ыйманды жүрөгүнө чын дилинен жайгаштырса жана ички дүйнөсүн тазартса, тилин туура сүйлөгөнгө үйрөтсө, напсисин тынчтыкка жеткирсе, мүнөзүн, адеп-ахлагын жана кыймыл-аракеттерин туптуура абалга келтирсе, анда ал кутулууга жеткен болот”. (Ахмад, Муснад, V/147).

## Ыйман менен Маалыматтын жана Жүрүм-Турумдун Байланыштары

Ыйман менен жүрүм-турумдун ортосунда эки тараптуу байланыш жана таасирленүү бар. Ар тараптуу ой жүгүрткөн жакшы адам, ыйманы менен жүрүм-турумунун ортосундагы теңдикти коруй алат. Кыймыл-аракет, жана ыймандын натыйжасында пайда болгон көрүнүш болуп саналат. Кыймыл-аракеттерди ойлонуп жасоодо так маалымат менен ыймандын пайдасы чоң. Ыйык китебибиз Куран адамдын кыймыл-аракеттеринин түпкүрүндө туура маалымат жана ыймандын орун алуусун талап кылат.

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Ыйык динибиз Исламдын негизги ыйман принциптеринин бири бул, китептерге ишенүү болуп саналат. Алла Таала пайгамбарларына вахий аркылуу кайрылган. Алла адамдарга илахий боорукерлик жана жардам катары пайгамбарлары аркылуу вахий жиберген.

Илахий китептер; самавий китептер; Тоорат, Забур, Инжил жана Курани Карим. Баракчалар түрүндө кичинекей көлөмдө сухуф деп аталган китептер да бар. Бирок, булар бизге чейин жетип келген эмес. Илахий китептердин баарынын жиберилүү максаттары, адамдарды Алланын ыраазычылыгына ээ болуп, бул дүйнөдө жана акыретте амандыкка, тынчтыкка жана бактылуулукка жеткирүү болуп саналат. Илахий китептер адамдарга хидаятты, чындыкты жана акыйкатты көрсөткөн жол башчылар болуп эсептелинет.

Курани Карим, Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммедке орточо эсеп менен 23 жылдык убакытта түшүрүлгөн. Бул абал, коомдун Куран алып келген буйруктары жана тыю салууларын, негизги принцип жана алардын топтомун түшүнүүсүнө жана жүзөгө ашыруусуна эбегейсиз жеңилдиктер сунган.

Курани карим, пайгамбарлардын жол көрсөтүүсү менен жана алардын көзөмөлүндө жаздырылып алынган. Вахийлер келээри менен жаздырылган, Пайгамбарыбыздын көзү өткөндөн кийин Мусхаф абалына келтирилген. Кийинчерээк ошол эле мусхафтан нускасы көбөйтүлүп мусулмандарга таратылган. Алгачкы доорлордо жүзөгө ашырылган мындай иш-чаралар, Курандын оригиналдуулугун сактап келген. Бул, Куранды башка самавий китептерден айырмалап турган эң негизги өзгөчөлүгү болуп саналат. Анткени, башка самавий китептер биринчи түшкөн оригиналдуулугун коруй алган эмес, калаберсе аны ээрчигендер тарабынан өзгөртүлүп, бурмаланган.

Курани Каримде маалымат, ыйман жана жүрүм-турум жагынан өрнөктүү момун адамдын өзгөчөлүктөрүн белгилейт. Андыктан ыйманды, так маалыматка таяндырып, аны жүрүм-турум менен колдоо зарыл. Ыйык китебибиз сезим, түшүнүк жана жүрүм-турумдарыбызды туура, кооз жана пайдалуу кыла турган насааттарды берген. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз да, өзү, сөзү жана кыймыл аракеттери түз болгон, чындыкты жана акыйкатты даңазалаган, өзү менен сөзү бирдей, изги сапаттардын ээси болгон өрнөктүү адамды тарбиялоо үчүн көп аракет жасаган. Ишеними менен кыймыл-аракеттери бир-бирине төп келбеген адам , ички дүйнөсүндө да чыныгы жыргалчылыкка жете албайт. Алланын даргөйүндө жээрилгендей эле адамдардын арасында да урмат-сыйын жана ишенимдүүлүгүн жоготот.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Вахийдин маанисин айткыла.

2. Адам баласы эмне үчүн вахийге муктаждык сезет?

3. Сухуфтар деген эмне? Кайсы пайгамбарга канча барак жиберилген?

4. Тоорат, Забур, жана Инжилдин окшоштук жана айырмачылыктарын айтып бергиле.

5. Курани Карим менен башка илахий китептердин ортосундагы айырмачылыкарды атап бергиле.

6. Курани Карим билгелик алкагында кандай өрнөктүү адамды максат кылат?

## Жыйынтыктоочу Суроолор



**1. Төмөндөгү пайгамбарлардын кайсынысына китеп жиберилген эмес?**

А) Аз. Муса Б) Аз. Иса В) Аз. Юнус

Г) Аз. Давут Д) Аз. Мухаммед

**2. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Пайгамбарыбыздын эң чоң мужизасы болуп саналат?**

А) Куттуу хадистер Б) Көккө (миражга) көтөрүлүүсү В) Мадинага көчүүсү (хижра)

Г) Курани Карим Д) Айды экиге бөлүүсү

**3. Сухуф термининин аныктамасы төмөндөгүлөрдүн кайсы бири?**

А) Бир канча барактан турган вахийлердин топтому

Б) Курандын ар бир барагы

В) Аз. Мусага жиберилген илахий китеп

Г) Аз. Нухка берилген китеп

Д) Курани Каримдин башка аты

**4. Илахий китептердин адамдарга түшүрүлүүсүнүн эң негизги максаты төмөндөгүлөрдүн кайсынысы?**

А) Алла жөнүндө маалымат берүү

Б) Кантип дуба кылынаарын үйрөтүү

В) Аалам жөнүндө маалымат берүү

Г) Адамдарга туура жолду көрсөтүү

Д) Жаратылуу жөнүндө маалымат берүү

**5. Курани Каримди башка самавий китептерден айырмалап турган өзгөчөлүк төмөнкүлөрдүн кайсынысы?**

А) Аз. Пайгамбардын көзү тирүү кезинде жаздырылуусу

Б) Нускаларын көбөйтүү

В) Мусхаф абалына келтирилүүсү

Г) Куран келген коомдун тилинде болуусу

Д) Вахий аркылуу келүүсү

# VII БӨЛҮМ



## ишеним

# Пайгамбарларга Ыйман Келтирүү

1. Пайгамбарларга Ыйман Келтирүү
2. Пайгамбарлардын Өзгөчөлүктөрү
3. Пайгамбарлардын Милдеттери
4. Мужиза жана Керемет
5. Кээбир Пайгамбарлардын Жашоосунан Үзүндүлөр

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө;

Исламдын ишеним негиздеринин бири болгон пайгамбарларга ыйман келтирүү маселеси каралмакчы.

- Пайгамбарларга болгон муктаждык.
- Алла менен адамдардын ортосундагы элчилик милдетине пайгамбар деп аталат.
- Адам акылы менен Алланын барлыгын, бирлигин жана ыйыктыгын аңдай алат, бирок, пайгамгамбарлардын Ал жөнүндө вахий аркылуу билдирген маалыматтарды биле албайт.
- Адам баласы, Аллага кандайча ибадат кылынаарын жана акыретке тиешелүү темаларды акылдын жолу менен так биле албайт.
- Пайгамбарлар, туура жана пайдалуу болгон нерсени билүүдө жана акыйкаттарды үйрөнүүдө, этикалык изги сапаттарга жетүү маселесинде адамдарга жол көрсөтөт.
- Мужиза; пайгамбарлардын, пайгамбарлыгын тастыктоо үчүн Алланын колдоосу менен көрсөткөн өзгөчө окуяларга мужиза деп аталат.
- Пайгамбар эместердин көрсөткөн өзгөчө абалдар мужиза деп эсептелбейт.
- Керемет; пайгамбарга чын көңүлдөн байланган жана анын сүннөтүнө толугу менен моюн сунган, Алланын тандалган пенделери көрсөткөн өзгөчө абалдарга керемет деп аталат.
- Курани Карим кээбир пайгамбарлардын жашоосунан өрнөктүү үзүндүлөр берип, аларга таандык өзгөчөлүктөрүдүн бирин белгилеген.
- Бул бөлүмдө мисал катарында, Аз. Ибрахимдин Алланы издөөсү,
- Аз. Мусанын жол шериги жана хикматтуу окуялары,
- Аз. Аййубтун сабырдуулугу,
- Юсуф туш болгон окуядагы сүйүү мисалдары,
- Юнус пайгамбардын милдети, анын жоопкерчилик аң-сезими жана
- Аз. Исанын адамдык сапаты жана анын акыркы пайгамбар Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) келээрин сүйүнчүлөөсү туурасында сөз болот.

## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Пайгамбарлык милдетти айтып берүүгө,
2. Адамдардын пайгамбарларга болгон муктаждыктарын түшүнүүгө,
3. Пайгамбарлардын өзгөчөлүктөрүн баяндоого,
4. Пайгамбарлардын милдеттерин айтып берүүгө,
5. Мужиза жана кереметтин аныктамаларын айтып берүүгө,
6. Куранда өткөн пайгамбарлардын кайсы өзгөчөлүктөрү менен таанылгадыгын ачыктоого, жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бөлүмдү окууда;

1.План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө.

2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.

3. Китептин соңунда берилген булактардан пайдалануу.

# 1 Пайгамбарлык жана Пайгамбарларга Болгон Муктаждык

Пайгамбарларга Ыйман

- Ыйык динибиз Исламда негизги ыйман негиздеринин бири бул, пайгамбарларга ыйман келтирүү болуп саналат.
- Ыймандын бул негизи, Алланын адамдардын арасынан пайгамбар катары тандап алган пенделерди тастыктоо жана алардын Алладан алып пенделерге жеткирген баардык маалыматтардын туура жана чындык экендигин кабыл алууну талап кылат.
- Алла Таала Курани Каримде, эч кандай айырмачылык көрсөтпөй, баардык пайгамбарларга ыйман келтирүүнү белгилеген.
- Пайгамбарлардын жарымына ишенип, жарымына ишенбестикти, аларды четке кагуу катары эсептеген. (Карагыла. Бакара, 2/285; Ниса, 4/150-151).

Пайгамбарга Ыйман Келтирүү жана Анын Мааниси

- Пайгамбар, элчи, кабар алып келген деген маанилерди берген Фарсча сөз болуп саналат. Алла Тааланын адамдардын ичинен тандап алган жана вахий аркылуу буйруктары менен тыюларын адамдарга жеткирүү үчүн милдеттүү болгон пенделер болуп саналат. Арапчада пайгамбар деген сөздү түшүндүргөн элчи, жиберилген деген мааниде расул, кабар берген деген мааниде набий деген сөздөр колдонулат.
- Расул: Жаңы китеп жана жаңы дин менен адамдарга жиберилген пайгамбарларга айтылган сөз.
- Рисаала жана нубувва: Пайгамбарлык деген маанини берет.
- Пайгамбарлык, Алла менен адамдардын ортосундагы элчилик милдетинин аталышы болуп саналат. Пайгамбарлык, адамдын иштеп, аракет кылуусу менен табылбайт, бир гана Алла тарабынан ыроолонот.
- Ал, адамдардын арасынан өзү каалаганын пайгамбар катары тандап алат.
- Ал, пайгамбарларды өз коомдорунан тандайт.
- Бул абал, вахийди түшүнүүдө жана кабыл алууда жеңилдик берет: "Ал Алланын ырайым-мээримдүүлүгү. Ал аны каалаганына (пендесине) берет..." (Жума, 62/4).
- Адамзаттын тарыхында Алла адам баласын, колдоосуз жана жол көрсөтүүчүсүз абалда өз башынча таштап койгон эмес жана ар бир коомго сөссүз бир пайгамбар жиберген: "Ар бир коомдун бир пайгамбары бар" (Юнус, 10/47; Нахл, 16/63).

"...Ырасында, эскертүүчү болбогон бир да коом жок". (Фаатир, 35/24). Пайгамбарлык, Аз. Мухаммед (с.а.в.) менен чогуу аягына чыккан: "Ал (Мухаммед)- ... Алланын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы..." (Ахзаб, 33/40).

**Ой Жүгүртүү**

Эмне үчүн ар бир коомго пайгабар жиберилген?

## Адамдын Акылы жана Пайгамбарлар

- Адам акылы менен Алланын барлыгын, бирлигин жана улуулугун түшүнө алат, бирок, Ал тууралуу пайгамбарлардын вахий аркылуу алып келген маалыматтарын акылы менен биле албайт.
- Алла Таала жиберген баардык илахий китептерде адамдарга Өзүнүн барлыгы, сыпаттары жана жасагандары жөнүндө билдирип, Өзүн тааныткан.
- Курани Каримде да ушул маселе боюнча жетиштүү маалыматтар берилген жана Аллага кантип ыйман келтирүү керек экендиги жөнүндө жол көрсөткөн.
- Аллага кандай ибадат кылуу керектиги жана акыретке тиешелүү темаларда адам акылдын жолу менен туура бүтүмгө келе албайт. Айрыкча мындай маселелерде адам баласы пайгамбарлардын маалыматтарына жана жол көрсөтүүчүлүгүнө муктаждык туят.

## Адамдын Жоопкерчилиги

- Адам ыйман, түшүнүк, сөз жана кыймыл аракеттеринен жооптуу болот.
- Адам Алланын даргөйүндө булардын кайсы биринин туура жана соопко татыктуу, кайсынысынын туура эмес жана жазага ылайык экендигин бир гана пайгамбарлардан үйрөнөт. Адал менен арамдын, парз менен важиптин, таухид менен куфрдын эмне экендигин пайгамбарлар адамдарга үйрөтөт.



## Пайгамбарлардын Милдеттери

- Пайгамбарлар туура жана пайдалуу болгонду издөөдө жана айырмалай билүүдө, этикалык изги сапаттарга жетүүдө адамдарга жол көрсөтөт. Мунун натыйжасында адам Алланын сүйүүсүн таап, дүйнө жана акырет бактылуулугуна жетет.
- Пайгамбарлар алып келишкен буйрук, тыю, насаат жана баяндар аркылуу адамдардын напсине тиешелүү каалоо жана эңсөөлөрүнө, жаман чөйрө, бузуку маданият жана чириген салттардын таасиринде калууга, акыйкатка кайдыгер мамиле жасоого тоскоол болууга аракет кылышат.
- Пайгамбарлардын сүйүнчүлөө жана эскертүүчү милдеттери бар. Алар коомчуluktарды ар бир маселеде эскертишет, келе турган ар түркүн илахий, самавий жана дүйнөлүк коркунучтарды алдын ала кабарлашат:

"Элчилерди жөнөткөндөн кийин адамдар үчүн Аллага доо койбостуктары үчүн жакшы кабарларды сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү элчилерди (жөнөттүк)..." (Ниса, 4/165).

**Ой Жүгүртүү**

Пайгамбарлар кандай маселелерде жакшылыктарды сүйүнчүлөгөн жана эскертүү жасашкан?

Пайгамбарлар Маданияттын Башаты

- Пайгамбарлар ошол эле учурда адамзатты маданиятка баштоочулар болуп саналат. Манавий жактан болгондой эле материалдык чөйрөдө да адамзатка жол башчылык кылышкан.
- Жер бетинде адамзаттын төрт тарабын эске алган маданий өнүгүүлөр, алар алып келген куттуу маалыматтардын натыйжасында ишке ашкан.
- Алар алып келген этикалык принциптер менен маданиятка багыттаган; чарбачылык, санат, соода сатык сыяктуу кесиптер менен алектенишип, жашоонун материалдык тарабына тиешелүү нерселерде жол көрсөтүшкөн.
- Коомдордун денисак жана тең салмактуу абалда маданиятты, техникалык цивилизацияны курууда пайгамбарлардын ролуна тарых көптөн көп күбө болгон.



## 2 Пайгамбарлардын Өзгөчөлүктөрү

- Курани Карим пайгамбарлардын дагы адам экендигине көңүл бурат. Алардын да адам экендигин, башкалар менен бирдей экендигин белгилейт.
- Пайгамбарлар да башка адамдардай эле отурат, басат, жеп-ичишет, үйлөнүшөт, балалуу болушат, оорушат жана алар да өлүшөт.
- Алланын жанында ар бир адам сыяктуу эле милдеттери жана жоопкерчиликтери бар. Алар Алланын, адамдардын ичинен тандалып алынган, вахий берилген өзгөчө адамдары болуп саналат.
- Бул жагынан алганда башка адамдарга салыштырмалуу өзгөчө абалга көтөрүлгөн, өзгөчө сыпаттар менен курчалып, тандалма жана өрнөк адамдар болушкан. Бул абал аларда бир канча айырмалуу өзгөчөлүктөрдүн пайда болуусун мажбур кылган.

Пайгамбарлардын сыпаттары катары бааланган өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр:



Сыдык (Чынчылдык)

- Сыдык чынчыл болуу дегенди түшүндүрөт. Пайгамбарлардын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп саналат.
- Пайгамбарлар чынчыл сөздүү адамдар болушкан. Алар өзү жана сөзү туура болгон чынчыл адамдар болуп саналат. (Карагыла. Марийам, 19/41, 54-58).
- Алар пайгамбарлыктан мурун да кийин да эч жалган сүйлөгөн эмес жана өз коомунда чынлчылдыктары менен таанылган. Чөйрөдөгү адамдар эч бир пайгамбарга: "Сен буга чейин жалган сүйлөгөнсүн" деп айталган эмес.
- Пайгамбарлар Алла жиберген буйрук жана тыюуларды туура, болгонун болгонундай адамдарга кабарлашкан.
- Пайгамбарлар алып келишкен этикалык принциптерди өз жашоолорунда иш жүзүндө көрсөтүп, башкаларга өрнөк болушкан.
- Сөз жана жүрүм-турум, адамдар менен болгон мамилелер, кошуналык алакаларда, достук-курбулук, алака ж.б ар бир маселелерде чынчылдыктан айрылган эмес жана башкалардын ишенимине киришкен.

**Ой Жүгүртүү**

"Өзү да сөзү да туура болуу" деген эмнени түшүндүрөт?



Аманат

- Ишенимдүү болуу дегенди түшүндүрөт. Пайгамбарлар амин жана ишенимдүү адамдар болушкан.
- Алар берилген аманатка кыянаттык кылышпайт. (Карагыла. Аалу Имран, 3/161). Алар ишеничтүү адамдардан тандалат жана даават кылууда өздөрүнүн ишеничтүү өзгөчөлүктөрүнө басымдуулук жасашат. (Карагыла. Шуура, 26/107,125,143,162,178).
- Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбарлыктан мурун коомунун эң ишеничтүү адамы болгондуктан, чөйрөсүндөгүлөр Ага "Амин" (ишеничтүү) деген атты беришкен.

**Талкуулоо**

Пайгамбарлардын ишеничтүү болуу өзгөчөлүктөрү вахийди кабыл алууда ыңгайлуу шарт түзөт. Муну талкуулагыла.

Исмат

- Исмат күнөө кылбоо, күнөөдөн коргонуу дегенди түшүндүрөт.
- Пайгамбарлар жашоолорунда эч качан ширк жана куфр деп эсептелген күнөөлөрдү жана ошондой эле жашыруун болобу ачык болобу эч кандай күнөө иш кылышкан эмес.
- Кээде гана аларга таандык залла деген абалга туш болушкан.

- Залла кичинекей катачылык деганди түшүндүрүп, булар күнөө болуп эсептелген эмес. Калаберсе Алланын заматта эскертүүсү менен ал катачылыктар жоюлган.
- Алар ар тараптан өрнөктүү адамдар болгондугу үчүн бул абалдарына зыян тийгизе турган жүрүм-турумдардан алыс болушкан.
- Алар өздөрүнө келген вахий аманаттарын адамдарга жеткирүүдө Алла тарабынан коргоого алынган.

Фатанат

- Акылдуу жана зээндүү болуу деганди түшүндүрөт.
- Пайгамбарлар акылдуу, зээндүү, кабыл алуусу жана сезүүсү күчтүү, терең жана ар тараптуу ой жүгүрткөн адамдар болушкан.
- Алар ошол өзгөчөлүктөрү менен адамдарды канааттандырып, ишендире алышкан. Коомчулугун караңгылыктан жарыктыкка чыгарышкан.
- Жогорку, баалуу жана ошондой эле кыйын жоопкерчиликти өзүнө алган пайгамбарлык милдетин, бир гана ушундай жөндөмдөгү адамдар татыктуу орундата алышат.
- Куранда баардык пайгамбарлардын акылдуу жана зээндүү болгондугуна ишаарат кылган аяттар бар. (Карагыла. Анбийа, 21/51).



Таблиг

- Таблиг билдирүү, жеткирүү деганди түшүндүрөт.
- Таблиг пайгамбарлардын негизги милдеттери болуп саналат.
- Аллар Алладан алган буйруктарды жана тыюларды, адал жана арам түшүнүктөрдү кемчиликсиз түрдө коомго жеткиришкен: “Эй, элчи!  Сага Алладан түшкөн нерсени аларга жеткир! Эгер сен антпесең, анда Анын элчилигин аткарбаган болосуң...” (Мааида, 5/67). Курани Карим бүт пайгамбарларды таблигчи катары сыпаттайт. (Карагыла. Нахл, 16/82; Нуур, 24/54).

## 3 Пайгамбарлардын Милдеттери

Пайгамбарлардын милдеттери Алладан алган вахийди болгонун болгондой адамдарга жеткирүүсү (таблиг кылуусу) болуп саналат. Муну жүзөгө ашырууда илахий вахийди бир гана сөз менен ачыктап тим болбостон, кылган иштери менен да өрнөк болушкан. Адамдарды эскертүү (инзар) жана сүйүнчүлөө да таблиг милдетине кирет.

Алла Таала адамдарга болгон мээрими, боорукерлиги жана ихсаны менен алардын ичинен бирөөнү пайгамбар кылып милдеттендирген. Алардын милдеттери адамды Аллага даават кылуу, жамандыктардан тазалоо, жакшы жана чырайлуу нерселерге үндөө болуп саналат. Пайгамбарлар адамдардын жеке жашоосунда болобу, коомдук жашоодо болобу чарчабастан, чалдыкпастан эч кандай депрессияга кабылбастан өмүр сүрүүлөрүнө шарт түзгөн хидаят принциптерин үйрөтүшкөн.

Пайгамбарлардын эң негизги милдети жана жоопкерчиликтерин кыскача минтип баядоого болот:

- Даават: Алардын негизги милдеттери адамдарды таухид ишенимине чакыруу жана ширк кошуудан тазаланып, Жалгыз Аллага ишенүүгө, бир гана Ага кулдук кылууга үндөө болуп саналат. Андан кийин акыретке ыйман кылууга чакырат. Анткени бул эки негизги багытка ишенүү, коомдогу этикалык эрозиянын алдын алат. Ыймандын башка негиздерине чакыруу да дааватка кирет.

- Инзар: Адамзаттын тарыхында эч бир коом Алла тарабынан эскертилбей калган эмес жана бул эскертүү милдетин пайгамбарлар орундаткан. Баардык пайгамбарлар коомдорун эң оболу түбөлүк жашоодо туш боло турган коркунучтарга карата эскертишкен. Пайгамбарлар, жаман абалдарын оңдобогон адамдарды бул дүйнөдө жана акыретте туш боло турган коркунучтардан кабар берип, аларды эскертип турушкан. Курани Каримде пайгамбарларга кайрылып: “Тур, эскерт” (Муддасир, 74/2) деп айтылган. Курани Карим пайгамбрлардын экертүүчүлүк милдеттерин, алардын назиир (эскертүүчү), коркутуучу, көңүл буруу өзгөчөлүктөрү менен белгилейт. (Арааф, 1/184; Хууд, 11/12). Пайгамбарыбызга тиешелүү болгон бир аятта мындай деп буйурат: “...Акыйкатта, ал катуу азапты алдын ала силерге эскертүүчү гана”. (Саба, 34/46).

“Силерге Раббимдин буйруктарын жеткирип, насаат айтамын жана Алла тарабынан силер билбеген нерселерди билемин”. (Арааф, 7/62).

- Баян: Пайгамбарлар алып келген диндин негиздерин аныктаган. Алар вахийдеги көмүскө сөздөрдү жана диний өкүмдөрдү баяндап, ачыктаган жана аны практика жүзүндө да көрсөткөн. Мисалга алсак Куранда өткөн салаат, зекет, ажылык сыяктуу терминдердеги көмүскө тараптар Сүйүктүү пайгамбардын сөз жана жасагандары аркылуу ачыкталган. Ушуну менен Куранды практика жүзүндө жашоонун көзгө көрүнөөр үлгүсү болуп сүннөт пайда болгон.

"(Пайгамбарларды) далилдер жана китептер менен (жибердик). Сага да адамдар үчүн түшүрүлгөндөрдү ачык баян кылып беришиң үчүн Куранды түшүрдүк. Балким алар түшүнүшөөр". (Нахл, 16/44).

- Жакшыны сүйөнчүлөөчү: Пайгамбарлар өз чакырыгына кулак төшөп, ишеним көрсөтүп, жакшы амалдарды жасаган, эскертүүлөргө көңүл бурган адамдарды Алланын ыраазычылыгы, дүйнө жана акырет бактылуулугу менен сүйүнчүлөгөн. Адамдарды туура, жакшы жана пайдалуу болгон нерселерге үндөө, аларга кызыктыруу, сүйдүрүү, ошолорго ээ кылуу жана ишеничтүү кылууда, бул сүйүнчүлөөнүн маанилүү таасири болгон.
- Алар милдеттерин ийгиликтүү орундатышып, адамдардын көңүлдөрүн көтөргөн жана аларды өздөрүнө тарта алышкан. Курани Карим алардын ар бирин башиир, мубашшиир, сүйүнчүлөөчү катары сыпаттаган. Алардын эскертүүчүлүк жана жакшыны сүйүнчүлөө милтеттерин чогуу эскерип, бул маселеде бирдей аракет кылуунун маанилүүлүгүн ачыкка чыгарган. (Карагыла. Арааф, 7/188; Ахзаб, 33/45).

**Ой Жүгүртүү**

- Пайгамбарлар коомунун абалын, алардын муктаждыктарын жана аркандай маселелерин Алладан алган вахийлер аркылуу тактаган жана вахийлер аркылуу чечим жолдорун да көрсөткөн.
- Туураны көрсөтүүгө аракеттенишкен, жүрүм-турумдары менен жашоонун баардык тармагында үлгүлүү жана өрнөктүү адам болушкан.



## 4 Мужиза жана Керемет

### Пайгамбарлык жана Анын Далилдери

Пайгамбарлыкты далилдөө, албетте шектенүүгө орун калтырбаган далилге таянат. Мындай кескиндүү далил эки түрдүү болуусу мүмкүн:

- Мунун биринчиси, сезүү органдары аркылуу байкоого мүмкүн болгон Мужиза болуп саналат. Бул жагдай, пайгамбардын доорунда жашаган адамдар үчүн тийиштүү.
- Экинчиси, так маалыматты туюнткан кабар аркылуу келген (пайда болгон) мужиза болуп саналат. Сүйүктүү пайгамбарыбыздын эң чоң мужизасы болгон Курани Карим, Мутаватир кабар аркылуу бизге жетип келген.

### Мужиза

- Мужиза бул өзгөчө нерсе, багындырган, теңдешсиз сыяктуу маанилерге келет.

- Пайгамбарлардын өз пайгамбарлыгын тастыктоо үчүн Алланын колдоосу менен көрсөткөн нерсеге жана ал нерсени катардагы адамдар жасай албаган нерсеге мужиза деп айтылат.
- Пайгамбарлар адамдарга пайамбарлыгын тастыктоо үчүн Алланын жардамы менен көрсөткөн мужизаларын пайгамбарлыктын белгиси катары тааныткан.
- Андыктан адамдардын арасында пайгамбарлар гана мужиза көрсөтө алышат.
- Мужиза Алланын жаратуусу менен ишке ашат. Пайгамбар аркылуу көрсөтүлгөндүгү үчүн бул нерсеге ‘пайгамбар мужизасы’ деп аталат. Куранда Аз. Ибрахим, Аз. Саалих, Аз. Йакуп, Аз. Муса, Аз. Сулайман жана Аз. Исанын мужизалары баяндалат.

**Ой Жүгүртүү**

Аз. Сулаймандын Куранда айтылган мужизасы кайсы?

**Керемет**

Пайгамбарларга толугу менен моюн сунган жана анын сүннөтүнө кылдаттык менен баш ийген, ушундан улам Алланын досторуна айланган адамдардын Алланын жардамы менен көрсөтүшкөн өзгөчө абалдарына керемет деп айтылат. Мындай өзгөчөлүктөргө ээ болбогон адамдардын көрсөткөн өзгөчө окуяларына керемет деп атоого болбойт.



## 5 Кээбир Пайгамбарлардын Жашоосунан Үзүндүлөр

**Аз. Ибрахим: Алланы Издөө**

Ибрахим пайгамбар бала кезинде эле атасынын жана чөйрөсүндөгү адамдардын таштан жасап алышкан буттарга неге сыйынаарына маани бере алчу эмес. Аларады көргөн сайын “Бул таштын бизден жогору болгон кандай өзгөчөлүгү бар болду экен?” деп ичинен ойлонуп, бала акылы менен болсо да путтарга табынган чоң адамдардын абалына таңыркачу.

Улам чоңойгон сайын алардын теңир түшүнүгү жөнүндөгү шек саноолору да улам көбөйө берген. Жаштык чагынын соңунда ичиндеги суроолор улам көбөйө берди: “Аты айтып тургандай эле булардын баары таш, жаны жок, тили жок, укпайт, көрбөйт жана каттуу зат. Ойуп койсоң эле теңир болуп калса, бул кандай жорук? Оо кудай! Бул нерсе кудай болушу мүмкүн эмес, Кудай башка болсо керек. Ал ташка, топуракка, дарактарга,бизге жана ааламдагы эч бир барлыкка окшобойт.

Ибрахим (а.с)дын теңир жөнүндөгү суроолорунун чыныгы жообун билүүнүн учуру келген эле. Калаберсе жообун билип, маселени мындай мисал менен коомчулукка

түшүндүрүүнү каалаган. Түн бир оокум болуп калган кезде башын көтөрүп көккө карады, көктө аягы көрүнбөгөн капкара, деңиздей болгон асман жана аны тешип өткөн сымал жылдыздар жаркырап турган. Мына ошолордун арасынан жаркырап чоң бир жылдыз анын көңүлүн өзүнө бурду. “Мына аны таптым” деп кыйкырып жиберди.

Асман мейкиндигинде жаркырап турат. Анын үстүнө таштар сыяктуу муздак жана нуру жок да эмес. Жылт жылт! Акыр аягында мен аны таптым деп кубанып жылдызды карап турду. Көздөрүн андан ала алган жок.

Бирок, кантсин таң атаары менен жылдыз өчүп, көрүнбөй Ибрахимдин жүрөгү сыздап чыкты.

Ибрахим, ‘Андай болсо жылдыз менин теңирим боло албайт’ деди.

Мени таштап кеткен, жок болгон жылдыз, эч качан мени жараткан теңир боло албайт.

Аз. Ибрахим чыныгы илахты издеп аны табаарына терең ишенген эле. Ага жетээрине чын жүрөктөн ишенген. Тоолордо, деңиздерде, көктөрдө дайыма аны издейт. Күндөрдүн биринде, күүгүмдө үмүтсүз болуп, кайгырып ойлонуп отурган кезде, толуп турган айды көрөт. Ай буга чейинеи көргөн жылдыздан да чоң жана андан да нурдуу жаркырап турган... ‘Мына аны таптым! Кантип буга чейин муну байкаган жокмун. Мына түндү жарык кылган чырак, ал кол жеткис кооздуктун ээси...’ Ошентсе да мунусунда да кубанычы көпкө созулган жок.

Айдын жок болуп баратканын көргөн Ибрагим үчүн жаңыдан изденүү убактысы башталган эле. Ибрахим айдын да теңир боло албастыгын түшүнгөн эле. Бир жагынан Алланын ага ушинтип жол көрсөтүп, багыттап турганына да кубанып турса, экинчи жагынан туура эмес түшүнүккө кадалып калбагандыгы үчүн Ага чексиз шүгүр келтирип турган.



Изденүүсүн улантып жаткан. Күндөрдүн дагы бир күнү жаркырап турган күн анын көңүлүн өзүнө бурду. ‘Жылуулуктун жана нурдун ээси. Мага, жер бетине жана андагы ар бир нерсеге жан берген, эгиндерди, жер-жемишти, мөмөлөрдү бышырган, дүйнөгө жарык чачкан теңирим ушул болуусу мүмкүнбү?’ деп ойлонду. Тоолорго, кырларга, өрөөндөргө көз жүгүрттү.

Ал кайсыл жерге көз чаптырса анын нурун көрүп турду, анын жылуулугун сезип турду. Бирок, тилегин таш каап күн да күнүмдүк милдетин

орундаткандан кийин, батып кетти. Изденүүсү андан ары улана берди. ‘Күн да улуу раббим эмес экен. Андай болсо сен кимсиң? Кайсы жердесиң? Сен эч качан жок болбойсуң, батпайсың. Мени, ааламды, дүйнөнү жана бүт баарын сен жаратkансың. Сенин күчүң баарына жетет. Сени көрбөсөм да, сен баардык жердесиң... Барлыгың мени толук курчап турат’.

Аз. Ибрахим (а.с) баш айланткан пикирлеринен арууланып, баардык суроолорунун чыныгы жообун тапкан эле. Анын барлыгын жүрөгүнүн түпкүрүндө сезип, ошол үчүн Ага чексиз шүкүр келтирген. Көздүн жашын төгүп, Ага жалбарган. Ааламдардын Раббинин алдында моокуму кангыс бактылуулукка жеткен эле.

Коомчулуктун теңир жөнүндөгү туура эмес ишенимдерге ээ болгондугуна сарсанаа болгондугу туура болчу. Эми көңүлү ток болуп үйүнө кайтты жана мындай бактылуулукту башкалары менен да бөлүшүүнү каалаган. (Карагыла. Ан’ам, 6/74-78). Ибрахим мындай изденүүсүнө калкына болгон төмөнкү кайрылуу менен чекит койду:

“Мен өзүмдүн жүзүмдү асман менен Жерди акыйкаттык менен жаратканга бурдум жана Ага шерик кошкондордон эмесмин”, – деди. (Ан’ам, 6/79).

**Ой жүгүртүү**

Аз. Ибрахим Алланы издөөнү кандай сүрөттөйт?

### Аз. Муса жана Сапарлашы: Хикмат

Жөөттөрдүн (Исрайилуулдарынын) Аз. Мусага көрсөткөн чексиз баш көтөрүү, нааразычылык аракеттери аны көп ойлонткон жана сабырын түгөткөн. Күндөрдүн биринде жанындагы кырчын досуна саякатка чыгууну каалагандыгын айтат:

–Мен эки деңиз бириккен жерге чейин токтобой кетем же болбосо алыска барам.

Анын мындай оюнун албетте бир максаты болгон. Бул оюнун маанилүү себеби жана хикматы бар эле. Ал кээбир окуялардын түпкүрүндөгү хикмат сырларын билгиси келген. Муса муну Раббинен тилеген, Ал да мындай саякатка уруксат берген. Алар жанына азык катары балык алып алышкан болчу. Эки деңиз кошулган жерге жеткенде ал жерге балыгын унутуп кетиип калышкан. Муса жанындагы кырчын досуна:

–Азыктанып алалы, бул саякат бизди чарчатты, деди. Анда досу:

–Муну карачы! Чоң ташка келгенде балыкты унутуп баса берипмин. Чындыгында муну сага айтуумду шайтан мага унуттурду, деп айтты.

Негизи досу балыктын деңизге агып кеткенин көргөн эле. Бирок, бул кызык окуяны Мусага айтам деп унутуп калган. Ал эми Муса дал ушундай таң калыштуу окуяны күтүп келаткан. Анткени, өзүн сырлардын (хикмат) деңизинде сүздүрчү адамды жолуктурууга дал ушундай окуя себеп болмок. ошон үчүн ал жол шеригине ачуулангандын ордуна тескерисинче ага кубанганын айтып:

–Ансыз деле ушундайды күткөнбүз, деди.

Чарчаганына карабай эс алгандын ордуна, кайрадан изин суутпай келген жагына кайтып кетишти. Бул жолкусунда чоң ташта өзүнө ырайым (сыр) ыроолонгон, илим берилген Алланын сүйүктүү бир пендесин жолуктурушту. Ал адамдын Кызыр экендиги айтылат. Аягында Муса издегенин тапканына кубанып, дароо суроосун узаткан:

–Сага үйрөтүлгөн сырдуу маалыматтан (илимден) үйрөнүү үчүн, туура жолду көрсөтүүчү маалыматты үйрөнүү үчүн сенин артыңдан ээрчисем болобу? дейт. Ал адам мындай деп жооп берет:

–Чынында сен мени менен чогуу жүргөнгө жана мен жасаган нерселерге чыдабайсың. Ички акыйкатын түшүнбөгөн нерсеге кантип чыдайсың? Муса:

–Алланын буйругу менен (инша аллах) менин сабырдуу экендигимди көрөсүң. Сен кылгандардын бирине да каршы болбойм, ишиңе да аралашпайм, деп айтат. Ал адам:

–Эгер мени ээрчий турган болсоң, мен сага түшүндүрүп айтканга чейин кылган иштерим тууралуу мага суроо сурабагын, дейт.

Муса менен ал адам/Кызыр келишим кылат. Бирге саякатка чыгышат, соңунда бир кемеге чыгышат. Ошондо ал адам өздөрү бараткан кемени тешип салат. Муса:

–Сен кемеде бараткандарды чөктүрүү үчүн кемени тешип салдыңбы? Бул кылганын аябай таңкалыштуу болду! Адам:

–Мен сага, мен жасаган нерселерге чыдай албайсың дебедим беле? десе. Муса:

–Аны унутуп калгандыгым үчүн мени урушпа, алым жетпеген нерседен мени жоопту кыла көрбө! дегенден соң андан ары жолун улантышты. Жолдо кетип баратышып бир уул баланы (бөбөк) кезиктиришет. Адам ал баланы дароо өлтүрүп салат. Муса:

–Күнөөсү жок немени өлтүрдүңбү? Ант ичем сен өтө жаман иш жасадың! дейт. Адам Мусага:

–Мен сага кылгандарыма чыдай албайсың дебедим беле? Муса:

–Эгер дагы бир жолу сен кылгандарга кийлигишип, сага суроо сурачу болсом анда, мени менен болгон достугуңду үзсөң болот. Акыркы жолу кечирим сурашым.

Дагы жолун улантышты. Саякатынын соңунда бир айылга барганда ал жердегилерден тамак-аш сурашты, бирок, ал жердеги калк буларды сыйлаган жок, тамак аш да берген жок. Ошол учурда ал жерде урап калган дубалды көрүп калып, ал адам, күтпөй дубалды оңдоп, бекемдеп койду. Анда Муса:

–Кылган бул жакшылыгың үчүн акы талап кылсаң болмок дейт. Адам Мусага:

–Мына бул экөөбүздүн достугубуздун соңу болот. Сага, буга чейин сабыр көрсөтө албаган нерселердин ички жүзүн (маани маңызын) түшүндүрүп берейин, дейт:

–Жанагы кеме кээбир колунда жок адамдарга таандык болгон эле. Аны кемчиликтүү абалга келтирдим, анткени, алардын артында кемчилиги жок кемени көрсө эле аны тартып алаар бир падыша бар болчу.

–Ал эми жаш баланын ата-энеси момун адамдар болчу. Ал бала чоңоюп ата-энесин бузукулукка, ыймансыздыкка түртөт деп корктук. Андыктан Алладан анын ордуна пайдалуу наристе беришин тиледик.

–Дубалга келе турган болсок, дубал бул айылдагы эки жетим балага таандык эле. Дубалдын түбүндө аларга таандык казына көмүлгөн эле, алардын ата-энеси да жакшы адамдар болгон. Раббиң аларды балагатка жетип, Раббиңдин ырайымы катары казыналарын казып алууларын каалады.

Мен бул нерселерди оюмдан чыгрып жасаган жокмун. Сен сабырдуулук көрсөтө албаган окуялардын маани-маңызы ушундай деп ачыктайт. (Карагыла. Кахф, 18/60-82).

Аз. Муса хикмат деңизинде чыккан кыска саякатында, ар бир нерсенин илахий тагдырга байланыштуу акыйкат тарабы бар экендигин тажрыйба аркылуу үйрөнүп, өз элине кайткан.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Аз. Муса менен жол жолдошунун ортосунда болгон окуяларды баалаап көргүлө.



**Аз. Аййуб: Сабырдуулугу**

Алла Куранда Аййуб пайгамбарды сабырдуу пенде катары таанытат жана ушул өзгөчөлүгү аркылуу аны адамдарга өрнөк кылып көрсөтөт: “...Биз аны сабырдуу абалда таптык. Кандай сонун пенде. Ал (Раббисине) өтө берилген”. (Сад, 38/44).

Ал ар түрдүү кыйынчылыктарга чыдап, башынан өткөн ар бир нерсеге сабыр көрсөтүп, эч качан даттанган эмес.

Аййуб дегенде эң биринчи ойго келген нерсе анын жан чыдагыс оорусу жана ага көрсөткөн сабырдуулугу болуп саналат. Баардык кыйынчылыктарын пайгамбар болгондо башынан өткөргөн. Куран анын ооруга чалдыкканын жана көрсөткөн сабырдуулугун мындайча баяндайт: “Жана Аййубту да эсте. Ал Раббисине: “Мени балээ каптады! Өзүң ырайым кылуучулардын эң ырайымдуусусуң!” деп (бийик добуш менен) дуба кылды”. (Анбийа, 21/83).

Ал туш болгон оорусу аябай оор абалда болгон. Куранда баяндалган нерсе Айюбтун кайсы ооруга кандайча туш болгондугу эмес эле. Негизги маселе анын ооруга көрсөткөн сабырдуулугу болчу. Анын оорусу жөнүндө айтылган жаман сөздөрдүн, апыртылгандыгын жана чындыкка дал келбестигин бул жерде айтуу керек.

Аййуб оорусунан кутулуу үчүн Аллага жалбарып, айыгууну бир гана Андан тилеген, Ал да анын дубасын кабыл кылган: “...анын тилегин кабыл кылып, андан балээлерди кетирдик...” (Анбийа, 21/84).

Куранда Аййуб пайгамбар оорусунан кантип айыккандыгы мындай баяндалат: “Бутуң менен жерди теп. Мына – жуунууга жана ичүүгө муздак (суу). Биз ага анын үй-бүлөсүн

жана алар менен бирге эле ал сыйактууларды Өз ырайымыбыз менен акыл ээлерине эскертүү катары бердик”. (Сад, 38/42-43).

Аййуб ыйманы жана сабырдуулугунун жемишин алып, айыгууга жетишкен. Ал сынодон өтүп, сүйүнчүсүн алган; Алла сабыр кылгандар менен бирге болгон. (Карагыла. Бакара, 2/153-154).

**Ой Жүгүртүү**

• Эмнеге сабыр эң таасирлүү дуба болуп саналат?

• Эл арасында Аййубтун оорусу жөнүндө айтылып жүргөн нерселер кайсылар? Булар канчалык чындыкка дал келээрин карап көргүлө.

### Аз. Юсуф: Сүйүү Өрнөктөрү

Куранда Юсуф пайгамбардын жашоо таржымалы өз алдынча бир сүрөдө ар тараптуу баяндалып, анын окуясын башка окуялардын эң көркөмдүүсү деп сыпаттаган. (Карагыла. Юсуф, 12/3). Бул окуяда балага болгон сүйүү, бир тууғандардын ортосундагы сүйүү өрнөктөрү көңүлүбүздү өзүнө бурат. Балага болгон сүйүү дегенде эң оболу Юсуфтун атасы Якуп эске келет. Анын сүйүктүү баласы Юсуфка болгон берилүүсү легендага айланган. Якуп пайгамбрдын он эки баласы болгон. Алардын акыркы экөөсү Юсуф менен бир тууганы Бунямин болгон.

Якуптун сыноосу бир жагынан баланы жоготуудан пайда болгон кайгы болсо, экинчи жагынан балдарынын чыккынчылыгынан пайда болгон капалык болгон. Юсуфка болгон сагынычтан улам күйүгүп ыйлай бергендиктен көздөрүнө ак түшкөн болчу. Кайгысын жашырып ичине салган, эчкимге “дартым бар” деп айткан эмес. Бир гана Аллага жалынып, жалбарган. Ал акыры бир күнү баласын көрөөрүнө болгон үмүтүн бир саамга болсо да өчүргөн эмес. Аны сабырдуулук менен, үмүт менен күтө берген. Ошентип отуруп, акыр аягында баласына да жеткен.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Аз. Юсуф түшүндө эмнени көргөн, аны атасы кантип жооруган жана кандай насаат берген? Курандан таап окугула.

Аз. Якуптун Юсуфка болгон сүйүүсү, анын бир туугандарын аша чапкан кызганууга түрткөн эле. Калаберсе аны өлтүрүүгө бара турганчалык катуу болгон. Ал өлсө ата мээрими өздөрүнө бурулат деп ойлошкон.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Бир туугандары Юсуфка кандай тузак курушкан жана аталарына эмне деп айтышкан? Карап көргүлө. Бул окуяны баяндаган аяттарды окугула.

Якуп балдарынын айткандарына ишенбесе да аларга орой мамиле кылбай, аларды күнөөлөбөй, мындай деген: “...Андай эмес! Силерге напсиңер (бир жамандык-



ты) коздоп көргөзүптөр. Эми, жаакшынакай сабыр (кылуу)дан башка арга жок. Силер айткан ишке Алланын Өзү жардамчы болоор!" деди. (Юсуф, 12/18). Анткени алар да анын балдары, алар-ды да көп жакшы көр-гөн. Алардын да албет-те атанын мээримине муктаждыктары бол-гон. Атасынын Юсуфка көбүрөөк көңүл бурганы-нын бир себеби бар эле, Юсуф келечекте пайгам-бар болот, бирок, балда-ры муну билишкен эмес. Алар сырткы көрүнүшкө алданып, аталары өздөрүнө көп мээрим төкпөйт деген сезимге кабылышкан.

Мисирде жана башка жер-лерде жети жылга созулган ачарчылык доору келип, ар тараптан келген кербендер тамак-аш алуу үчүн Мисирге бет алышкан. Ал кезде Юсуф Мисирдин казынасын башкарган жоoптуу вазир (министр) болгон эле. Юсуфтун агалары да ушундай кербендердин биринин катарына кошулуп ал жака барып, Юсуфка кезиги-шет.

Юсуф бир туугандарына: 'Ушул көйнөгүмдү алып барып атама бергиле, анын жүзүнө сүргүлө анын көздөрү көрсүн. Андан соң бардык үй-бүлөңөрдү алып мага келгиле', деди. Кербен Мисирден өз өлкөлөрүнө кайтуу үчүн жолго чыккан. Якуп алдын ала сезип балдарына: 'Ишенгиле мен Юсуфтун жытын сезип жатам. Суранам мага алжып калыптыр деп айтпагыла', деген. (Карагыла. Юсуф, 12/93-95).

Жарчы келип көйнөктү Якуптун жүзүнө сүргөндө, көздөрү дароо көрүп баштады. Уулдары атасынан Алладан күнөөлөрүн кечирүүсү үчүн дуба кылуусун өтүнүшөт. Ал да: 'Раббимден күнөөлөрүңөрдү кечирүүсүн тилейм. Ал эч шексиз көп кечиримдүү жана мээримдүү Зат' (Юсуф, 12/96-98) деп айтат.

Якуп үй-бүлөсү менен бирге Мисирге барып уулунун жанына кирди. Юсуф ата-эне-син кучагына кысып, аларды тактыга отургузду. Алар да анын маңдайында бактылуу болуп, сый-урмат менен баш ийишти. Юсуф: 'Атаке! Мына бул, бир учурларда көргөн түшүмдүн жоорулушу. Раббим аны жүзөгө ашырды...' деп айтты. (Юсуф, 12/99-100).

Аз. Юсуфтун окуясында эң маанилүү нерселердин бири атанын балага болгон мээрими, сүйүүсү баяндалган. Мындан башка да, кээбир учурларда бири-бирине орой мамиле кылса да, бир туугандардын ортосундагы сүйүүгө да басымдуулук жасалган. Бир туугандары Юсуфту канчалык кысканса да, анын өмүрүн кыйышкан эмес, соңунда терең бушайман болуп андан кечирим сурашкан. Баланын да атасына болгон сүйүүсү, ага болгон муктаждыгы да окуяны түшүндүргөн саптардын арасында кезигет.

Жыйынтыктап айтканда Юсуфтун мисалында үй-бүлө сүйүүсү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы сүйүүнүн маңызы баяндалган. Сүйүүнүн эң ыйыйгы болгон Аллага болгон сүйүү, баардык сүйүүлөрдү өзүнө камтыйт. Бирок, башка сүйүүлөр Аллага болгон сүйүүнү көмүскөдө калтырбоосу керек.

### Аз. Юнус: Милдет жана Жоопкерчиликтерди Сезебилүү

Юнус каапыр, залым жана путтарга сыйынган Нинова шаарынын калкына пайгамбар болуп келген. Ар бир пайгамбар сыяктуу эле өрнөктүү жана изги сапаттарга ээ болгон. Куранда анын ысмы менен аталган сүрө бар. Ал калкын Аллага ишенүүгө чакырып (даават кылып), 33 жылдын ичинде калкынан эки эле адам ыйман келтирген эле.

Мындай көрүнүш ага катуу тийип, терең кайгырып, бир тараптан ачуусу келип Нинова шаарын таштап кетип калган. Анын мындай кадамы албетте милдеттеринен жана жоопкерчилигинен качуу эмес эле. Болгону, бул аракети менен ал канчалаган аракеттерине, жасаган чакырыктарына кулак бербеген мындай кайдыгер коомдон эртерээк алыстап кетүүнү эңсеген.

Юнус өзүн төгүнгө чыгаргандары үчүн силерге үч күндөн кийин Алланын каары (азабы) тийет деп, үчүнчү күн толо электе эле түн ичинде шаардан кетип калган. Эл чын эле азап келээрин түшүнөөрү менен кайгырышып, Юнусту издей башташат.

Аны таппай койгондон кийин, алар да үй-бүлөлөрү менен мал-келин жандарына алышып шаардан алыска чөлгө кетип калышат. Алар кылгандары үчүн бушайман болуп, тообо келтиришкен болчу. Мындай өзгөрүүдөн улам, Алла Таала да ал коомго ырайым кылып, азап берген эмес.

Юнус мындай шашкан аракетин көп өтпөй туура эмес экендигин түшүнгөн. Ал Алланын уруксатысыз ушундай аракетке баргандыгы үчүн, туура эмес кылгандыгы үчүн өзүн күнөөлөйт. Мындан улам анын чын жүрөктөн жасаган дубасын Алланын кабыл кылгандыгы Куранда мындайча баяндалат: “...Сенден башка Кудай жок! Сен аруусуң! Албетте, мен адашкандардан болдум! Биз да аны угуп, дубасын кабыл кылдык жана аны кайгыдан куткардык. Момундарды ушинтип куткарабыз”. (Анбийа, 21/87-88).

**Ой Жүгүртүү**

Эмне үчүн Аз. Юнус Зун-Нуун деп аталган?

Милдеттерди жана жоопкерчиликти сезүү Юнусту кайрадан Ниновага кайтарган. Ал мындан кийин жашоосун мурун өз абалдарына таштап салган калкын ыйманга чакыруу менен өткөргөн. Пайгамбарлык милдети жанан жоопкерчилиги да ушуну талап кылган. Анткени, ал өз милдетин аткарып, жоопкерчилигин толук орундаткан эмес эле. Мунусунда милдетин сезип ага көбүрөөк берилген жана андан ары жасаган кайтпас, чечкиндүү жана сабырдуу аракеттеринин жемишин көрө баштаган.

Акыр аягында калкы каапырлык менен заалымдыктан баш тартып, ыйманга бекем болуп, ишеничтүү жолду тандашкан жана кутулууга жетишкен. (Карагыла. Саффат, 37/148).

**Ой Жүгүртүү**

Юнус пайгамбардын эки аракетин да, милдет жана жоопкерчилик аң сезими менен таразалап көргүлө.

**Аз. Иса: Адамдык Сапаты жана Аз. Мухамметти (с.а.в.) Сүйүнчүлөөсү**

Алла Куранда Аз. Исанын жашоосун жана пайгамбарлык милдетин орундатууда башынан өткөргөн кыйынчылыктардан бир бөлүмүнө орун берген, аны мактаган. Баардык пайгамбарлар сыяктуу эле Аз. Иса дагы, адамдардын бактылуулугу үчүн алардын кутулуусу үчүн көптөгөн кыйынчылыктарга, зордуктарга туш болгон. Ага жоопкерчилигине бек туруу күчүн жана күрөшүү эрктүүлүгүн анын жүрөгүндөгү терең сүйүү берип турган. Сүйүү, сүйүлгөндөр үчүн кайтаруусуз берилгендикте болууну жана сүйүүдөн жаралган жоопкерчиликти алаып жүрүүнү талап кылат.

Марямдын уулу Иса, адамдар бир күн эмес бир күнү баарибир чындыкты көрүшөт деген терең ишенимин эч убакта жоготкон эмес жана дайыма алардын жакшылыгы, кутулуусу үчүн Раббине дуба кылган.

Иса пайгамбар болгондон кийин ага куттуу Инжил китеби түшүрүлгөн. Ал адамдарды туура жолго чакырган, аларга насаат айтып, чоң-чоң мужизаларды көрсөткөн. Бирок, ага карабастан адамдар аны төгүнгө чыгарышып, аны өлтүрүүгө аракет кылышкан. Алла алардын мындай ыплас пландарын таш каптырткан. (Карагыла. Аалу Имран, 3/54-55).

Көптөгөн аракеттерине карабастан чакырыгына болгону бир ууч адам ишенген. Куранда: “Иса алардан каршылык сезип: “Алла жолунда мага ким жардамчы болот?” –деди. Хаварийлер: “Биз Алла (үчүн) жардамчыбыз. Аллага ыйман келтирдик. Биздин (толук) мусулман болгонубузга күбө бол, –дешти” (Аалу Имран, 3/52) деп буюрулат. Хаварийлеринин саны он эки болгондугу айтылат.

Алланын кыяматта Иса менен сүйлөшкөтдүгү тууралуу аяттарда, ага ишенгендерди өзүнөн, кийин туура эмес ишенимдерге ээрчип кеткендиктери жөнүндө суралат. (Карагыла. Маиида, 5/116-117).

Бул суракта Аз. Исанын берген жообу анын сүйүүсүнүн даражасын көргөзүү жагынан аябай кызык, “Эгерде Сен аларды азаптасаң, алар Сенин пенделериң. Ал эми аларды кечирсең, ырасында, Сен – Мартабалуу, Даанышмансың!” (Мааида, 5/118).

**Ой Жүгүртүү**

Төмөндөгү аятта Аз. Исанын адамзатка эмнени сүйүнчүлөгөндүгүн карап көргүлө.

Аз. Иса өзүнө чейин келген Тооратты тастыктагандай эле, өзүнөн кийин да адамзатка келе турган эң чоң сүйүнүчтүү кабарды берен: “Марйам уулу Иса: “Эй Исраил уулдары! Мен силерге мага чейин жөнөтүлгөн, Тооратта айтылгандардын чындыктыгын тастыктоо жана менден кийин келе турган Ахмад аттуу элчи тууралуу сүйүнүчтүү кабарды угузууга жиберилген Алланын элчисимин” – деди..” (Сафф, 61/6).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Иса жөнүндө буларды айткан: “Адамдардын арасынан Мен дүйнөдө жана акыретте Марямдын уулу Исага эң жакынымын”. (Бухарий, Анбийа, 48, IV/142).

## Бөлүмду Жыйынтыктоо

Алла менен адамдардын ортосундагы элчилик кылуу милдетине пайгамбарлык деп аталат. Пайгамбарларга ыйман келтирүү, Алланын адамдардын арасынан тандап алган адамдарга жана алар алып келген маалыматтардын туура, чындык экендигине ишенүүнү талап кылат. Адам баласы өз акылы менен Алланын бар экендигин, бир экендигин жана улуулугун биле алышы мүмкүн. Бирок, пайгамбарлардын Ал тууралуу вахий аркылуу билдирген маалыматтарга ээ боло албайт. Аллага кантип ибадат кылууну, акыретке тиешелүү маселелерде акылдын жолу менен туура бүтүмгө келе албайт.

Пайгамбарлар туура жана пайдалуу нерселерди билүүдө, аларды айырмалай билүүдө, этикалык изги сапаттарга жетүү жолунда адамдарга жол көрсөтүшкөн. Туура болгон нерсени көрсөтүү аракетинде болушкан. Кылган нерселери жана жүрүм-турумдары аркылуу жашоонун ар тарабында өрнөк болушкан.

Пйагамбарлыкты тастыктоо, эч кандай шек саноого орун берилбеген курчтуу далилдин көрсөтүлүүсү менен мүмкүн болот. Мындай курчтуу далилди эки жол менен күрсүтөөгө болот: Биринчиси, сезим органдары менен көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү болгон Мужиза; бул деген, пайгамбардын доорунда жашаган адамдар үчүн гана тиешелүү абал. Экинчиси болсо, өзү жөнүндө такталган маалымат бере алган мутаватир кабар жолу менен такталган мужиза болуп саналат; Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) эң чоң мужизасы бул Курани Карим, ал мутаватир кабар жолу менен бизге жеткен.

Пайгамбарына чын жүрөктөн берилген, анын жолуна кылдаттык менен моюн сунгандыгы үчүн Алланын досторунун арасына кирген адамдардын, Алланын жардамы менен жасаган өзгөчө нерселерине керемет деп айтылат. Мындай өзгөчөлүктөргө ээ болбогон адамдардын көрсөтүшкөн өзгөчө нерселери керемет болуп эсептелбейт.

Куран кээбир пайгамбарлардын жашоосунан өрнөктүү үзүндүлөрдү мисал көрсөтүп, алар ээ болгон өзгөчөлүктөрдүн бирин алдыга чыгарган. Ибрахим: Алланы изденүүсү менен, Муса: жол жолдошу жана анын хикматтуу аракеттерин аңдоого болгон аракети менен билинген. Аз. Аййуб сабырдуулуктун символу катары көрсөтүлгөн. Ал туш болгон ооруга көрсөткөн сабырдуулугу, өрнөктүү аракет катары бааланган. Аз. Юусуфтун окуясы башынан аягына чейин сүйүү өрнөктөрү менен алдыга чыккан. Аз. Юунус пайгамбардын милдети жана жоопкерчилигин сезүү, аны ишинде ийгиликке жеткирген. Аз. Иса адамгерчилиги менен өрнөк болгон: Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Мухамеддин (с.а.в.) акыркы пайгамбар катары адамзатка келээрин сүйүнчүлөгөн.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Пайгамбарлык милдеттин эмне экендигин ачыктагыла.

2. Адамдар пайгамбарларга эмне үчүн муктаждык сезишет? Ачыктагыла.

3. Пайгамбарларга таандык өзгөчөлүктөрдү санап бергиле жана аларды ачыктагыла.

4. Мужиза деген эмне? Мужизаны кимдер көрсөтө алат?

5. Кереметтин аныктамасын айткыла жана мужиза менен кереметтин ортосундагы айырмачылыктарды айткыла.

6. Курани Каримде өткөн пайгамбарлардын кайсы өзгөчөлүктөрү менен таанылгандыгын айтыңыз.

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Нубувват түшүнүгүнүн мааниси төмөнкүлөрдөн кайсынысы?**

А) Имамет Б) Көзү ачыктык В) Билгелик

Г) Пайгамбарлык Д) Ортомчулук

**2. Мужиза түшүнүгү төмөнкүлөрдүн кайсынысы менен байланыштуу?**

А) Пайгамбарлар Б) Сыддыктар В) Вали кулдар

Г) Сахабалар Д) Шейиттер

**3. "Сабыр" төмөндөгү пайгамбарлардын кайсынысы менен өздөшкөн?**

А) Аз. Муса Б) Аз. Аюуб В) Аз. Иса

Г) Аз. Юнус Д) Аз. Нух

**4. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы пайгамбарлардын өзгөчөлүктөрүнө кирбейт?**

А) Чынчылдык Б) Ишенимдүүлүк В) Чеберлик

Г) Акылдуулук Д) Таблиг

**5. Пайгамбарларга таандык болгон төмөнкү сөздөрдүн кайсы бири туура эмес?**

А) Алла пайгамбарларды тандап алып милдеттендирген.

Б) Пайгамбарлар жүрүм-турумдары менен адамдарга өрнөк болушкан.

В) Пайгамбарлар өз коомунун тилинде вахий алып келишкен.

Г) Пайгамбарлар периштелердин арасынан тандалып алынган.

Д) Пайгамбарлар Алладан алган вахийди толугу менен таблиг кылышкан.

# VIII БӨЛҮМ

# ишеним

ишеним
ишеним



# Акыретке Ыйман Келтирүү

1. Акыретке Ыйман Келтирүү жана Анын Маанилүүлүгү
2. Өлүм жана Өлүмдөн Кийин Кайрадан Тирилүү
3. Адамдар Жасаган Нерселеринен Суракка Тартылат
4. Бейиш жана Тозок
5. Өлүм жана Андан Кийинки Жашоо менен Байланыштуу Болгон Туура Эмес Ишенимдер

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө;

- Ыйык динибиз Исламдагы негизги ыйман принциптеринин бири болгон акыретке ыйман келтирүү маселеси каралат. Ар бир жан өлүмдү татуучу. Өлүмдөн кийин өзгөчө адам үчүн кандай жашоо күтүп тураары аят жана хадистер менен баяндалган.
- Бул бөлүмдө акыреттин бар экендигин көргөзгөн аят жана хадистерге орун берилип, мындай жашоого ишенүүдөн улам адамда пайда болгон өзгөрүүлөр жөнүндө сөз болмокчу.
- Акыреттеги жашоодо кездеше турган кабыр, хашр (чогулуу), махшар (топтолуучу жер), рух, сурак, бейиш, тозок жөнүндө маалыматтар берилмекчи. Кээбир дин жана философиялык түшүнүктөрдө ишеним көрсөтүлгөн, бирок, Ислам динине туура келбеген реинкарнация (рухтун көчү) маселеси каралмакчы.

## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Өлгөндөн кийин жаңы жашоонун башталаарын билүүгө,
2. Акыретке ыйман келтирүүнүн маанилүүлүгүн ачыктоого,
3. Өлгөндөн кийин эмне болоорун ачыктоого,
4. Адамдар бул дүйнөдө жасагандарынын акыбетин акыретте көрөөрүн айтууга,
5. Өлүмгө байланыштуу кандай туура эмес ишенимдер бар экендигин айтууга, жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
3. Китептин соңунда берилген булактардан пайдалануу.

“Эй ыймандуулар! Аллага, Анын элчисине, Ал Өзүнүн элчисине түшүргөн Китепке жана Ал андан мурун түшүргөн Китепке ишенгиле! Ким Аллага, периштелерине, китептерине, элчилерине жана Кыйамат Күнүнө ишенбесе ал узак адашууда болот. (Ниса, 4/136).

## 1 Акыретке Ишенүү жана Анын Маанилүүлүгү

Акырет

Адамдар өлгөндөн кийин, кайра тирилтилгенден баштап түбөлүк улана турган убакытка акырет деп аталат.

“Биз асмандар менен жерди, алардын арасындагыларды акыйкаттык менен жаратканбыз. Кыйамат Күнү сөзсүз келип жетет. Андыктан, аларга кең пейилдик менен мамиле жаса”. (Хижр, 15/85).

Акыреттин бар экендигине ишенүү, парз болуп саналат. Курандын аяттары айтып тургандай, акыретке ишенүү, адамды туура жана чынчыл болууга багыттайт. Акыретке ишенгендер бул ишенимдеринен улам, туура эмес аракети үчүн жазага тартылаарын, туура аракеттер үчүн жакшы акыбетке туш болоорун билгендиги үчүн жакшы адам болуу жолунда көп аракет жасайт.



“Алар Аллага, акырет Күнүнө ишенишип, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосуп, жакшылык иштерде атаандашат. Алар – жакшылардан”. (Аалу Имран, 3/114).

Акыретке ыйман кылуу, бул дүйнөдөгү жашоону маанилүү кылат. Мындай ишеним адамга жакшы-жаман эмне кылган болсо, ошонун бир мааниси жана бир натыйжасы боло тургандыгын сезип жашайт. Өзгөчө, бул дүйнөдө бактылуу боло албаган, кандайдыр бир адилетсиздикке туш болгон адмдардын акысы кайтарылып бериле турган күн бар деген ишеним менен жашоо, адамдарды түбөлүк адилетсиздик менен беттешүүдөн жана анын натыйжасында пайда болгон чымырануудан жана депрессиялардан да коргогон болот.

Акыретке ишенүү бул дүйнөдө материалдык абалы жакшы болгон адамдар да, чеги менен жашоого жана колунда болгон нерселери үчүн кийин жооп бере тургандыгын сездирет, үнөмдөп жашаганды, байлыгын качан жана кайсыл жерде жумшаарын сезүүгө шарт түзөт.

Акыретке ишенүү, адамдарга кылган жакшылыктарынан жана жамандыктарынан ар дайым жооптуу болоорун эске салып турат жана бул сезимди өөрчүтүп, көбүрөөк

жакшылык жасоого жана жамандыктан алыс болууга багыттаган түшүнүктү адамдарга үйрөтөт.

"Мына ошол Күнү адамдар өздөрүнүн амалдары көргөзүлүп, топ-топ болуп кабырларынан чыга келишет. Демек, кимде-ким кыпындай жакшы иш кылган болсо аны көрөт, Кимде-ким кыпындай жаман иш кылган болсо аны да көрөт". (Залзала, 99/6-8).

## 2 Өлүм жана Өлгөндөн Кийин Кайра Тирилүү

### Өлүм Бул - Жаңыдан Башталуу

Ислам түшүнүгүндө, өлүм жок болуу эмес, тескерисинче жаңы жана түбөлүктүү жашоонун башталышы болуп саналат.

Бул дүйнөдө жашаган баардык макулуктар, акыры бир күнү өлүшөт. Муну Улуу Алла; "Бардык жандар өлүм даамын татышат..." (Аалу Имран, 3/185); "Жер бетиндегилердин баары жок болот". (Рахмаан, 55/26) деген аяттары менен билдирет.

Өлүмдөн кутулууга жол жок!: "Өлүмдөн коркуу" адамдарды эң көп тынчсыздандырган нерселердин бири болуп саналат. Адамдар өлүп калуудан жана өлүмдөн коркуу сезиминен кутулуунун чараларын издешет. Бирок, өлүм кандайдыр бир алдын алуучу метоттор менен кечиктирилбейт же болбосо андан качууга болбойт.

Муну менен бирге өлүмсүз болууну эңсөө, ааламдашкан психологиялык чындык катары бизге таасир этүүдө. Анткени, жашоого болгон каалоо адамдын эң терең жана эң күчтүү арзуусу болуп саналат. Адамдын өлүмдөн коркуу сезими өзгөчө; белгисиздик, жалгыздык, жакындарын жоготуу, өздүк сапатын жоготуу, өлүмдөн кийин жазаландырылуу, артында калгандарга кабатырлануу, жок болуу жана жакшы көргөн адамдарын жоготуу ж.б.у.с нерселерден улам пайда болот.

### Өлүм жана Андан Сабак Алуу

- Өлүм мусулман адам үчүн сабак алынуучу окуя болуп эсептелинет. Анткени, өлүм адамга эмне үчүн жашап жаткандыгын, эмне кылуу керектигин, кандай кылуу керектигин үйрөтөт.
- Ислам дини жашоо менен өлүмдүн кандай түшүнүк экендигин, өлүмдөн кийин эмне болоорун жана эмне үчүн өлүм пайда болгондугун, эмне үчүн күндө адамдар өлүп тураарын ачык-айкын түшүндүрөт. Бизге, тынчсыздануубузду жана кайгыбызды жайгаруучу маалыматтарды берет.
- Ислам түшүнүгүндө өлүм жок болуу эмес, өлүм бул дүйнөдө жасалгандардын эсебин берүүнүн жана жашоонун жаңы түрүнүн башталышы болуп саналат.

- Өлүм жашоонун башкача түрү болуп саналат. Өлүм убактылуу жашоодон түбөлүктүү акырет жашоосуна өтүүчү эшик.
- Бул дүйнөдө жакшы иштерди жасагандар, өмүрүн берекелүү өткөргөндөр, өзү үчүн, коому үчүн жана адамзат үчүн жакшы жана өчпөс кайыр иштерин жасагандар үчүн, өлүм коркутуучу нерсе болбойт. Тескерисинче кылган жакшылыктарынын үзүрүн көрө турган, сыйлыгын ала турган, жаңы жана түбөлүктүү жашоого көчүү болуп саналат.

Эртеби кечпи ар бир жандууга өлүм келет. Андан качууга мүмкүн болбойт. Анткени, Алла: “Силер кутулуу үчүн качып жаткан өлүм силерге жолугат. Андан соң силер жашыруундарды да жана ачыктарды да Билүүчүгө кайра кайтарыласыңар, ошондо Ал кылыгыңарды өзүңөргө кабарлайт”. (Жума, 62/8) деп кабарлоодо.

Ислам түшүнүгүндө Аллага жана акырет күнүнө ишенгендер өлүмдөн коркпоосу керек. Бирок, Аллага жана акырет күнүнө ишенбегендер өлүмдөн коркушат. Себеби, өлүм алар үчүн жок болуу дегенди түшүндүрөт. Бирок, мусулман адам канткенде да бир күнү өлөм деген түшүнүк менен дүйнөнү таштап салып, акыретти гана ойлонуп жашоодон алыс болот. Бул туурасында Курани Карим мындай деп буйурат:

“Алланын сага берген дөөлөтү аркылуу акырет конушуна жетүүгө умтул да, бул дүйнөдөгү ырыскыны да унутпа. Алла сага жакшылык кылгандай, сен да жакшылык кыл. Жер бетинде бузукулук кылууну көздөбө. Алла бузукуларды сүйбөйт”. (Касас, 28/77).

Дүйнөлүк үчүн иштеп жатып өлүмдү унутпастан, аны дайыма эстөө, адам баласынын аң-сезимдүү жашоосунда, бул дүйнөдө жакшы жана пайдалуу иштерди жасоого өбөлгө түзөт.

### Рух (Арбак)

Ислам түшүнүгүндө рух адамга дене түзүлүшү жаратылгандан кийин берилет. Өзгөчөлүгү адамдар тарабынан толук билинбеген рух, илахий буйрук экендиги жалпыга маалым.

“Алар сенден рух жөнүндө сурашат. “Рух Эгеме таандык иштерден. Силерге азыраак гана илим берилген”, – деп айт” (Исра, 17/85).

“Андан соң аны келбетин келтирген жана ага Өз рухунан үйлөгөн. Силерге кулак, көз жана кабыл алуу ыроологон. Силер аз шүгүр кыласыңар”. (Сажда, 32/9).

### Кабыр

Адамдар өлгөндөн кийин көмүлгөн жерге кабыр деп аталат. Андан башка мазар, мүрзө деп да колдонулат. Адамдар өлгөндөн кийин кыяматка чейин ошол жерде

калышат. Акыреттеги жашоонун башталышы менен кабырларда жаткан адамдар жоопко тартылуу үчүн кайрадан тирилтилишет.

“Мына ошол Күнү адамдар өздөрүнүн амалдары көргөзүлүп, топ-топ болуп кабырлардан чыга келишет”. (Залзала, 99/6).

“...Чындыгында, Алла мүрзөдөгүлөрдү тирилтет”. (Хаж, 22/7).

Кабырымдын үстүнө тигишет ташты

Кимдин көлөкөсүнө сактайсың башты

Атасы баласын көрбөйт, биртууган биртууганды

Кетет, бирок, кайтпайт жол аста аста

### Кыямат

Курани Карим бул ааламдын жок болуусуна кыямат деп атайт. Кыяматтын качан болоорун Алладан башка эчким билбейт, бул абал мындайча баяндалат:

“Асмандар менен жердин жана бул экөөнүн ортосундагы бийлик Өзүнө таандык болгон Алла улук. Кыйаматтын маалыматы да Анын алдында. жана бир гана Ага кайтасыңар”. (Зухруф, 43/85).



### Хашр (Топтолуу)

Кыямат күнү өлүктөр тирилтилип, махшарда топтолуусуна Хашр деп айтылат. Курани Каримде адамдардын өлүмдөн кийин кайра тирилүүсү, бул дүйнөдө жасагандарынан жоопко тартылаары жана чыныгы эсеп-кысаптын ушул экендиги кабарланууда. Бул окуяга да Хашр деп аталат.

“Ал эми ким Менин эскертүүмдөн баш тартса, анда, ага машакаты оор турмуш берерим шексиз. Андайларды Кыйаматта сокур кейипте жый-найбыз”. (Тохаа, 20/124).

### Махшар (Топтолуучу Жай)

Кыяматтан кийин Алланын уруксаты жана буйругу менен белгилүү бир убакыттан соң бүт адамдар кайрадан тирилтилишет жана баары чогуу бир жайда чогулушат. Ушуну менен жаңы жашоо башталат. “Замат өздөрүн бозоргон жер бетинде-махшарда болуп калышат”. (Наазиат, 79/14).

Адамдардын баары өлгөндөн кийин топтолгон жерге махшар, ал эми ошол күнгө махшар күнү деп аталат.

Курани Каримде махшар күнү өтө кыйын болоору белгиленет. Ар ким өзүн ойлоп калгандыктан, жакын адамы болобу, башка бирөө болобу бир гана өзү менен алектенип калган күн катары аныкталат. “Кулак жарган үнү угулуп, жаңырганда, Мына ошол Күнү инсан өз бир тууганынан (таштап) качат, Өз энесинен жана өз атасынан (качат), Өзүнүн жарынан жана балдарынан (качат), Бул күнү алардын ар бирине өз түйшүгү жетиштүү болот”. (Абаса, 80/38-42).

Аллага ишенип жакшы амалдарды аткаргандар бактылуу болушат. Бул абал Курани Каримде мындайча баяндалат:

“Ал Күнү жүздөр албырып тамылжыйт, күлө багып, кубанышат”. (Абаса, 80/38-39).

## 3 Адамдар Жасагандарынан Жоопко Тартылат

**Сурак**

Бул дүйнөдө жашаган макулуктардын ичинен адам гана акыл-эстин жана эрктин ээси болуп саналат. Акыл менен эрктин ээси болуу ага кандайдыр жоопкерчиликти да кошо берет. Башка жандуулардын мындай өзгөчөлүктөрү болбогондуктан, аларга эч кандай жоопкерчилик жүктөлгөн эмес. Булар жасаган нерселеринен улам эки дүйнөдө тең суракка алынбайт. Бирок, адам баласы бул дүйнөдө жасаган ар бир жүрүм-турумдары үчүн акыретте жоопко тартылат.

Бир гана жаш балдар менен акыл-эси жайында болбогон оорулуулар жүрүм-турумдарынан улам жооптуу болушпайт. “Заалымдарды да, алардын жандоочуларын да, алардын сыйынгандарын (кудайларын) да топтогула! Алар Алладан башкага сыйынышкан. Ошондуктан аларды тозоктун жолуна багыттагыла! (Бирок азырынча) аларды токтоткула. Анткени алар суралуучулар!” (– деп айтылат)”. (Саффат, 37/22-24)

Муну менен бирге адамга бул дүйнөдө ыроолонгон бардык нематтар дагы ага жоопкерчиликти жүктөйт. Адам өзүнө берилген денени кандай колдонгондугу, табигый нематтарга карата болгон жоопкерчилигин орундатып-орундатпагандыгы, башка адамдарга карата болгон жоопкерчилиги үчүн жоопко тартылат.

“Мындан соң (силерге берилген жакшылыктардан) ошол күнү сөзсүз сураласыңар”. (Такаасур, 102/8).

Эсеп-Кысап

Махшарда биз биле албаган чоң адилеттүү сот курулат, бул дүйнөдө жоопкерчилик ала турган убакка келгенден (Балагат-мукаллаф) тартып, өлгөндөрдүн баары өтө кылдат эсеп-кысаптан өткөрүлөт. Бул дүйнөдө жасагандарынан жоопко тартылат, кылгандарынын акыбетин ошол жерде көрүшөт.

Улуу Алла мындай эсеп-кысаптын болоорун “Ошондуктан силер кыйамат күнү Эгеңердин алдында жоопко тартыласыңар”. (Зумар, 39/31). деген аяты менен ушул эсептин натыйжасында кимде ким кыпындай жакшылык жасаган болсо, ал анын акыбетин (сыйлыгын), кимде ким кыпындай жамандык кылган болсо, анын да жазасын көрөөрүн төмөнкү аяттар менен билдирет:

“Демек, кимде-ким кыпындай жакшы иш кылган болсо аны көрөт, Кимде-ким кыпындай жаман иш кылган болсо аны да көрөт”. (Залзала, 99/7-8).

Башка бир аятта “Алар Эгесинин алдына катар-катар болуп алып келинет. Аларга: “Ант болсун! Оболу кандай жараткан болсок, ошол кейипте (жылаңач) келдиңер. Силерге убадаланган мөөнөт берилбейт деп ойлогонсуңар” – деп айтылат”. Кахф, 18/48).

Пайгамбарыбыз эсеп күнүндө боло турган акыбалды мындайча түшүндүрөт:

“Адам өмүрүн кандай жолдо өткөргөндүгүнөн, денесин кандай жерлерде кор кылгандыгынан, мал-мүлкүн кайсыл жерден таап, кайсыл жерге жумшагандыгынан, билген нерселери менен кандай амал кылгандыгынан жоопко тартылмайынча ордунан жылдырылбайт”. (Тирмизий, Кыйама, 1, (2416), IV/612).

Мизан (Тараза)

Махшарда ар кимдин амалдары тартылган тараза бар экендиги билинет. Бул өлчөм менен жакшы жамандын баары эң кичинекей деталына чейин каралат, кимдин туура кимдин туура эмес экендиги белгилүү болот. Кимдин, кимде акысы болсо, алар да такталгандан кийин, бул дүйнөдө адилетсиздикке туш болгондор өз акыларын алышат. Башкасынын акысын жегендер да кылгандарынын жазасын тартышат.

“Биз Кыйамат Күнү үчүн туура таразаларды жайгаштырабыз. Бир да жан зулум кылынбайт. А эгерде сары кычынын[19] данынын салмагындай эле (амал) болсо, анысын келтирер элек. Биз толук жетээрлик эсепчибиз”. (Анбийа, 21/47).

Эсеп-кысаптын натыйжасында ар кимдин сооптору жана күнөөлөрү тартылат. Жакшылыктары жамандыктарынан көп болгондор бактылуу болушса, жамандыктары көп болгондор кайгыга чөгүшөт.

“Демек, ошол күнү кимдин таразасы[4] оор болсо, анда ал ыраазы боло турган жашоодо (болот). Ал эми кимдин таразасы жеңил болсо, анда анын бара турган жери жар (Хаавиа) болот. Анын (Хавиа) эмне экенин кайдан билет элең?! Ал ысык от!” (Каариа, 101/6-11).

Бийик учкан көңүл чарчайт бир күнү
Мизан таразасы да курулат бир күнү
Ар ким берген суроолор, акыр бир күн
Кайтабы, оо Аллам жай баракат.

## 4 Бейиш жана Тозок

Ислам түшүнүгү боюнча, адамдардын бул дүйнөдө кылган жакшылыктары жана жамадыктары акыбетсиз болбойт. Ар ким кылган нерсесинин акыбети катары сыйлык же жазасын акыретте алат. Жакшы амал жасагандар бейиште сыйлык, жамандык кылгандар да анын акыбетинин жазасы катары тозоко киришет.

Дүйнөдө жакшылык кылгандар, Алланын ыразычылыгына жараша жакшы амал жасагандар, күнөөсү жоктор, бул дүйнөдө бактылуу болгондой эле өлгөндөн соң да бейишке барышат жана ал жерде түбөлүктүү бактылуулукка жетишет. Жакшы пенделер бейиште Алланын бардык ырайым жана нематтарынан түбөлүк пайдаланышат. Эң жогорку мүмкүнчүлүктөр, эң жогорку ырахаттар бейиштегилерге берилет.

“Ыймандуулар жана жакшылык иш кылгандар үчүн бактар бар экенин сүйүнчүлө! Бактардын алдында дарыялар агат. Аларга ырыскы катары жемиш тартууланганда алар: “Бул бизге мурун берилип жүргөндөр”, – дешет. Аларга ушуга окшоштор берилип келген. Алар үчүн анда таптаза жубайлар (болот) жана алар анда түбөлүккө калышат”. (Бакара, 2/25).

Бейиште баары бир жерде болбогондой эле бирдей нематтарга да жетишпейт. Ар бир адамдын орду, бул дүйнөдө Алланын ыраазычылыгын канчалык тапкандыгына жараша болот. “Ар бирин амалдарына жараша даражаларга коет. Эгең алардын кылып жаткан иштерин көңүл буруусуз калтырбайт”. (Ан’ам, 6/132).

Дүйнөдө Алланы четке каккандар жана Алланын буйруктарын орундатпастан күнөөгө баткандар, өлгөндөн кийин жазалануу үчүн тозокко жөнөтүлөт. Алла Курани Каримде бул абалды мындайча ачыктоодо: “Ооба! Ким жамандыктан пайда тапса жана күнөөгө чырмалып батса, анда алар отту ээлөөчүлөр. Алар анда түбөлүккө калышат!” (Бакара, 2/81).

## 5 Өлүм жана Өлүмдөн Кийинкиси менен Байланыштуу Ишенимдер (Реинкарнаця)

Адамдар, өлүмдөн кийин эмне болооруна кызыгышкан. Өлүмдөн кийинки жашоо үчүн негизинен эки түрдүү көз караш бар:

- Биринчи түшүнүк: Өлгөндөн кийин жаңы жашоо башталат.
- Экинчи түшүнүк: Адамдын же болбосо башка жандуунун өлүмүнөн кийин рухтун (жандын) башка бир жандуунун (макулуктун) денеси менен жаңыдан бул дүйнөгө келүүсү деген түшүнүк.

Биринчи түшүнүктө өлүмдөн кийин жаңы жашоо башталат. Бул жашоого биз акырет жашоосу деп айтабыз.

Адамдар бул дүйнөдө жасагандарынан жоопко тартылышат, жакшы жана чырайлуу иштерди жасагандар мындай кыймыл-аракеттеринин акыбети катары бейишке кетишет.

Өзүнө жана коомуна зыяндуу болгондор, Алланын буйругуна моюн сунбагандар тозокто анын жазасын тартышат. Бул Ислам дининин түшүнүгү боюнча ушундай.

Иудаизм, Христиандык, Зардуш диндери да ушул ишенимди кабыл кылышат. Бул диндердин түшүнүгүндө адам, бул дүйнөгө бир дене менен бир эле жолу келет, жашайт жана өлөт. кайрадан бул дүйнөгө келүү мүмкүнчүлүгү жок. Мындан ары жаңы жашоо акыретте уланат.



Экинчи түшүнүк болсо, адамдын же болбосо башка жандуунун өлүмүнөн кийин руху (жаны) башка жандуунун денесинде бул дүйнөгө келүүсү жөнүндөгү ишеним. Мындай тура эмес ишенимге Реинкарнация деп аталат.

Француз тилинен келген реинкарнация, өлүмдөн кийин рух жашаган денеден жогору болгон же төмөн болгон башка адам, башка жаныбар же болбосо башка өсүмдүк кейпинде, бир жолу же андан да көп жолу кайрадан дүйнөгө кайтуусу катары аныкталат.

Мындай туура эмес түшүнүктөгү маанилүү болгон нерсе, бул рухтар болуп саналат. Денелер болгону кийим сүяктуу нерселер болуп саналат. Рухтар, дүйнөгө ар бир келишинде башкача жаңы кийим кийишет.

Тарыхы миңдеген жыл мурунку Индия философиясына чейин барып такалган реинкарнация, Азиядан чыккан Индуизм, Будизм, Жаинизм, Сих диндери жана философияларынын таанымал өзгөчөлүктөрү болуп саналат. Рухтун көчүүсү деген ишеним, Индонезия жана Кытайдын көпчүлүк бөлүгү баш болуп, дүйнөнүн кээбир аймактарында жашоосун улантат.

Реинкарнация үчүн адамдан тышкаркы ар бир макулуктун, адамдын денесине жеткенге чейин, түрдүүчө жашоо формасынан өтүүсү керек деген түшүнүккө ишенишет.

Ислам түшүнүгүндө рух (жан), азалий болуп эсептелбейт, ал кийин жаратылган. Өлүм менен бирге денеден чыккан рух, башка денелер аркылуу кайрадан дүйнөгө келбейт. Акыретте дене жаңыдан жаралганда рух кайрадан өз денесине кайтарылат.

Рухтун көчү деген нерсенин жок экендиги Курани Каримде ушул аят менен белгиленет:

"Мүмкүн, мен калтырган дүйнөдө жакшылыктарды иштермин". Жок! Бул өзү айтып келген эле сөз. Алардын артында алар тирилчү күнгө чейин тосмо бар". (Му-минуун, 23/99-100).

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Адамдардын кайрадан тирилтилүүсү менен башталган түбөлүк жашоого, акырет деп аталат. Бул аалам кийин жаратылган жана белгилүү бир убакыттан кийин жок болот. Мындай жок болуунун аты кыямат деп ататлат.

Акыретке болгон ыйманынан улам адам баласы өлгөндөн соң жок болуп кетпестигин билет, өлүмдүн да эмне экендигин түшүнөт. Өзгөчө бул дүйнөдө бактылуу боло албаган, кандайдыр бир адилетсиздикке туш болгондор акыларын кайтарып ала турган күндүн бар экендигинен улам, ушундай ишенимдин натыйжасында адилетсиздикке туш болгондор руханий чымыркануудан жана депрессиядан корунган болот.

Ислам дини өлүм менен байланышкан кайгы-капанын маанисиз экендигин кабарлайт. Жашоо менен өлүмдүн эмне экендигин, өлгөндөн кийин эмне боloорун жана өлүмдүн эмне үчүн пайда болгондугун, эмнеге күн сайын адамадр өлүп тургандыгын ачыктайт. Биздин кайгыларыбыз жана кызыгууларыбызды жойо турган маалыматтарды берет.

Рух; денеден сырткары адамдын манавий тарабын чагылдырган күч болуп саналат. Адамдар өлгөндөн кийин денелери кабырга койулат. Адамдар өлгөндөн кийин белгилүү убакыттан соң тирилет, махшарда чогулат жана ал жерде дүйнөдө жасаган нерселери үчүн жоопко тартылат.

Махшарда ар кимдин амалдары тартыла турган адилеттүү тараза бар, бул таразага Мизан деп айтылат. Ошол өлчөөчү нерсенин натыйжасында эч бир адамдын акысы башка бирөөдө калбайт. Жакшы пенделер бейиште Алланын бүт ырайымынан жана нематтарынан түбөлүк пайдаланышат, дүйнөдө Алланы четке каккандар, Алланын буйруктарын орундатпастан күнөө иш кылгандар болсо, өлгөндөн кийин жазасын алуу үчүн тозокко барышат жана ал жерде күйүшөт. Ыйман келтирип, бирок, Аллага каршы келгендер тообо келтирбей өлүп калса, муну менен кошо илахий кечиримге да туш болбосо, анда өз жазаларын тарткандан кийин гана ыйман келтиргендиги үчүн бейишке кирүүгө уруксат берилет.

Реинкарнация; адамдын же башка жандуунун өлүмүнөн кийин, руху жаңыдан башка бир жандуунун денесинде кайрадан келе тургандыгы жөнүндөгү туура эмес ишеним болуп саналат.

## Бөлүмдү Анализдөө

1. Акырет күнү деген эмне? Ачыктагыла.
2. Акыретке ишенүүнүн пайдаларын айтып бергиле.
3. Өлгөндөн кийин эмне болоорун кыскача түшүндүргүлө.
4. Реинкарнация деген эмне? Ислам түшүнүгүндөгү ордун айткыла.

# Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы акыретке ишенүүнүн пайдаларынан болуп эсептелбейт?**

А) Акыретке ишенген адам өлүмдөн коркпойт.

Б) Акыретке ишенген адам жүрүм-турумдарына көңүл бурат.

В) Акыретке ишенген адам эмне үчүн жаратылгандыгын билет.

Г) Акыретке ишенген адам өлүмдөн көбүрөөк коркот.

Д) Акыретке ишенген адам Алла менен болгон байланышына маани берет.

**2. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы өлүм түшүнүгүнө туура келбейт?**

А) Ар бир жан өлүмдүн даамын татуучу.

Б) Ар бир жандуу өлүмдөн кийин жок болот.

В) Өлүм сабак алына турган керектүү окуя.

Г) Өлүм түбөлүк жашоонун башталышы.

Д) Өлүм жок болуу эмес.

**3. Төмөнкү терминдердин кайсынысы өлүм жана андан кийинкиси менен байланыштуу эмес?**

А) Тозок Б) Махшар В) Мизан

Г) Мукабала Д) Бейиш

**4. Өлүмдөн кийин адамдар жоопко тартылуусу үчүн кайрадан тирилгенде, чогулууга берилген ат төмөнкүлөрдүн кайсынысы?**

А) Мизан Б) Махшар В) Хашр

Г) Бейиш Д) Тозок

**5. Төмөндөгү диндердин кайсынысында Реинкарнация ишеними бар?**

А) Ислам Б) Иудаизм В) Индуизм

Г) Зардушт Д) Христиандык

# IX
# БӨЛҮМ

## ишеним



# ТАГДЫР ЖАНА ЖАЗМЫШКА ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ

1. Тагдыр жана Жазмыш Түшүнүктөрү
2. Адамдын Тагдырга Тиешелүү Кээбир Өзгөчөлүктөрү
3. Курани Каримде Тагдырга Байланыштуу Кээбир Түшүнүктөр

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө;

- Бул бөлүмдө тагдыр жана жазмыш түшүнүктөрү ачыкталып, экөөнүн ортосундагы байланыш изилденмекчи.
- Адам акыл-эси менен, эркин жана жоопкерчилик сезими аркылуу тагдыр менен байланышта болуусу керек. Курани Каримде берилген тагдыр түшүнүгү, ушундай өзгөчөлүктөрдөн улам адамды жооптуу кылат.
- Тобокел (таваккул), ырыскы (рызык), ийгилик жана оору, Курандын тагдырга байланыштырган жана адам менен тагдырдын байланыштарын баалаган түшүнүктөрү болуп саналат.
- Адам кыймыл-аракеттерин эркиндик жана жоопкерчилик сезимдери менен жасайт. Адам менен тагдырдын ортосундагы байланыш, адамдан жоопкерчилик түшүнүгүн толугу менен жокко чыгарбайт. Андыктан, Куран адам баласы өзүнүн жүрүм-турумдарынан жооптуу боloорун белгилейт да, андан милдеттерин так аткаруусун талап кылат.



## ПЛАН

Бул бөлүмдүн соңунда;

1. Тагдыр менен жазмыш кандай мааниге келээрин үйрөнүүгө,
2. Эмне үчүн тагдыр менен жазмышка ишенүү керек экендигин үйрөнүүгө,
3. Алла баардык нерсени бирдей өлчөмдүн жана тартиптин негизинде жараткандыгын ачыктоого,
4. Адамдын тагдыры, эркиндиги жана милдеттеринин ортосундагы байланышты түшүнүүгө,
5. Тагдыр менен жазмыштын глобалдашкан мыйзамдар менен болгон байланыштарын ачыктоого,
6. Тагдыр менен жазмыш маселесине тиешелүү болгон аяттардын котормолорун айтууга,
7. Тагдырдын ырыскы жана тобокел кылуу менен болгон байланыштарын ачыктоого,
8. Тагдырдын ийгилик, кырсык жана оору менен болгон байланышын ачыктоого,
9. Тагдыр менен адамдын милдеттеринин ортосундагы байланышты ачыктоо, жетишесиз.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бөлүмдү окуунун эрежеси;

1. План коюп окуу жана тиешелүү бөлүмдү анализдөө.
2. Бөлүмдө берилген тапшырмаларды аткаруу.
3. Китептин соңунда берилген булактардан пайдалануу.

"...Алланын буйругу – тагдырда бекемделген". (Ахзаб, 33/38).

"...Анын алдында баарынын өлчөмү бар". (Раад, 13/8).

# 1 Тагдыр жана Жазмыш Түшүнүктөрү

- Тагдыр менен жазмышка ыйман келтирүү, ыйык динибиз Исламдын ыйман негиздеринен болуп саналат.
- Адамдын тагдыры, тагдыр жана жазмыштын негизинде таразаланат: "...Алланын буйругу – тагдырда бекемделген". (Ахзаб, 33/38).
- Тагдыр жана жазмышка тиешелүү болгон аяттар, Алланын ааламдагы баардык нерсени белгилеп койгон мыйзамдар түйүнүнүн (сүннөтулла) негизинде ишке ашыргандыгын белгилейт.
- Алла ааламдагы нерселерди бирдей өлчөмдүн негизинде жараткан. Бул өлчөм аларды ырааттуу жана ийкемдүү абалда кармап турат: "...Анын алдында баарынын өлчөмү бар". (Раад, 13/8).

**Кезек Сизде**

"Маңдайга жазганы", "пешене" деген түшүнүктөрдү ачыктагыла.



- Ааламда өзүнөн-өзү пайда болгон эч нерсе жок.
- Ар бир барлык кандайдыр бир пландын, кандайдыр бир программанын, бир тартиптин негизинде жаратылган.
- Адамдын кызыкчылыгына (пайдасына) берилген жер бетиндеги жана астындагы тамак-аштар, адамдын керегине жараган нерселердин баары белгилүү бир өлчөмдө; белгилүү көлөмдө, белгилүү салмакта жана белгилүү жыштыкта жаратылган.
- Калаберсе, ошол нерселердин пайда болушунда себепчи болгон топурак, суу, аба, жылуулук, суук ж.б.у.с нерселер кандайдыр бир өлчөмдүн негизинде болгон. (Карагыла, Му-минуун, 23/18; Хижр, 15/19).
- Ар бир нерсени кандайдыр бир өлчөмдүн негизинде жараткан Алла Таала, ааламдагы ар бир болумушка жана ал жасай турган ишке жараша болгон түзүлүштү, түрдү, өзгөчөлүктү жана жөндөмдүүлүктү да кошо жараткан. (Карагыла. Аала, 87/3).

*Тагдыр:* Өлчөө, белгилөө деген маанилерди түшүндүрөт. Тагдыр Алланын башталгычтан түбөлүккө чейин боло турган ар бир нерсенин өз убактысын, ордун жана өзгөчөлүктөрүн чексиз илими (маалыматы) менен билип туруусу, баалоосу, белгилөөсү дегенди түшүндүрөт. Алла Таала ааламдагы бардык макулуктарды жана окуяларды белгилүү өлчөмгө, тартипке, мыйзамга байлаган. (Камар, 54/49).

"Ал бардык нерселерди жараткан жана белгилеп-өлчөп койгон". (Фуркан, 25/2).

Жазмыш: Буйрук, өкүм, чечим, орундатуу, ченеп жасоо жана жаратуу дегенди түшүндүрөт. Алланын мурунтан тагдыр кылган нерселерди, учуру келгенде жүзөгө ашыруусуна жазмыш деп айтылат.

**Кезек Сизде**

"Ар бир нерсенин өз убагы (тагдыры) бар" деген сөзгө түшүндүрмө бергиле.

- Тагдыр менен жазмышка ишенүү, жакшылык жана жамандык, пайдалуу жана пайдасыз, жандуу жана жансыз сыяктуу баардык нерсенин Алла Тааланын билүүсү, каалоосу, белгилөөсү жана жүзөгө ашыруусу аркылуу пайда болгондугу, Андан башка Жаратуучу жок экендигине ишенүү болуп саналат.
- Тагдыр жана жазмышка ишенүү, негизинен кайырдуу-пайдалуу менен зуяндуунун Алла Тааладан экендигине ишенүү деп ачыкталат.
- Кайыр: жакшылык, жакшы жана пайдалуу иш дегенди түшүндүрөт. Улуу Алланын бизден талап кылган жакшы аракеттери дегенди түшүндүрөт.
- Жамандык болсо жаман, зыяндуу жана пайдасыз иш дегенди түшүндүрөт. Алла жактырбаган, жасообузду каалабаган, туура болбогон аракеттер, жамандык болуп саналат.

Алла Таала пендесинин каалоосуна жараша жакшыны же жаманды жаратат. Ал адамдарга жакшы менен жамандын эмне экендигин көрсөтүүдө, жакшылык кылуубузду жана жамандан алыс болуубузду талап кылат. Өзгөчө Алла Таала жакшылык кылганга сыйлык берээрин, ал эми жамандык кылгандарды да жазаландыраарын апачык айтууда. Бул жерде, жаман деген нерсе Алланын жамандыкты жаратуусу эмес, түрдүү эскертүүлөргө карабастан пенденин жамандыкты каалоосу жана аны тандоосу болуп саналат..



**Кезек Сизде**

"Алла кайырга (жакшыга) ыраазы болот, жаманга наараазы болот" деген сөзгө түшүндүрмө бергиле.



**Текстти Окуу**

**Абу Убайда Муну Сен Айтып Жатасыңбы!?**

Күндөрдүн биринде, Аз. Умар халифа болуп турганда, Шамга (Дамаск) баруу үчүн жолго чыгат. Аны Шамдагы аскер бшчылары тосуп алат да ага Шамда чума оорусу пайда болгондугун кабарлашат.

Аз Умар алдыда турган коркунучтан сактануу үчүн ал жугуштуу оору чыккан жерге баруудан баш тартат. Жандоочуларына артка кайтууга буйрук кылат. Анын мындай чечимине аскер башчыларынын бири болгон Абу Убайда:

–Оо халифа! Эми сен Алланын тагдырынан качып жатасыңбы? Алла ажалыңды ушул оорýга байланыштырган болсо өлөсүң, андай болбосо сизге оорунун эч кандай зыяны тийбейт, деп айтат. Аз. Умар анын бул айтканына таң калып:

–Оо Абу Убайда! Муну сен айтып жатасыңбы? деп сөзүн минтип улайт:

–Ооба.. Алланын бир тагдырынан башка тагдырына качып жатам. Алланын биз жөнүндөгү тагдырын билбегендигим үчүн бул нерсенин (келе турган коркунучтун) алдын алып жатам.

Аз. Умар тагдыр маселесин тагыраак түшүнүү үчүн ага мындай кызыктуу мисал берет:

–Сенин төөлөрүң бар дейли, алар эки капчыгайлуу жайытка жайылса. Капчыгайдын бири отко толгон берекелүү, экинчиси такыр болсо. Сен төөлөрүңдү берекелүү тарабына жайып оттотсоң да Алланын тагдыры менен, такыр жагына жайып оттотсоң да, Алланын тагдыры менен оттотkon болбойт белең? (Ахмад, Муснад, I/18).

**Кезек Сизде**

Жогоруда баяндалган окуяны эске алып, адамдын жоопкерчиликтерин жана тагдыр менен болгон байланышын карап көргүлө.

## 2 Адамдын Тагдырга Байланыштуу Кээбир Өзгөчөлүктөрү

Акыл-Эс


- Адам акыл-эстүү макулук болуп саналат.
- Акыл, жакшы менен жаманды, туура менен туура эмести айырмалай билүүчү жөндөмдүүлүк (өзгөчөлүк).
- Акыл, адамдын жолуна жарык чачкан чырак. Адамга ой жүгүртүү, түшүнүү, маалымат алуу жөндөмдүүлүгүн берет.

- Ой жүгүртүү акылдын эң негизги функциясы. Адам акылы жана түшүнүгү менен өзүн, чөйрөсүн жана жаратканын таанып-билет, жашоонун маанилүүлүгүн түшүнөт. Өзүнүн ким экендигин, эмне үчүн жаратылгандыгын, ааламдагы ордун, өлүм жана андан кийинкиси тууралуу ой жүгүртөт. Бул суроолордун жообун издейт. Дин адамды ойлонууга үгүттөйт, диндин мындай аракетин колдойт жана суроолоруна да жообун сунат.
- Адам акылынын жардамы менен өзүнө жоопкерчилик алат жана Жаратканына кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Адамга диний жоопкерчиликтерди жүктөгөн да бул, анын акылы болуп саналат.
- Адам акылынын жардамы аркылуу адам менен Алланын, адам менен ааламдын жана адам менен адамдын ортосундагы байланыштарды түшүнөт. Ааламдагы ордуна, жоопкерчилигине жараша жүрүп олтурат. Алла ой жүгүрткөн адамдар үчүн Өзүнүн барлыгын тастыктаган нерселерди көрсөтөт.
- Акыл, адамдын жолуна чырак болот.
- Адам өзүнүн ким экендиги, эмне үчүн жаратылгандыгы, ааламдагы орду, өлүм жана өлүмдөн кийинки жашоо жөнүндө акылы менен терең ой жүгүртө алат.

Курани Карим жана Акыл Ээлери



Куранда акылдын ээси болгон адамга кайрылат жана адамга акылын колдонуусун насаат кылат. Анткени, адам жоопкерчилигин алган баардык нерсени акылынын жардамы менен түшүнөт. Ошондуктан, Куран акыл менен терең жана ар тараптуу ой жүгүртүү аркылуу аракет кылгандарды, ой жүгүрткөндөрдү, сабак чыгаргандарды алкыштаган. Акылын жана ой жүгүртүү өзгөчөлүгүнө маани бербей караңгыда жол издегендерди жээриген. (Карагыла. Нахл, 16/12; Бакара, 2/221; Хаж, 22/46; Сажда, 32/9).



**Кезек Сизде**

Акыл эстүү болуу менен тагдыр жана жазмыштын ортосундагы байланыштарды карап көргүлө.

Эркин Болуу

- Адамдын барлыгы менен анын эркиндиги ажырагыс эки элемент катары эсептелинет. Эркиндик, ‘бир нерсе жасоо’ жана ‘бир нерседен баш тартуунун’ ортосундагы чечим болуп саналат. ‘Тандоо’ жана ‘жасоо’ эркин болуунун негизги шарттары.
- Адам эркиндигине жараша жасагандарынан, кылгандарынан жооптуу болот. Адам баласы ээ болгон ар бир укуктун бир жоопкерчилиги да болот.
- Акыретти маанилүү кылган жагдай бул, адамдын эркин каалоосу менен аракет кылуусу болуп саналат. Бул жагдайдын өзүнүн жоопкеерчилиги болот.

Адам үчүн чексиз эркиндик жок. Эркиндиктин бир чеги, аягы болот. Эркиндик белгилүү жерде жана белгилүү учурга таандык. Адам түздөн түз өзүнө тиешелүү абалдарда эркин боло алат. Чексиз жана түбөлүктүү каалоо эркиндиги, бир гана Аллага таандык. Ыйык китептер, пайгамбарлар адамдарды эркиндиктерин жана жоопкер-

чиликтерин сезүүгө чакырган. Анткени, эркиндик адамды бир нерсеге сокур ээрчимеликтен сактайт, муну менен бирге эркиндик, жашоону өөрчүткөн, ага жандуулук берген маанилүү фактор болуп саналат.

### Адамдын Каалоо (Тандоо) Эркиндиги

Алла адамга каалоо жана каалаган нерсесин жасоо күчүн берген. Бул үчүн адамга жоопкерчилик берилген. Алланын буйрук жана тыюларына моюн сунууга милдеттүү болгон. Өзгөчө, Алла адам эмнени кааласа-чечсе, ошону жаратаарын мыйзам катары берген жана муну адамдарга билдирген. Адамдын милдети, бул мыйзамды жакшы таанып-билүүсү жана ага туура келген абалда кыймылдоосу болуп саналат.

**Ой Жүгүртүү**

“Алла ушинтип жазыптыр, маңдайга жазганы ушул экен” деп күнөө иштөө, туура аракет катары эсептелеби? Эмнеге?

Абаны дем алышыбыз, жүрөгүбүздүн согушу, сиңирүү системабыз жана ички органдардын иштөөсү сыяктуу функциялар, автоматтык түрдө ишке ашат. Ата-энебиздин тандоосу, насилибиздин белгиленүүсү сыяктуу абалдар да, биздин тандообуздун сыртында калат. Мындай көрүтүштөрдө эркибиз болбогондугу үчүн, жооптуу да болбойбуз.



### Жакшыны жана Жаманды Тандоо-Чечүү

- Адамдын кыймыл-аракеттери мажбурлоо жана ыктыярдуулук болуп экиге бөлүнөт.
- Адамдын жакшы менен жамандын бирин тандоо эркиндиги бар.

Биз тандоо-чечүү учурунда эч кандай зордоонун таасиринде болбойбуз. Андыктан тандоо-чечүү эркиндигибиз болгондугу үчүн жоопкерчилигибиз да болот.

“Ар бир нерсенин Жаратуучусу Алла болгондуктан, жакшы менен жаманды тандообузда, биздин тандообузду жараткан да Алла Өзү”. (Зумар, 39/62).

**Ой Жүгүртүү**

• Адамдын тагдыры менен эркиндигинин ортосунда кандай байланыш бар?

• Аллынын, ар бир нерсени алдын ала билип туруусу, биздин тандоо-чечүү эркиндигибизди чектейбиз? Эмнеге?

Алланын баардык нерсени алдын ала билүүсү, тандоо эркиндигине ээ болгон адамдын, жете турган баардык натыйжалардан түздөн-түз өзүнүн жооптуу болоору айтылат:

"...Ар ким өзү жасаган иш үчүн суракка тартылат". (Туур, 52/21).

"...(Ар бир жандын) жасаган жакшылыгы – өз пайдасына, ал эми жамандыгы – өз зыйанына болот..." (Бакара, 2/286).

### Алланын Низамы (Тартиби)

Алла Таала ааламдагы баардык нерсени мыйзамына (сүннөтулла) жараша ишке ашырган. Адамдын тагдыры да ушул мыйзамдын чегинде болот. Алланын, адамдан талап кылган нерсеси, бул мыйзамдуулукту жакшы таанып-билүүсү жана бул мыйзамдарга жараша аракет кылуусу болуп саналат. Бирок, эмнени жасоосу керек экендиги, ал эми эмнеден алыс болуусу керек экендигин билген адам, тандоо жана кылгандарынан жооптуу болоорун да билет. Ушуну менен ал туура нерсени жасоонун жана туура эместен качуунун айласында болот.

Адам жакшыны жана жаманды тандоосу: Адамдын жакшыны жана жаманды тандоо жана аны жасоо эркиндиги бар. Кайсы бирин кааласа ошону жасайт, бирок, жасагандарынан да жооптуу кылынат. Алла тандоосуна жараша жакшыны же жаманды жаратат. Анткени, галлактикада бир гана жаратуучу бар, ал да мутлак-толук күчтүн ээси болгон Алла.

"Ар бир инсанга бара турган жолун көрсөткөн". (Нажм, 53/39). Анткени, жолдун ийри болгону да бар. (Бакара, 2/286).



Өзгөчө, Алла жакшылык кылгандарга сыйлык берээрин, жамандык кылгандарга жаза берээрин ачык айткан. Бул жерде жаман болгон нерсе, Алланын жамандыкты жаратуусу эмес, ар түрдүү эскертүүгө карабастан пенденин жамандыкты чечүүсү жана аны жасоону каалагандыгы сөз болот.

**Ой Жүгүртүү**

Алла адамга бир гана жакшылык кылуу же болбосо, бир гана жамандык жасоо жөндөмдүүлүгүн берген болгондо, адамдын жооптуу болуусунун маанилүүлүгү болот беле? Эмнеге?

### Жоопкерчилик

- Инсан: эрктүү, жүзөгө ашыруучу, тандоочу-чечүүчү, айырмалай билүүчү жоопкерчилик жүктөлгөн барлык болуп саналат.
- Жоопкерчилик адам эркиндигинин жана чечиминин натыйжасында пайда болот. Адамдын ааламда жалгыз эрктүү жана жоопкерчиликтүү болуусу, аны ааламдагы башка барлыктардан жогору кылат. (Карагыла. Ахзаб, 33/72).
- Курани Каримде жекече жашоодо болобу коомдук жашоодо болобу, адамдын жоопкерчилигине тиешелүү көптөгөн мисал берилет: Адамга жакшылык жана жамандык кылуу жөндөмдүүлүгү жана жоопкерчилиги берилген (Шамс, 93/8-10). Жоопкерчилик берилген бир да адамга башкасынын жоопкерчилиги жүктөлбөйт (Ан'ам, 6/164). Алла эч кимге өз алынан ашыкча бир нерсе берген эмес (Бакара, 2/286).

Ыйык китебибиз Курани Каримде адамга берилген баардык жагдайлар, ага милдеттерин көрсөтүп турат жана эскертип турат. Анткени, адамга таандык болгондордун баары өзүнө жоопкерчилик жүктөйт (Аалу Имран, 3/13). Андыктан ээ болгон ар бир жөндөмдүүлүктү өз ордуна колдонуу керек. Муну орундатпаган адам; көрүү, ойлонуу, баалоо жана аткаруу механизмдерин иштетпеген, жоопкерчилигин сезбеген адам, Курани Карим тарабынан сынга алынган (Мухаммед, 47/23-24).

Курани Каримде адамдын жоопкерчилиги, ал туш болгон терс мүнөздөгү жагдайлар белгиленген аяттарда алдыга чыгарылып, мындай баяндалат:

“...Алла аларга зулумдук (адилетсиздик) кылган жок! Алар – өздөрүнө-өздөрү зулумдук кылышты!” (Аалу Имран, 3/117).

Адамдын өзүнө туура эмес кылуусу; анын эркин чечимин туура эмес колдонгон болуп, жоопкерчилигин өзүнө алуусу болуп саналат. Бул жерде жол көрсөтүүчү Алла, ал эми буга моюн сунууда же сунбоодо эркин болгон жана жоопкерчилигин өз мойнуна алуучу бул адам.



## 3 Курани Каримде Тагдырга Тиешелүү Кээбир Түшүнүктөр


### Тобокел Кылуу

- Тобокел кылуу; ишеним көрсөтүү, таянуу, өткөрүп берүү деген маанилерди туюнтат. Кандайдыр бир максатка жетүү үчүн материалдык жана манавий болгон баардык себептерди колдонгон соң, Аллага таянып, ишеним көрсөтүү дегенди түшүндүрөт.
- Тобокел кылуу, тагдырга ишенүүнүн натыйжасы болуп саналат.
- Окуялар бир тартиптин жана мыйзамдуулуктун негизинде, себеп менен натыйжанын байланышында болуп өтөт. Адамдар акылы жана эркин чечимдери аркылуу себеп болгон нерселерди таба алышат.
- Урукту сеппей туруп, үрөөн алууга болбойт.
- Аракет кылбай берекет күтүү кыйын б.а аракетке берекет.
- Алланын буйруктарына жана тыюларына моюн сунмайын, бейишке кирүүгө болбойт.
- Тобокел кылган адам өзүнө тиешелүү болгон нерсени жасап, натыйжасын Алладан күтөт: “...Эгер чечим кабыл алган болсоң, анда Аллага тобокел кыл! Алла Өзүнө тобокел кылгандарды сүйөт”. (Аалу Имран, 3/159).

- Алла ыйман келтиргендерди башка макулукка эмес, бир гана өзүнө ишеним көрсөтүүсүн талап кылган (Мааида, 5/11), тобокел кылган адамга Өзү жетиштүү болоорун эскерткен (Талак, 65/3).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз, төөсүн ээн койоберип тобокел кылдым деген бадуин арапка мындай эскертүүнү берген: “Биринчи төөнү байла, андан кийин Аллага тобокел кыл!” (Тирмизий, Кыямат, 60, (2517), IV/668).

- Тобокел кылуу менен жалкоолук жана эринчээктик бири-бири менен такыр байланышпайт. Өзүнө таандык болгонду татыктуу орундатпай туруп “маңдайга жазганды көрөбүз да” деп айтуу туура эмес тобокел түшүнүгү болуп саналат.
- Адам бул ааламда акылга сыйган мыйзамдарга көңүл буруп, иштеп, аракет кылып, себептерге бел байлап, андан кийин Аллага тобокел кылышы керек.
- Адам эмгектенбестен, жалкоолук кылып, өзү жасай турган иштерди Аллага таштап коюсу бул, Аллага тобокел болуп саналбайт.



**Кезек Сизде**

Тобокел кылуунун тагдыр жана адамдын жоопкерчилиги менен болгон байланыштарын ачыктагыла.

Кудайга Ишеним Көрсөткөн Адам;

- Бейпилдикте жана ишенимде болот.
- Коркууларын жана тынчсыздануударын ишенимдүүлүккө айлантат.
- Кыйынчылыктарга карата сабырдуулук көрсөтүп, туруштук берип, күчтүү болуп, үмүтсүздүккө кабылбайт.
- Анткени, ал колунан келгендин баарын аткарып, натыйжасын Аллага койгон болот.

Ырыскы

- Ырыскы бул, жеп-ичүүгө жараган азык, пайдаланылган нерселер дегенди түшүндүрөт.
- Жандуулар үчүн жеп-ичкенге жана пайдаланууга Алла тарабынан берилген ар бир нерсеге ырыскы деп айтылат.
- Бул дүйнөдө адам баласы колдонгон материалдык жана манавий ар бир нерсе ырыскы болгондой эле, акыретте да ага бериле турган, аны бактылуу кыла турган ар бир нерсе ырыскы болуп саналат.
- Алла ар бир макулук сыяктуу эле адамдын да ырыскысын дайындаган. Бирок аны таап жеөө, колго алуу адамга таандык.
- Башкача айтканда, ырыскыны табыш үчүн болгон аракетти жасоо пендеге, ал эми ошол ырыскыны жаратуу Аллага таандык: “Жер бетиндеги бардык жан-жаныбардын ырыскысы – Алладан келет...” (Хууд, 11/6).

- Бул ааламда ырыскыны жараткан жана аны берген жалгыз Алла болуп саналат. Ошондуктан, Алланын көркөм ысымдарынын бири болгон Раззак/ырыскы берген деген ысымы, Куранда бир гана Алла үчүн колдонулган. Ырыскыны берген Алла, ырыскыга муктаж болгондор болсо баардык жандуулар болуп саналат. (Карагыла, Зааriat, 51/58; Саба, 34/39, Му-минуун, 23/72).
- Адам адал жол менен ырыскы табуусу керек. Себеби, Алла Таала, эч качан адамдын арам жол менен ырыскы табуусун каалабайт. Арамдан толугу менен тыят жана арам жегендерди сөссүз түрдө жазасын берээрин белгилейт. Алла адал ырыскы жегенди буйрук кылган, арам болгонду тыйган: “Алланын силерге адал жана таза кылып берген ырыскысынын жегиле...” (Нахл, 16/114).

**Кезек Сизде**

- “Эчким башка бирөөнүн ырыскысын жей албайт. Ар ким өз ырыскысын жейт” деген сөзгө түшүндүрмө бергиле.
- “Пешене тер” жана “иштесең тиштейсиң” деген накыл сөздөрду ачыктагыла.

“Жер бетиндеги бардык жан-жаныбардын ырыскысы – Алладан келет...” (Хууд, 11/6).

### Эмгектенүү жана Ийгилик

Бул ааламда адамдар эмгектеринин пайдасын көрүүсү, Алланын табигый мыйзамдарынан болуп эсептелинет. Эмгектенүү менен ийгиликтин байланышындагы негизги шарт, эмгектенүү болуп саналат. Ушундан улам динибиз эмгектенүүгө үгүттөйт. Ийгиликке жетүү үчүн эмгектенүү керек экендигин айтат.

“Ар бир инсанга жасаган жакшылыгы гана болот (пайдасын берет). Албетте анын эмгеги, натыйжасы жакында көрүнөт. Андан кийин амалы үчүн толук сый менен сыйланат”. (Нажм, 53/39-41).

Эмгектенип ийгиликке жетүү: ардактуу жашоонун ажырагыс шарты болуп саналат. Ошон үчүн ыйык динибиз, дүйнөдөгү жашоонун бекер өткөрүлбөсүн жана ар бир учурду жакшы пайдалануу керек экендигин насаат кылат.

- Ийгилик, адам жасаган ишинде максат кылган натыйжага жетүү болуп саналат.
- Ийгиликке жетүүнүн кээбир ыкмалары жана куралдары бар.
- Ийгилик бир гана адамдын шеними менен эмес, себептерди туура пайдаланып, ишке тиешелүү болгон нерселерди орундатуу менен ишке ашат.
- Эч нерсе жасабай туруп, иштерин дайыма Аллага жана башка адамдарга таштап койгон адамдын ийгиликке жетүүсү мүмкүн эмес.
- Ийгилик, адамдын ишеними жана дүйнө таанымына жараша өзгөрөт.

- Курандын айтуусу боюнча бир гана материалдык түшүнүктө ийгиликтүү жашоо адамдын туура жолдо экендигине далил боло албайт. (Карагыла, Саба, 34/35-37).

Адам эмне үчүн эмгектенсе, аракет кылса, ошол нерсеге жетет. Жакшылыкты тандап, жакшылык кылса жакшыга; жамандыкты тандап, жамандык кылса жаманга жетет. Тандоо жана жүзөгө ашыруунун жоопкерчилиги да адамга тиешелүү болот. (Карагыла, Фуссилат, 41/46). Эмгектин натыйжасында жеткен нерсе ийгилик болуусу үчүн жакшылык, тууралык жана пайдалуу болуунун чектеринин ичинде болуусу керек. Бул чектер акыл жана диндин ортоктош принциптери менен чийилет. Андыктан чыныгы ийгилик, адамды эки дүйнөдө көтөрөт, бактылуулукка жана кутулууга жеткирет. Ийгиликти же болбосо тескерисин табуучу бул адам болгондуктан, натыйжаларына да адам өзү туш болот. Адамды эркин тандоо жана аракеттерине жараша ийгиликке Алла Өзү жеткирет. Бул жагынан алып караганда, ийгилик да тагдыр менен байланыштуу түшүнүк болуп саналат.

**Кезек Сизде**

Ийгиликтин тагдыр жана жазмыш менен болгон байланыштарын ачыктагыла.

Бөөдө Кырсык

- Кырсык; коккустан адам дуушар болгон жана анын мал-мүлкүнө, жанына зыян тийгизген чоң балекеттерге жана кыйынчылыктарга кырсык (мусибат) деп айтылат.
- Кырсык; балекет жана балее деген сөздөр дагы кырсык деген түшүнүктө клдонулат. Мындай түшүнүк (термин), көбүнчөсүн хадистерде жана Ислам аалымдарынын эмгектеринде кездешет.
- Мусибат деген сөз жалпысынан алганда, адамдын таасири болбой туруп пайда болгон кырсыктарды түшүндүрөт.
- Кырсыктар табигый жана коомдук болуп экиге бөлүнөт.
- Кырсык этикалык түшүнүк катары да колдонулган учурлар болот. Жүрөктүн апааты, тилдин апааты сыяктуу адамды жамандыкка түрткөн себептерге апаат деген ат берилген. Булар адамды өөрчүүдө тосколдук болгондугу жана анын манавий жактан балакетке түрткөндүгү үчүн апаат деп аталган.
- Алланын бул ааламда сүннөтулла деп аталган физикалык мыйзамдары бар.
- Ар бир барлык ушул мыйзамдардын чегинде өз функциясын аткарат. Ааламдагы жашоо физикалык мыйзамдардын негизинде болот.
- Адам ушул мыйзамдарды үйрөнүүгө мажбур.
- Жашоо шарттарын жеңилдеткен ар түркүн технологиялык продукциялар да ушул мыйзамдардын чегинде болот.

Табияттагы кырсыктар да ушул мыйзамдардын чегинде болот. Жер титирөө, куюн, сел басуу, жер көчкү ж.б табигый кырсыктардын алдында адамдын милдети кандай болуусу мүмкүн? Адамзат тарыхтан бери туушуккан табигый кырсыктардан сактануу-

нун кээбир жолдорун тапкан. Адам жашап жаткан географиянын абалы жана өзгөчө абалына жараша жайгашууга жана жашоо тартибин курууга мажбур.

Жер титирөө көп болгон жерде жашаган адамдарды ала турган болсок, анын милдети жер титирөөгө туруштук берген жашоо шартын түзүүсү керек. Муну жасабай туруп, жер титирөөдөн улам пайда болгон мал-мүлктүн кыйроосу жана булар аркылуу пайда болгон өлүмдөрдү тагдырга шылтап, милдеттерин көрмөксөн болуусу, туура эмес болуп саналат.

### Адам, Кырсык жана Сабыр

Адам туш болгон ар бир окуядан сабак алуусу керек жана топтогон тажрыйбаларын пайдалануусу керек. Башка табигый кырсыктарда да адамдын жоопкерчилигин ушул чөйрөдө алып карасак болот. Адам өзүнө тиешелүү болгон нерселердин орундаткандан кийин гана бир кырсыктан улам зыянга учураса, бир гана сабырдуу болуп, андан сабак алуусу керек. Ар бир алган сабагы жана камкөрүүсү адамды табигый кырсыктарга карата сак болуусун жеңилдетет.

### Куранда Бөөдө Кырсыктарга (Мусибат) Болгон Көз Караш

Куранда кырсык деген термин кездешпейт, анын ордунда мусибат деген термин берилет. Мусибаттарга да адамдын өзү себепкер болоору баяндалат: “Эгер силерге бир мусибат (кырсык) жетсе, ал силердин колуңар менен кылганыңар үчүн болот. Бирок Ал көпчүлүгүн кечирет”. (Шуура, 42/30). “Эгер аларга өз колдору менен жасагандарынын айынан бир балээ келе турган болсо, анда алар: “Оо, Эгебиз! Эмне үчүн бизге бир пайгамбар жибербедиң? Ошондо айаттарыңа мойун сунуп, момун болоор элек”, – деп айтышат”. (Касас, 28/47).

**Ой Жүгүртүү**

Адам өзүнүн башына түшө турган мусибатка тоскоол боло алабы?

Адам керектүү болгон камкөрүүлөрдү көрүп, алдын алгандан кийин кандайдыр бир мусибатка туш болсо анда сабырдуу болуусу керек экендиги Куранда айтылат. (Бакара, 2/155). Мындай мусибаттардын адамдар үчүн бир сыноо экендиги жана аларга сабыр кылгандыгы үчүн ийгиликке жетээри белгиленет:

> “Биз силерди коркунуч жана ачкачылык сыяктуу нерсе менен, ошондой эле мал-мүлкүңөрдү, жаныңарды, түшүмүңөрдү кемитүү аркылуу сынайбыз. Сабыр кылгандарга сүйүнчүлө!” (Бакара, 2/155).

Алла, пенделерин түрдүү жолдор менен сынап, сабырдуулугун жана шүкүрчүлүгүн сынайт. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз да, ар түрдүү алдын алуудан кийин пайда болгон

мусибаттарга сабыр кылганда анын сыйлыгы баа жеткис болоорун айтат (Карагыла. муслим, Бирр, 14, (45), III/1991).

### Коомдук Кырсыктар (Эрозия)


Табигый кырсыктарды адам алдын алууга жана коргонууга багытталган жоопкерчиликтерди алат. Коомдук апааттарда болсо, кырсыкка түздөн түз себеп болгон бул, адамдын дал өзү болуп саналат. Анткени, жашап жаткан жашоодо кылгандарынан жооптуу болот. Курандагы бул маселеге байланыштуу болгон адамзаттын тарыхынан көрсөтүлгөн баардык мисалдарда; коомдук эрозияларда жана кыйроолордун себепчиси адам экендигин белгилейт.

### Коомдук Мыйзамдар

Коомдук жайлардагы мыйзамдар, тынымсыз уланып турган жана өзгөрбөгөн бул мыйзамдар, тынымсыз өзгөрүп турган дүйнөбүздө, туруктуу баалуулуктар жана принциптерге ишаарат кылат. Куранда бул мыйзамдар сүннөтулла деп айтылат. (Фаатир, 35/43). Куран коомдук мыйзамдар жөнүндө ой жүгүртүүгө, кантип иштээрин үйрөнүүгө жана ага карата аракет кылууга үндөйт: “Алар жер жүзүн кыдырышып жүрүшпөйбү? Ошондо алар өздөрүнөн мурункулардын акыбети эмне болгонун көрүшмөк...”(-Фаатир, 35/44).



Куран кырсыкты да тагдыр ишениминин чегинде карайт. Адам туш болгон баардык кырсыктарда анын жоопкерчилигине ишарат кылат. Адам кандайдыр бир кырсыкка туш болоордон мурун, пайдалуу болгон баардык алдын алууларга кам көрөт жана өз колу менен өзүн коопко таштабайт.



**Кезек Сизде**

Физикалык, биологиялык жана коомдук мыйзамдар менен тагдырдын ортосундагы байланыштарды түшүндүргүлө.

### Адам жана Биологиялык Мыйзамдар

Адам ааламдагы биологиялык мыйзамдарга жараша өмүр сүрөт. Анын саламаттыгы, оорусу сыяктуу, сакайуусу жана өлүмү ушул мыйзамдардын чегинде орундалат. Адам өзүнө таандык милдеттерин толук орундатуусу анын саламаттыгынан көз каранды. Адам оорулардан сактануу үчүн бул мыйзамдарды билүүсү жана ага моюн сунуусу зарыл. Динибиз адамдын руханий, физикалык саламаттыгын сак болуусуна чоң маани берет. Денебиз жана саламаттыгыбыз, Алла тарабынан бизге берилген баа жеткис аманат болуп саналат. Андыктан, адам саламатта болуусу жана өзүн оорулардан коргоосу диний милдет катары эсептелет. Саламаттыгы чың болгон адамдардан пайда болгон коом күчтүү коом болот.

Оору

Куран белгилеген дагдыр түшүнүгүндө, ар түрдүү маселелерде адамдын жоопкерчилиги биринчи орунда турат. Буга байланыштуу ар бир адам руханий жана физикалык саламаттыгынан жооптуу болот. Динибиз алып келген буйрук жана тыюлардын максаттарынын арасында ден-соолуктун сак болуусу да орун алат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз адамдын ден-соолугун сактоонун маанилүүлүгү, ооруп калганда дарылануу керек экендиги жөнүндө эскертүүлөрдү жасаган:

"Алла ар бир оорунун шыпаасын да кошо жараткан". (Муслим, Салам, 26, (69), II/1729).

Адам ооругандан кийин кайрадан жакшы болуу үчүн чараларды көрөт. Оорусун айыктыруучу дарылануу жолдорун издейт. Догдурга барат, дарысын ичет, керек болсо операцияга кирет да аягында шыпаасын Алладан үмүт кылат. Абу Хузаама аттуу сахаба Пайгамбарыбызга: "Биз оорулардан сактанабыз, дуба кылабыз жана дарыланабыз. Мына ушулар тагдырды өзгөртө алабы?" деп сураганда, Ал: "Сактануу дагы, дуба дагы, дарылануу дагы, тагдыр болуп саналат". деген жообун берген. (Ахмад бин Ханбал, Муснад, III/421; Тирмизий, Тыб, 21, (2065), IV/400).

Курани Карим оорунун да шыпаанын да Алладан келээрин эскертип, бул маселеде Аз. Ибрахимдин аракетин өрнөк кылып көрсөтөт: "Мен оорусам, Ал мага шыпаа берет". (Шуара, 26/80). Шыпааны берген Алла деген ишеним оорулууга дем берет жана анын таянычын, сабырдуулугун арттырат. Сакаюусуна жардам берет. Оорулуу адам эч убакта үмүтүн үзбөйт, аягы өлүм менен бүтсө да андан коркпойт. Анткени ал Алладан келгендигин жана кайра Аллага бараарын жакшы билет. (Карагыла. Бакара, 2/156).

Адамдын саламаттыгы, оорусу, жакшы болуусу, өлүмү; мунун баары тагдырдын мыйзам чегеминде болот. Адам менен тагдырдын байланышындагы адамдын жоопкерчилиги өзүнө берилген жоопкерчилигин, милдеттерин орундатуу болуп, ага ушул тууралуу суралат.

**Ой Жүгүртүү**

Ооруну тагдыр ишеними түшүнүгүндө карап көрүү.

"Ар бир жан өлүмдү татат. Андан соң силер Бизге кайтарыласыңар". (Анкабут, 29/57).

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Тагдыр жана жазмышка ыйман келтирүү ыйык динибиз Исламдын негизги ыйман принциптеринин бири болуп саналат. Тагдыр жана жазмышка ишенүү, жакшылык менен жамандык, жакшы жана жаман, жандуу жана жансыз ж.б баары Алланын маалыматы (илими), каалоосу, дайындоосу жана жаратуусу менен болооруна, Андан башка жаратуучунун жок экендигине ишенүү болуп саналат.

Тадыр Алланын башталгычтан түбөлүккө чейинки боло турган ар бир нерсенин убактысын, ордун жана өзгөчөлүктөрүн ченемсиз (түбөлүк) билими менен билип туруусу жана тагдыр кылуусу болуп саналат. Алланын биринчи тагдыр кылган нерселерди убагы келгенде аны жаратуусуна (жүзөгө ашыруусуна) жазмыш деп аталат.

Курани Карим тобокел кылуу, ырыскы, ийгилик, кырсык жана оору деген түшүнүктөрдү тагдыр менен байланыштырат. Бул түшүнүктөрдү адамдын эркиндиги жана милдеттери менен байланыштырып, түшүндүрөт жана токтоосуз адамдын жоопкерчилигин алдыга чыгарат.

Адам саламатта болуусу, ооруп калуусу, сакаюусу, өлүмү кыскача айтканда бүт жашоосу тагдырдын чегинен чыкпайт. Адам менен тагдырдын байланышында адамдын милдети, өзүнө берилген жоопкерчиликтин тапшырмалардын орундатуу болуп саналат.



## Бөлүмдү Анализдөө

1. Тагдыр жана жазмыштын кандай мааниге келээрин айтыңыз.

2. Тагдыр менен жазмышка неге ыйман келтиришибиз керек экендигин түшүндүрүңүз.

3. Адамдын тагдыры менен эркиндиги жана жоопкерчилигинин ортосунда кандай байланыш бар? Түшүндүргүлө.

4. Адам эркиндигине жараша жооптуу болот деген эмнени түшүндүрөт?.

5. Тагдыр жана жазмыштын ааламдашкан мыйзамдар менен болгон байланышын түшүндүрүңүз.

6. Тагдыр жана жазмыш маселесине тиешелүү бирден аят котормосун айтыңыз.

7. Тагдырдын ырыскы жана тобокел кылуу менен болгон байланышын түшүндүрүңүз.

8. Тагдыр, ийгилик, кырсык жана оорунун ортосунда кандай байланыштар бар?

9. Тагдырга байланыштуу терминдер менен адамдын жоопкерчилигинин ортосундагы байланышты түшүндүрүңүз.

# Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Эл арасында маңдайга жазганы деген сөздөр кандай мааниде колдонулат?**

А) Адам кыймыл аракеттерин мажбур түрдө жасайт деген мааниде.

Б) Адамдын жоопкерчиликтүү барлык деген мааниде.

В) Адамдын тагдыры бар деген мааниде.

Г) Адамдын Аллага болгон ишеними деген мааниде.

Д) Адамдын эркиндикке ээ болуусу деген мааниде.

**2. Төмөндө "эркиндик" термини менен байланышкан сүйлөмдөрдүн кайсы бири туура эмес?**

А) Адамдын тандоо жана ишке ашыруу укугу жок болуусу, эркиндиктин негизги принциптеринен болуп саналат.

Б) Алланын баардык нерсени билип туруусу адамдын эркиндигин чектейт.

В) Адам эркиндигине жараша кыймыл-аракеттеринен жоoптуу болот.

Г) Эркиндиктин негизинде Алланын аалам менен болгон мыйзамдары жөнүндө маалыматка ээ болуу.

Д) Эркиндик, аң сезимсиз ишенимдин алдындагы эң маанилүү тоскоолдуктардын бири болуп саналат.

**3. "Чечим чыгаргандан соң эми Аллага таян жана Ага ишеним көрсөт, анткени Алла Өзүнө таянып, ишенгендерди сүйөт" деген аяттагы негизги тема, төмөндөгүлөрдүн кайсынысы?**

А) Аллага болгон сүйүү Б) Дуба В) Жоопкерчилик

Г) Тобокел кылуу Д) Адамдын эрки

**4. Курани Карим төмөнкү терминдердин кайсы бирин адамдын тагдыр менен болгон байланышы жагынан алып карабайт?**

А) Оору Б) Ийгилик В) Такыбаалык

Г) Кырсык Д) Ырыскы

**5. Төмөнкүлөрүн кайсынысында жазмыштын аныктамасы жалпы түрдө берилген?**

А) Алланын мурунтадан билип, тагдыр кылган нерселердин убактысы келгенде жүзөгө ашуусу болуп саналат.

Б) Алланын бүт баарын билип тагдыр кылуусу.

В) Алланын, ааламдагы ар бир нерсени белгилүү тартиптин жана өлчөмдүн негизинде жаратуусу.

Г) Адамга күтүүсүздөн туш болгон окуялар.

Д) Адамдын өз эрки менен кыла турган иштерге чечим чугаруусу.

# Жооптор

## I БӨЛҮМ

1- А, 2- В, 3- Б, 4- Г, 5- Г

## II БӨЛҮМ

1- Д, 2- А, 3- Д, 4- А, 5- Б

## III БӨЛҮМ

1- В, 2- В, 3- Б, 4- Г, 5- Д

## IV БӨЛҮМ

1- А, 2- В, 3- Г, 4- Б, 5- А

## V БӨЛҮМ

1- А, 2- В, 3- В, 4- Д, 5- Г

## VI БӨЛҮМ

1- В, 2- Г, 3- А, 4- Г, 5- А

## VII БӨЛҮМ

1- Г, 2- А, 3- Б, 4- В, 5- Г

## VIII БӨЛҮМ

1- Г, 2- Б, 3- Г, 4- Б, 5- В

## IX БӨЛҮМ

1- В, 2- Б, 3- Г, 4- В, 5- А

**Колдонулган Булактар**

Akseki, A. Hamdi. *Ahlâk İlmi ve İslâm Ahlâkı*. Ankara: Nur Yayınları 1991.

Akseki, Ahmet Hamdi. *İslâm Dini*. Ankara: Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları 1975.

Ateş, Süleyman. *Kur'an Prensipleri*. İstanbul: Yeni Ufuklar Neşriyat 1996.

Aydın, Ali Arslan. *İslâm İnançları ve Felsefesi*. Ankara: Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları 1964.

Aydın, Ali Arslan. *İslâm'da İman ve Esasları*. İstanbul: Hisar Yayınevi 1982.

Bilmen, Ömer Nasuhi. *Büyük İslâm İlmihâli*. Ankara: Bilmen Basım ve Yayınevi 1992.

Buhari, *el-Edebü'l-Müfred*. 1/67 Çev: A.Fikri Yavuz. İstanbul: Sönmez Yayınları 1979.

Çakan, İsmail Lütfi, N. Mehmed Solmaz. *Kur'an-ı Kerim'e Göre Peygamberler ve Tevhid Mücadelesi, I-III*. İstanbul: Ensar Neşriyat 1998.

Çubukçu, İ. Agah. *İslâm'da Ahlâk ve Vazifeler*. Ankara: Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları 1974.

Demir, Rıza. (1991). *Dini ve Milli Şiirler Antolojisi*. Ankara: TDV Yayınları: Diyanet Dergisi, Kasım 1999.

Gölcük, Şerafettin. *Kur'an'da İnsanın Değeri*. İstanbul: Zafer Matbaası 1983.

Güç, Ahmet. *Satanizm: Şeytana Tapınmanın Yeni Adı.* Ankara: Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları 2004.

Gündüz, Şinasi. *Din ve İnanç Sözlüğü,* Ankara: Vadi Yayınları 1998.

Harman, Ömer Faruk. "İncil", XXII, 270-276, *TDV İslâm Ansiklopedisi*. İstanbul 2000.

Hökelekli, Hayati. *Din Psikolojisi*. Ankara: Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları 1983.

http://tdk.org.tr/tdksozluk/sozara.htm

İmam-ı Gazali, *Varlıkların Yaratılış Hikmetleri*. Çev: H. Akarsu - M. Sıradağ. İstanbul 1971.

İmam-ı Gazali. *Esmâ-i Hüsnâ Şerhi: El-Maksadu'l-Esna Şerhu Esmâi'l-Hüsnâ*, Çev. M. Ferşat (Cennetlik). İstanbul: Eskin Matbaası 1972.

Izutsu, Toshihiko. *Kur'an'da Allah ve İnsan.* Çev: Süleyman Ateş. İstanbul: Yeni Ufuklar Neşriyat.

Kandemir, M. Yaşar. *Meleklere İnanıyorum.* İstanbul: Damla Yayınevi 2000.

Kırca, Celal. "Kitab", 439, "Kur'an", 448-449, "Vahy", 719-720, *İslâmî Kavramlar.* Ankara: Sema Yazar Gençlik Vakfı Yayınları: 2 1997.

Kırca, Celal. (1997). "Kader", 410-412, "Kaza", 425-426, "Afet", 15-16, *İslâmî Kavramlar*. Ankara: Sema Yazar Gençlik Vakfı Yayınları: 2.

Komisyon. *İlmihal, İman ve İbadetler (I), İslâm ve Toplum(II), I-II.* İstanbul:Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları 1999.

Komisyon. *İlköğretim Din Kültürü ve Ahlâk Bilgisi Dersi Öğretmen Kılavuzu 5*. İstanbul: Milli Eğitim Basımevi 2002.

Komisyon. *Dini Kavramlar Sözlüğü*. Ankara: Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları 2006.

Kur'an Kursları Öğretim Programı: Yüzünden Okuyanlar İçin. Ankara 2004.

Malik, *el-Muvatta*. İstanbul: Çağrı Yayınları 1982.

Özcan, Mehmet Tevfik. *Ruhi Bunalımlar ve İslâm Ruhiyatı*. Ankara: Santral Yayınevi 1985.

Pazarbaşı, Erdoğan. *Kur'an ve Medeniyet, Doğuşu-Gelişimi-Çöküşü*. İstanbul: Pınar Yayınları 1996.

Peker, Hüseyin. *Din Psikolojisi*. Samsun 2000.

Polat, Selahattin. "Hastalık", 297-299, *İslâmî Kavramlar*. Ankara: Sema Yazar Gençlik Vakfı Yayınları: 2 1997.

Sabunî, Nureddin. *Mâturîdiyye Akaidi*. Çev: Bekir Topaloğlu. Ankara: Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları 1979.

Sofuoğlu, Mehmet (Çev). *Sahih-i Müslim ve Tercemesi*, İstanbul: İrfan Yayınevi 1966.

Şentürk, Lütfi ve Yazıcı, Seyfettin. *İslâm İlmihâli*. Ankara: Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları 2004.

Şimşek, M. Sait, *Yaratılış Olayı*. İstanbul: Beyan Yayınları 1998.

Toksarı, Ali. "Tevekkül", 699, İslâmî Kavramlar. Ankara: Sema Yazar Gençlik Vakfı Yayınları: 2 1997.

Tunç, Cihat. *Sistematik Kelâm*. Kayseri: Erciyes Üniversitesi Yayınları 1994.

Tunçalp, Enver. *İnandım İman Ettim*. Ankara: Şark Matbaası 1974.

Ulutürk, Veli. *Kur'an-ı Kerim'de Yaratma Kavramı*. İstanbul: İnsan Yayınları 1995.

Vergote, Antoine. *Din, İnanç ve İnançsızlık: Psikolojik İnceleme*. Çev: Veysel Uysal. İstanbul: Marmara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Vakfı Yayınları 1999.

Yavuz, Kerim. *Çocukta Dini Duygu ve Düşüncenin Gelişmesi: 7-12 Yaş*. Ankara: Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları 1987.

Yavuz, Yusuf Şevki. "Kader", *TDV İslâm Ansiklopedisi*. İstanbul: XXIV, 58-63 2001.

Yazıcı, Seyfettin. *Temel Dini Bilgiler: İtikat, İbadet, Ahlâk, Siyer*. Ankara: Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları 1995.

Yurdagür, Metin. *Allah'ın Sıfatları: Esma'ül Hüsna*. İstanbul: Marifet Yayınları 1984.